Бектемирова А.К., Карасартова Ч.Ж., Жумабаев М.Э.,
Бекбоева А.К., Иманкулов М.К.

# ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

## 8-КЛАСС

Жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек – 2024

УДК 373.167.1:2
ББК 86.2 я 721
Д 46

**Бектемирова А. К.** ж. б.

Д 46 **«Диндердин өнүгүү тарыхы»:** 8-кл. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китеби. /Бектемирова А.К., Карасартова Ч.Ж., Жумабаев М.Э., Бекбоева А.К., Иманкулов М.К. – Б.: Учкун, 2024. – 160 бет.

ISBN 978-9967-17-208-1

«Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китеби жалпы орто билим берүү уюмдарынын окуу программасына ылайык иштелип чыкты. Бул окуу китеби дүйнөлүк диндердин тарыхын, өнүгүүсүн, баалуулуктарын жана адамзат коомуна тийгизген таасирлерин камтып, окуучулардын коомдогу диний процесстерге карата сынчыл жана толеранттуу көз караштарын калыптандырууну көздөйт. Окуучулар башка предметтерден алган билимдерин да пайдалануу менен ар бир дүйнөлүк диндеги адеп-ахлактуулук идеалдарды, өзгөчөлүктөрдү, жалпылыктарды жана айырмачылыктарды талдай билүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китебинин мазмуну светтик жалпы билим берүүнүн талаптарына, Кыргызстандын тарыхына жана маданиятына адаптацияланган.

Иллюстрациялар интернет булактарынан алынды.

**УДК 373.167.1:2**
**ББК 86.2 я 721**

ISBN 978-9967-17-208-1

© Автордук жамаат, 2024
© Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги, 2024

# КИРИШҮҮ

***Кымбаттуу окуучулар!***

Дин адамзаттын жашоосунда өзгөчө маанилүү, ал руханий маданияттын бир бөлүгү жана формасы катары саналат. Алгачкы диний аң-сезим пайда болгондон баштап соңку мезгилдерге чейин ал адамзат үчүн ой жүгүртүүлөрдүн, кабыл алуунун мазмунун аныктап, дүйнө таанымдын түрү катары да калыптанган. Дин жеке инсандын гана курчап турган дүйнөнү таануусуна, ой жүгүртүүлөрүнө, кабыл алуусуна тийгизген таасири менен эле чектелбестен, жалпы адамзат тарыхынын өнүгүү процессинде өзгөчө орунду ээлейт жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндө анын ролу зор.

Азыркы учурда деле дин дүйнө тааным катары да, маданияттын бир бөлүгү катары да баштапкы мааниси менен ролун жогото элек жана күнүмдүк жашообуздагы практикалык ишмердүүлүгүбүзгө түз же кыйыр түрдө таасирин тийгизип турат. Диний ишенимден сырткары болгон күндө да, коомдун мүчөсү катары баары бир ар бир инсан динге байланыштуу процесстерге аралашууга аргасыз болот. Анткени дүйнөлүк маданиятта, адабиятта, көркөм чыгармаларда, искусстводо, саясатта жана адамдык этикалык баалуулуктардагы жетишкендиктер диний баалуулуктардын алкагында өнүккөндүгү белгилүү.

Ошондой эле азыркы учурдагы дүйнөдөгү ааламдашуунун шартында түзүлгөн кырдаал ар кандай диний каада-салттардын бири-бири менен алакалашуусуна алып келди. Бул болсо кээ бир учурларда алардын ортолорундагы карама-каршылыктарды пайда кылса, кээде алардын кызматташуусуна шарт түзүүдө. Мына ушундай шартта дин феноменин толук түшүнүү үчүн бүткүл дүйнө элдеринин диний маданиятынын өнүгүү тарыхы, диний каада-салттары менен таанышуу зарыл экендигин мезгил өзү күн тартибине койду.

Силердин колуңардагы окуу китеби «Диндердин өнүгүү тарыхы» деп аталат. Бул китепте дүйнөлүк диндердин тарыхы, диний окууларынын мазмуну, культтарынын өзгөчөлүктөрү жана ал диндердин ичиндеги негизги багыттар камтылган. Дүйнөлүк диндердин окууларынын окшоштуктары, айырмачылыктары жана өзгөчөлүктөрү,

алардын тарыхый баалуулуктары каралган. Дүйнөлүк диндердин келип чыгуусунун жана кеңири таркалышынын себептери көрсөтүлгөн.

Бул сабак дүйнөлүк диндердин тарыхы боюнча фундаменталдуу түшүнүктөрүңөрдү кеңейтүү менен гана чектелбейт. Силер окуп жаткан материалдар талдоо жүргүзүүнү, өзүңөрдү өнүктүрүүнү жана чыгармачылык көндүмдөрүңөрдү калыптандырууну көздөйт. Андыктан окуу китеби кошумча маалыматтык тексттер, кызыктуу баяндар, схемалар, иллюстрациялар, таблицалар, бышыктоочу суроолор жана тапшырмалар менен жабдылган.

Бул китеп дин маданиятынын жетишкендиктерин өздөштүрүүгө гана жардам бербестен, ар кайсы элдердин ата-бабаларынын ой жүгүртүүлөрүн, ырым-жырымдарын, үрп-адат, каада-салттарын жана ар кандай диний концепцияларды түшүнүүгө да өбөлгө түзөт деп үмүттөнөбүз. Ошону менен бирге эле коомдогу тынчтык менен ынтымакты камсыз кылуу үчүн окуучуларды өз ара урматташууга жана алакада болууга негизделген көп түрдүү этностук жана диний чөйрөдө өзүн алып жүрүү жөндөмдөрүнө тарбиялоо актуалдуу маселелерден экендигин баса белгилейбиз.

Силерге окуудагы ийгиликтерди каалайбыз!

**Авторлор**

## § 1. Буддизм жөнүндө түшүнүк

**Негизги түшүнүктөр:**
Сиддхартха Гаутама, Будда, теология, гуманисттик

**Эстегиле!**
Көп кудайларга ишенүү илимде кандай аталат? Байыркы дүйнөдө кайсы элдер көп кудайларга ишенишкен?

**Буддизм – дүйнөлүк дин.** Буддизм – ислам жана христиан диндеринин катарындагы дүйнөлүк дин. Азыркы учурда 520 миллиондон ашык жолдоочусу менен дүйнөдө төртүнчү орунда турган эң чоң диндердин бири. Алар дүйнө калкынын 7%нан ашыгын түзөт. Буддисттердин басымдуу бөлүгү (87% же 408 миллион) Азияда жашайт.

Төмөнкү сегиз өлкөдө алар көпчүлүктү түзөт, алардын ичинен беш мамлекетте мамлекеттик дин болуп саналат. Буддизм дини Кытай, Япония, Корея, Тибет, Вьетнам, Индия, Таиландда, мындан тышкары Түндүк жана Латын Америкасында, Европа, Океания, Африкада кеңири таркаган.

- Камбоджа (мамлекеттик дин)
- Таиланд (мамлекеттик дин)
- Мьянма (мамлекеттик дин)
- Лаос (мамлекеттик дин)
- Бутан (мамлекеттик дин)
- Шри-Ланка
- Вьетнам
- Монголия



Буддисттердин керемети.
Махабодхи храмы салттуу индиялык стилде курулган. Ал ушул күнгө чейин сакталып калган эң байыркы кыш имараттардын катарына кирет. Дал ушул жерде Гаутама Сиддхартха арууланууга жетип, Будда болуп калган деп эсептелет.

Россияда буддизм динин буряттар, калмактар, тувалар ж.б. айрым элдер салттуу түрдө тутунушат.

**Буддизмдин пайда болуу себептери.** Дүйнөлүк үч диндин ичинен буддизм – эң байыркысы. Буддизм б.з.ч. VI кылымда Индияда пайда болгон. Анын келип чыгуусу ошол учурдагы тарыхый кырдаал менен тыгыз байланыштуу болгон, алсак:

- коомдук турмуштун түптөлгөн негиздеринин кыйроосу;
- социалдык топтордун ортосундагы карама-каршылыктардын күч алышы;
- калктын этникалык курамынын ар түрдүүлүгү менен татаалдашкан касталардын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу;
- экономикалык жана маданий кризистер менен коштолгон руханий кризис. Брахманизмдин алсызданышы.

Ал учурда Индияда бирдиктүү мамлекет түзүү процесси жүрүп жаткан. Б.з.ч. II миң жылдыкта Индиянын аймагында байыркы веда ишеними пайда болгон. Б.з.ч. I миң жылдыкта ведизм брахманизм болуп өзгөргөн. Брахманизм касталык түзүлүштү ыйыктаган. Анын практикалык культтары менен жөрөлгөлөрү кыйла татаал болгон. Ошондуктан брахманизм дин катары адамдардын руханий ишенимдерин канааттандыра албай калган. Анын мааниси төмөндөп, көпчүлүктүн колдоосунан ажырай баштаган.

Мындай кризистик абал брахманизмден чыгуунун жолун издөөгө түрткү берген. Натыйжада мурдагы ишенимдерге каршы багыттагы жаңы диний-философиялык окуулар пайда болгон. Алардын айрымдары көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп, кеңири жайылган. Буддизм да ушундай тарыхый шартта ошол изденүүлөргө жооп катары келип чыккан. Жаңы пайда болгон буддизм кастага да, тапка да карабастан, бардыгынын тең укуктуулугун жар салган. Ошого байланыштуу ал түзүлгөн мезгилинде эле абдан популярдуу дин катары кабыл алынган.

**Сиддхартха Гаутама – буддизмдин негиздөөчүсү.** Буддизмдин пайда болуусу түздөн-түз Сиддхартха Гаутаманын жашоосуна жана окуусуна байланыштуу. Ал Индиянын түндүгүндөгү чакан княздыкта Шакья падышасынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Аны Будда Шакьямуни же Шакья уруусунан чыккан акылман деп да аташкан.

**Сиддхартха Гаутаманын төрөлүшү.**



Ыйык жазмаларда Сиддхартха май айынын түнүндө төрөлгөндүгү айтылат. Анын төрөлүшү ата-энеси үчүн алардын акыркы үмүтү эле. Алар өлкөнү жок болуп кетүүдөн сактап кала турган тактынын мураскору төрөлдү деп аябай сүйүнүшкөн. Наристе төрөлгөндөн кийин эле дароо ордунан туруп, адамдарды азаптан куткаруу үчүн келгенин жарыялайт. Андан кийин ал дүйнөнүн төрт негизги багытынын ар бир тарабына бир нече кадам жасаган.

Жаш чагы хан сарайда салтанат менен өткөн. Ханзаада үчүн ар кандай оюн-зооктор уюштурулган. Анын билим алуусуна да эң жакшы шарттар түзүлгөн. Гаутама бардык өнөрдү жана билимди тез өздөштүргөн. Ата-энеси уулун тышкы дүйнөнүн жамандыктарынан коргоого умтулушкан. Сиддхартха 16 жашында үйлөнүп, бир нече жылдан кийин балалуу болгон. Аны сарайдын сыртындагы көрүнүштөр дайыма кызыктырып келген. Ханзаада 29 жашка чыкканда сарайдан жашыруун сыртка чыгып келүүгө үлгүргөн. Сыртка чыккан учурунда мурда кездештирбеген, бирок жашоодогу кадимки терс көрүнүштөрдү баамдаган. Алсыраган карыяны, оорукчан, азап-кайгыга баткан адамды, андан соң дербишти, акырында өлгөн адамды кездештирген. Ханзаада жашоодо оору, карылык, азап-кайгы, өлүм ж.б. жамандыктар бар экенин билген. Ошондон баштап адамдарды азап чегүүдөн куткарууну алдына максат кылып койгон.



Гаутаманын таманынын астында кооз гүлдөр өсүп, кийинчерээк ал гүлдөр «лотос» деп аталып калган. Билермандар ханзааданын улуу келечеги бар деп болжолдошкон. Ал эми көзү ачыктардын бири ханзаада падыша же олуя боло алат деп айткан.

Жек көрүүдөн өткөн адашуу жок жана сабырдан жакшы эч нерсе жок. Ошондуктан мен ар дайым жана бардык жерде сабырдуу болууга аракет кылам.

*Сиддхартха Гаутама*

**Гуатаманын айткандары бүгүнкү күндө да маанилүүбү?**

Бакубат жана жыргал жашоонун сырын табуу үчүн үй-бүлөсүн таштап, биротоло сарайдан чыгып кеткен. Ал узак жылдар бою ар кайсы акылманды ээрчип, жер кезип жашаган. Бул мезгилдерде көптөгөн диний-философиялык окуулар менен терең таанышууга үлгүргөн. Бирок канчалаган убактысы корогону менен өзү издеген суроолорго жооп таба алган эмес. Акыры мындай жашоодон тажаган соң, өз алдынча обочолонгон аскеттик жашоого өткөн. Руханий изденүүдөгү натыйжаларын жакшыртуу үчүн дене көнүгүүлөрүн, йоганы жана медитацияны да практикалаган.

Акыры көп жылдык изденүүлөрдүн натыйжасында Гаи шаарына жакын аймакта жашоонун акыйкатын табууга жетишкен. Бул окуя медитация учурунда болуп өткөн. Анда ал «арууланган» абалына жетип, Буддага айланган. Мына ошондон соң ал эл арасына кайтып келип, өзүнүн окуусун жайылта баштаган.



Жер кезип жүрүү ханзаада үчүн абдан оор болгон. Бирок ал акыры алты жылдык изденүүдөн соң өз максатына жете алган. 35 жашында ал Бодхгая дарагынын түбүндө адаттагыдай эле медитация кылып отурган. Медитация башталгандан 49 күн өткөндөн кийин «арууланую» (олуялыкка жетүү же касиетке ээ болуу) абалына жеткен. Андан соң өмүрүнүн кийинки 45 жылын Будда өзүнүн окууларын таратууга жана монастырдык жамаатты (сангха) түзүүгө арнаган. Ал өзүнүн үгүт-насааты менен шаарларды жана айыл-кыштактарды кыдырган. Акырындап анын жолун жолдоочулар көбөйгөн. Анын окуучулары өздөрүнүн насаатчысы, жол башчысы болгон Сиддхартха Гаутаманы Будда деп атап калышкан.

**Силер кандай ойлойсуңар? Эмне үчүн Сиддхартха Гаутама өзүнүн жыргал жашоосунан баш тарткан? Силер анын ордунда болгондо кандай кылмаксыңар.**

Гаутаманын бир нече аты болгон, алсак:

- Джина – эркин;
- Саттхадева-Мануссанам – адамдар жана кудайлар үчүн чындыкты окутуучу;
- Саммасамбуддхо – толугу менен арууланган;
- Локавиду – ааламдарды билгич;
- Арахам – урматтоого жана сыйлоого татыктуу;
- Виджья-чарана-сампано – улуу билимдин жана идеалдуу мүнөздүн ээси.

Бирок ал биринчи кезекте Будда катары кеңири белгилүү.

**Эсиңерге туткула!**

Будда – буддизм дининин негиздөөчүсү – Сиддхартха Гаутама. Будда – анын жолдоочулары тарабынан коюлган лакап аты. Бул анын туура жолду тапканын, ой жүгүртүүсүн, бакытка жеткенин жана азап тартуудан куткарылгандыгын билдирет.

**Буддизм дининин өзгөчөлүгү.** Буддизм окуусунун мазмуну жана маданиятка тийгизген таасири боюнча башка диндерден кыйла айырмаланып турат. Адатта дин дегенде адамдардын кандайдыр бир табияттан тышкаркы күчтөргө, жаратуучу Кудайга ишенерин билебиз. Ал эми буддизм дининин бирден-бир өзгөчөлүгү – анда Кудай түшүнүгү жок. Башкача айтканда, ааламдын жаралуусу жана андагы процесстер кудайларга көз каранды эмес. Табияттагы өзгөрүүлөр, жандуу нерселердин жашоосу ж.б. ааламдын өнүгүү мыйзамдарына баш иет. Окууларындагы ушул өзгөчөлүгүнөн улам буддизм «Кудайы жок дин» деп да айтылат. Анын окуусунун маңызы адамдын рухий өзүн-өзү өркүндөтүүсүнө багытталган.

Будда өзү дагы Кудайга ишенүүгө чакырган жок жана ал жөнүндө эч качан айткан дагы эмес. Ал өзүнүн окууларында «Кудайдын табияты» жөнүндөгү суроолорго сүңгүп кирген эмес. Ага сүңгүп кирүү талаш маселени жаратып, адамдарды туура жолдон алаксыта тургандыгын айткан. Ал адамдарга, азаптан кантип кутулуу керектигин гана үйрөткөн.

**❁ Силер кандай ойлойсуңар? Кудайдын бар же жок экендиги эмне себептен талаш маселени жаратат? Азыркы күндө бул маселеде талаш-тартыш барбы?**

Ошондуктан буддизм дини «теологиялык» эмес, нукура гуманисттик диний окуу болуп саналат. Бул диндин окуусунун борборунда адамдын акыйкатты таанып-билүүсү башкы мааниге ээ.

**Теология** (Кудай жөнүндөгү окуу) – диний окууну системалык түрдө талдоо жана талкуулоо, бардык диний ишенимдердин курамындагы диний окуу жана билим берүү системасы.

Буддизм – бир катар оригиналдуу окууларга негизделген, бир эле учурда:

дин – философия – идеология – маданий компромисс – жашоо образы

катары да каралат. Буддисттер жашоонун түпкү максаты, өздөрү түшүнгөндөй, «арууланууга» жетүү деп эсептешет. Алар буддалар менен аруулангандарга сыйынышат.

Буддизмдин дагы бир өзгөчөлүгү – түрдүү элдердин калыптанган маданий салттарын бузбоого жана алар менен аралашып кетүүгө умтулуусу. Ал бардык жерде жергиликтүү маданият менен терең жуурулушуп, жергиликтүү шарттарга ыңгайланышып кете алган. Ар бир аймакта өзүнүн буддалык символикасы, ырым-жырымдары ж.б. салттары калыптанган. Буддисттер башка ишенимдегилерге сый-урмат менен мамиле кылышат.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Сиддхартха Гаутама – бул ...
- Будда – бул ...
- Теология – бул ...
- Гуманисттик – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Буддизм качан жана кайсы жерде пайда болгон?
2. Анын пайда болуусунун себептери эмнеде?
3. Буддизмдин негиздөөчүсү ким болгон жана ага эмне үчүн Будда деген ат берилген?
4. Эмне себептен буддизм «Кудайы жок дин» деп да айтылат?
5. Буддисттер үчүн жашоонун түпкү максаты эмнеде?
6. Төмөндөгү берилген буддисттик аңыз кепти окуп чыккыла, айтып бергиле.

**Будда жөнүндө аңыз кеп**

**Өзүңөргө кайрып алсаңар болот.** Бир күнү бир нече адам биригип алып Будданы жаман сөздөр менен аёосуз кордой башташты. Будда болсо аларга эч нерсе дебестен унчукпай, абдан жайбаракат угуп турду. Ошондон улам алар өздөрүн ыңгайсыз сезишкен. Алардын бири Буддага мындай деп кайрылды: «Биздин айткан сөздөрүбүз сени капа кылган жокпу? Сага эч кандай таасир берген жокпу? Сен эмнеге унчукпайсың», – деди? Будда мындай деп жооп берди: «Мени шылдыңдоо – силердин өз ишиңер, аны өзүңөр чечесиңер, ал эми сенин кемсинтүүлөрүңдү кабыл алуу же кабыл албоо – менин ишим. Мен силердин жаман сөздөрүңөрдү кабыл алуудан баш тартам, аларды кайра өзүңөргө кайрып алсаңар болот».

## § 2. Буддизмдин негиздери

**Негизги түшүнүктөр:**
Төрт асыл чындык, сегиз жол, Дхармачакра, карма, сансара, нирвана, дхарма, Трипитака

**Эстегиле!**
Буддизмдин дүйнөлүк динге айланышынын себеби эмнеде?

**Будданын окуусу жана жашоо ыңгайы.** Сиддхартха адамдар жашоосунун көпчүлүк убагында кумарлар жана каалоолор менен алек болот. Ошондуктан алар дүйнөдө бар нерселердин шарттуу экендигин түшүнө алышпайт деп эсептеген. Гаутама өзүн-өзү түшүнүүгө жөндөмдүү адамдар бар. Андай адамдар али жашоонун кумарына берилбеген адамдар деп ишенген. Буддизмде эч кандай мистика жок. Анда адамдын акылы кандай иштей тургандыгы жөнүндө гана түшүнүк бар. Будда шакирттерине өзү башынан өткөргөндөрдү жана өзү негиздеген окууну үйрөткөн. Будданы ээрчигендер «абсолюттук чындык» же «Кудайдын касиеттери» ар бир тирүү жандыкта бар деп санашат. Ал биздин аң-сезимибиздин негизи деп баамдашат. Алар бул чындыкты Будданын табияты деп аташат. Ошону менен бирге эле аң-сезимин тазалаган ар бир адам Будда боло алат деп ойлошот.

Будданын окуусунун өзөгүн төрт асыл чындык түзөт:

1. Жашоонун өзү азап. Адамдын жашоосу азапка толгон.

2. Азаптын себеби – адамдын каалоосу же жыргалга умтулуусу.

3. Азапсыз жашоого болот.

4. Азаптан кутулуунун жолдору бар.

Буддизмде бул принциптер – материалдык жана руханий жактан азап тарткан адамдарга сунушталган жашоонун негизги чындыктары. Анын башкы идеясында бардык терс ойлорду жана ашыкча каалоолорду четке кагуу негизги акылмандык катары каралат.

Сиздин жаныңыз бар, бул – эң негизги нерсе. Калган нерсенин бардыгы – убаракерчилик жана түшүнбөстүк. Ал денеде жашайт жана жакшырат же жакшырбайт. Ал өз каалооңо жараша болот. Жашоо өзүңдү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү экенин түшүнгөндө гармонияга, эң жогорку нурга, нирванага жетесиң. А эгерде муну түшүнбөстөн майда-чүйдө нерселерге азгырылсаң, дүйнөлүк энергияны ысырап кыласың.

Буддизм адамдын ар бир кылган иши өзүнө кайтып келет. Бардык аракеттер өз жообун алып, кармага из калтырат деген чындыкты айтат. Буддизмдин идеяларында жанды сактап калуу үчүн сегиз жолду кармануу керек деп айтылат. Чындыкты түшүнүүнүн сегиз жолу төмөндөгүдөй:

1. Дүйнөнүн азапка толгонун түшүнүү.

2. Өзүмчүлдүккө негизделген кумарларды жана каалоолорду чектөө.

3. Сөздү абайлап айтуу – буддизмдин канондорунда сөз жаман болбошу керек.

4. Жакшы иштерди кылуу жана жаман иштерден алыс болуу.

5. Курчап турган дүйнөгө зыян келтирбестен туура жашоо.

6. Жакшылыкка аракет кылуу – ачуулануудан, ач көздүктөн, текеберликтен арылуу.


7. Эстүүлүктү өнүктүрүү – ыплас жана жаман ойлордон алыс болуу.

8. Ойду топтоону өнүктүрүү – толук тынчтыкты сезгенге чейин медитация жасоо.

Будда өмүрүнүн акырына чейин ошол жолдорду карманып жүрүүнү үйрөткөн. Будданын окууларынын асыл сегиз жолу «Ортоңку жол» деп да аталат. Бул жолдорду буддисттер өз ичинен төмөндөгүдөй үч топко бөлүп карашат:

| Адеп-ахлак (Шила) | Акылмандык (Панна) | Медитация (Самадхи) |
|---|---|---|
| • Туура сүйлөө<br>• Туура жүрүм-турум<br>• Туура жашоо | • Туура көз караш<br>• Туура ниет | • Туура умтулуу<br>• Туура эс тутум<br>• Туура бейкуттук |

Будданын сегиз тилкелүү жолу аял-эркек дебей бардык буддисттерге тиешелүү. Тактап айтканда, буддисттердин бардыгы жакшы адеп-ахлакта болуусу шарт.



Будданын сегиз тилкелүү жолу буддизмдин символунда да чагылдырылган. Буддизмдин символу Дхармачакра же мыйзам дөңгөлөгү деп аталат. Ал үзгүлтүксүз айланган арабанын дөңгөлөгү сыяктуу дүйнө жүзүнө жайылып жаткан Будданын окууларын билдирет. Дөңгөлөктүн сегиз тилкеси буддизмдеги сегиз асыл жолду, башкача айтканда, буддизм маданиятынын эң маанилүү жолдорун билдирет.


Будданын айкелдери жана сүрөттөрү пайда болгонго чейинки мезгилде Дхармачакра сыйынуу объекти катары кызмат кылган. Бүгүнкү күндө Дхармачакра буддизмдин универсалдуу символу катары кеңири колдонулат.

**Буддизм окуусундагы негизги идеялар.** Аруулангандан кийин Сиддхартха Гаутама эл аралап карма, сансара, нирвана жана дхарма жөнүндө түшүнүктөрдү тараткан. Буддизмдин окуусунун бул негизги идеялары башында брахманизмден алынган. Бирок түздөн-түз адамдын руханий өнүгүүсүнө багытталгандыгы менен ал башка окуулардан өзгөчөлөнүп турат.

Буддизмдеги негизги идеялардын бири – кайра жаралуу идеясы же инкарнация – адамдын жанынын жаңы денеде жашоосун улантуусу.

**Инкарнация –** буддизмде ж.б. диндерде, диний окууларда адамдын жанынын жаңы денеге ээ болуусу.

### а) Буддизмдеги карма түшүнүгү





Ар бир кайра жаралуу карманын – жазмыштын мыйзамдарына баш иет. Жашоодогу жүрүм-турумдун оң жана терс жактары кийинки кайра жаралуунун себеби болот. Бирок карма – жаза же сыйлык эмес, ар бир жашоодо жасалган бардык аракеттердин жыйындысы, алардын жалпы энергиясы. Мисалы: жүрүм-туруму оң адам мурдагыдан да акылдуу, бактылуу адам болуп жаралуусу мүмкүн. Ал эми жүрүм-туруму терс адам жаныбар (чегиртке, кескелдирик, кумурска, чымчык, ит, жылан ж.б.) түрүндө жаралып калышы толук мүмкүн деген ишеним бар.

### б) Буддизмдеги сансара түшүнүгү

**Сансара** – төрөлүүнүн жана өлүмдүн кайталануучу цикли менен тыгыз байланышкан жашоо же азап айлампасы.

Буддизм udininde өлүм жок, жашоо кайра жаралуулар менен улана берет. Ар бир кайра жаралуу жоготуу, оору ж.б. жамандыктар менен коштолуп турат. Ошондуктан Жердеги жашоо «азап тартуу» катары кабыл алынат.




Адамдын төрөлүүсү жана жашоосу чексиз кайталанып туруучу «азап тартуу» циклинин бир бөлүгү болуп саналат. Ошол эле учурда ар бир адам сансарадан кутулууга умтулуусу зарыл.

## в) Буддизмдеги нирвана түшүнүгү

Сансарадан кутулуу нирванага жетүүнү билдирет. Нирвана – бул азаптан, башкача айтканда, кайталанган төрөлүү менен өлүм чынжырчасынан бошонуу. Түбөлүк, «эс алуу», «тынчтануу» абалына жетүү дегенди билдирет.

Буддизмдин негизги максаты – нирванага алып баруучу эң кыска жолго кирүү. Анын ичинде аны башкаларга да үйрөтүү камтылган. Бул – адамдын аң-сезиминин жана жан дүйнөсүнүн ойгонуусунун эң жогорку жеткен чеги. Буддизмде арууланууга өзүнүн каалоосунан, жыргалчылыктарынан баш тарта алган адам гана жетет. Сарамжалдуулук жолу арууланууга жетүүнүн эң ылайыктуу жолу болуп эсептелет. Бул жолду тажрыйбалуу насаатчынын жардамы менен чектен чыкпай, ортоңку жолду кармануу менен өтүү өтө маанилүү.

**Буддизмдеги нирванага жетүү үчүн бардык жыргалчылыктан, каалоодон баш тартуу идеясы силерге жактыбы? Анын түпкү маңызын кандай түшүндүңөр?**


**Нирвана –** тынчтыктын абалы. Ал ааламдын сыртындагы анын негизи болуп саналат. Нирванага тирүү кезинде каалаган жерде жана каалаган убакта жетүүгө болот. Аны тапкан адам кайра жоготпойт – өлүм менен бирге түбөлүккө өткөрүп берет.

### г) Буддизмдеги дхарма түшүнүгү

Буддизмде дхарма («окуу», «мыйзам» ж.б.) бир нече мааниге ээ:

- Будданын ачылышындагы универсалдуу мыйзам;
- Будданын окуусу;
- Ааламдагы жашоонун негизин түзүүчү гармониялуу иреттүүлүк.

Жашоо материалдык эмес бөлүкчөлөрдүн – дхармалардын тынымсыз агымынын өз ара байланыштарынын натыйжасында пайда болот.




Дхармалардын айкалышуусу бузулган кезде жашоо токтойт, бирок дхармалар жок болуп кетпейт. Алар кайрадан ырааттуу айкалышуу аркылуу жаңы жашоонун башталышына түрткү берет. Ар бир жаңы жашоо мурдагы жашоонун уландысы катары эсептелет.

**Буддизм динindeги негизги идеялардын кайсынысы силерге көбүрөөк жакты? Эмне үчүн ошол идеянын жаккандыгын чечмелеп бергиле?**

#### Буддизмдин этикасы

**Буддизмдин этикасы** «Оң иштин натыйжасы – бакыт, ал эми терс иштин натыйжасы – азап» деген принципке таянат.

Аң-сезим – буддисттердин этикасынын жалгыз критерийи. Андыктан алардын максаты сегиз асыл жолду кармануу аркылуу арууланууга жетүү болуп саналат.

Мындан тышкары, бардык буддисттер Будда белгилеген беш эрежени сакташы керек.




**Буддизм дининин ыйык китеби.** Буддисттердин канондук текстинин жыйнагы «Трипитака» деп аталып, үч себет дегенди билдирет. Ал үч бөлүктөн куралган:

1. Виная Питака – монастырдык тартип жана адеп-ахлактык тарбия боюнча тексттердин себети.
2. Сутра Питака – тексттердин себети, б.а., Будданын сөздөрү.
3. Абхидхарма Питака – жогорку мыйзамдын тексттеринин себети.



Буддисттердин канондорунун тексттеринин жыйнагы – «Трипитака». XIII кылымда Корей башкаруучуларынын (918–1392-ж.) буйругу менен 81 258 жыгач тактайчага жазылган. Бул ыйык тексттердин жыйнагы Корея жарым аралынын түштүк-батышындагы Хэинса монастырында сакталуу.

**Монастырлар.** Буддисттердин бирден-бир негизги уюму – монастырлар. Алар буддизмдин таралышынын, өнүгүшүнүн өзгөчөлөнгөн борборлору болуп саналат. Кечилдер монастырдын дубалдарына индиялык пали жана санскрит тилдеринде биринчи сутраларды, ыйык тексттерди жазышкан.

Бул жерге жаңы келгендер жазганды жана окуганды үйрөнүп, ыйык тексттерди изилдеп, жакшы билим алышкан. Белгилүү бир монастырдын алкагында бириккен буддисттердин монастырлык жамааты сангха деп аталат.

Сангхага а дегенде бардыгын кабыл алышкан, кийинчерээк кандайдыр бир чектөөлөр киргизилген. Кылмышкерлерди, кулдарды жана жашы жете электерди ата-энесинин макулдугусуз кабыл алуу токтотулган. Үйрөтүүгө көбүнчө өспүрүмдөр кабыл алынган. Сангхага кошулган адам монастырда жүргөн мезгилинде өзүн көп нерседен чектөөгө тийиш болгон. Дүйнө менен байланыштырган бардык нерседен – үй-бүлөдөн, кастадан, мүлктөн баш тарткан.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Карма – бул ...
- Сансара – бул ...
- Нирвана – бул ...
- Дхарма – бул ...
- Дхармачакра – бул ...
- Трипитака – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Будданын окуусундагы төрт асыл чындыктын мааниси эмнеде?
2. Буддизмдеги сегиз жол кимдерге сунушталган?
3. «Ортоңку жол» деген кандай жол, алар кандай топторго бөлүнгөн?
4. Дхармачакра деген эмне?
5. Буддизмдин окуусундагы негизги идеяларды атап, алардын маанисин ачып бергиле.
6. Буддизмдин этикасы кандай принципке таянат жана анда кандай эрежелер камтылган?
7. Буддисттердин канондук тексттеринин жыйнагы эмне деп аталат жана ал кандай бөлүмдөрдөн турат?
8. Буддисттер үчүн монастырдын орду кандай? Сангха деген эмне?
9. Төмөндөгү берилген буддисттик аңыз кептерди окугула, айтып бергиле.

## Будда жөнүндө аңыз кептер. Будданын өлүмү

Өлүм алдында жаткан Будда шакирттерине кайрылып: «Бул менин акыркы күнүм, эгер менден сурай турган нерсеңер болсо, сурап калгыла. Ар бириңер өз жолуңар менен кете турган мезгил

келди» дегенде, анын сүйүктүү шакирти Ананда көз жашын тыя албай минтип кайрылды: «Мындан ары биз эмне кылабыз! Биз сенин жарыгың менен жүрүп, караңгылык эмне экенин унутуп калыптырбыз. Сенин аркаңан жүрүү жарыкты ээрчүүгө барабар болчу. Эми биз кайсы жарык менен басабыз?». «Угуп турчу, деп жооп берди Будда, – 40 жыл бою менин жарыгым менен жүрүп сен өз жарыгыңды жандырууга жетише алган жоксуңбу? Эгер мен дагы 40 жыл жашасам, сен өз жарыгыңды таба алат белең? Бирөөнүн жарыгы менен канчалык басып, аны канчалык туурасаң, сен өзүңдүкүн ошончолук жоготосуң. Ошондуктан менин кеткеним туура».

**Будда бизди күтүп жатат**

Будда нирвананын дарбазасынын алдына келгендиги тууралуу мындай бир уламыш бар.

Ал бул максатына жетүү үчүн өмүр бою эмгектенген. Дарбазалар ачылды. Музыка ойноп жатты. Майрам жана кубануу болуп жатты, анткени мындай бийиктикке адам сейрек көтөрүлгөн.

Дарбазачылар дарбазаларды ачып, Будданын алдынан чыгып, аны чакырышты:

– Сиз келдиңиз! Кириңиз! Биз сизди тосуп алганыбызга кубанычтабыз!

Бирок алар Будданын кайгылуу маанайын көрүп таң калышты. Будда ошол учурда жыргалчылык жөнүндө ойлоно алган жок. Анткени ал адашып, азап тартып, эмне кыларын билбей жүргөн миллиондогон жандарды ойлоп кыйналды. Адашкандар анын жардамына муктаж! Будда дарбазачыларга мындай деди:

– Суранам, дарбазаны жапкыла! Мен кире албайм. Элдин баары бул дарбазадан киргиче күтөм. Бул түбөлүккө созулушу мүмкүн, бирок ал маанилүү эмес.

Мен миллиондогон кайгылуу жүздөрдү, ыйлаган жүрөктөрдү, эч качан кубанычты билбеген адамдарды көрүп турам. Дарбазаны жапкыла, мен эң акыркы болуп кирем.

Будда дагы деле асман дарбазасынын сыртында турат жана too жолун басып өткөндөрдүн баарына жолду жарык кылат.

## § 3. Буддизмдин негизги багыттары жана мектептери

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
| --- | --- |
| Ступа, хинаяна, махаяна, мантра | Будданын окуусунун өзөгүн эмне түзөт? |

**Буддизмдин негизги багыттары.** Будда 80 (же 84) жашында төрөлүү менен өлүмдүн кайталануучу циклин токтотуп, Жердеги жашоону таштап кетти. Будда Шакьямуни нирванага кеткенден кийин шакирттери анын сөөгүн өрттөп, күлүн сегиз бөлүккө бөлүшкөн. Будданын ишмердүүлүгү менен байланышкан жерлерге сегиз ступа курушкан.



Санчидеги улуу ступа – Индиянын эң көрүнүктүү маданий жана тарыхый эстеликтеринин бири жана байыркы буддисттик храм. Дүйнөнүн ар тарабынан келген саякатчылардын көңүлүн өзүнө бурат. Будданын өзү тарабынан долбоорлонгон чоң таш дөбө бүгүнкү күнгө чейин дээрлик өзгөрүүсүз сакталып калган. Азыр ступа музей болуп калган. Бул музейде Будданын өзүнүн ыйык калдыктары жана анын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон бир нече буюмдар сакталган.

Буддисттердин көз карашы боюнча ступалар жакшылыктын сыйкырдуу күчүнө ээ. Аларга зыярат кылган адамдардын жашоосун жаман нерселерден тазалоого, ички дүйнөсүнүн гармониясына жетүүсүнө жардам берет.

Будда Шакьямуни каза болгондон кийин шакирттери анын окуусун үгүттөп, таркатууну уланта беришкен. Бирок ар кандай пикир келишпестиктен улам алар бат эле эки багытка бөлүнүп кетишкен. Натыйжада буддизмдин эки агымы – **хинаяна** жана **махаяна** пайда болгон.

### Буддизмдеги негизги эки агым:

| Хинаяна | Махаяна |
| --- | --- |
| Кичи араба же «кутулуунун тар жолу» | Улуу араба же «кутулуунун кең жолу» |
| Бул агымдагылар – башкаларга көңүл бурбастан, өз аң-сезимдерин тазалоо менен алектенгендер | Махаяна агымындагылар болсо – бардык жандууларга жардам берүү аркылуу арууланууга бет алгандар |

Хинаяна агымында Будда – Сиддхартха Гаутама – улуу устат. Ал адамзатка ортоңку жолду жана нирванага жетүү мүмкүнчүлүгүн таап берген деп саналат.

Махаяна агымында Будда – Сиддхартха Гаутама – жалгыз адам эмес, жогорку руханий абал. Бардык эле адамдын туура жолду кармануу менен Будда болууга мүмкүнчүлүгү бар.

Буддизмдин бул агымдарынын жалпылыгы эмнеде? Буддизмдеги эң негизги нерсе – абсолюттук чындык деп аталган болмуштун маңызы ар бир адамдын ичинде болот. Адамдардын аң-сезими булганып калгандыктан, алар бул маңызды кабыл ала алышпайт. Акыл-эсин, аң-сезимин тазалаган адам гана ошол маңызды кабыл ала алат. Ал көп эмгекти жана убакытты талап кылат. Буддисттердин оюу боюнча «жашоодо убакытты пайдалуу өткөрүүдөн маанилүү эч нерсе жок».

Акыл-эсти тазалап, арууланууга жетүү үчүн буддисттер эң жөнөкөй каражаттарды колдонушат. Адептүү жашоо, башка жандыктарга зыян келтирбөө, мантра окуу жана медитация.

**Мантра** – өзгөчө энергияга ээ кыла турган, ыйык деп эсептелген белгилүү сөз айкаштарынын жыйындысы.

**Медитация** (латынча – meditation – ой жүгүртөм, ойлоном) – адамдын психикасын өтө терең бир жерге топтогон абалга алып келүүгө багытталган акыл аракети.

**Силердин оюңарча, буддизм пайда болгон мезгил менен салыштырганда, азыркы мезгилде аң-сезимин тазалаган адамдардын саны көбөйүүдөбү же азаюудабы?**

**Эсиңерге туткула!**

Буддисттердин айтымында, «кимде-ким бардык нерседен ажырымды көрсө, анда ал өлүмдөн өлүмгө гана барат, ал эми кимде-ким бардык нерседен бир жалпылыкты көрсө, анда ал эркиндикке чыгат».

**Буддизмдин дүйнө жүзүнө таркалышы.** Буддизм Индиянын чегинен чыгуу менен өз окуусун башка өлкөлөргө жайылткан. Буддизмдин дүйнөгө таркалуу багыттары:

| | |
|---|---|
| Б.з.ч. III–I кылымдарда | • Буддизм Индиянын чегинен чыгып, түштүк жана түштүк-чыгыш багытта хинаяна окуусу формасында таркаган. |
| Биздин замандан баштап | • Буддизм түштүк жана түндүк, түндүк-батыш, түндүк-чыгыш багытында махаяна окуусу формасында таркаган. |

Бул мезгилдерде буддисттик монастырлар ири менчик ээлерине айланып, таасирин кеңейтишкен. Алардан колдоо табуу үчүн же ар кандай максаттарда падышалар жана бай адамдар монастырларды колдошкон. Алар монастырларга жер, акча жана ар түрдүү баалуулуктарды тартуулап турушкан.

Ошол эле учурда жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү кабыл алуу менен буддизм өзгөрүүгө да учураган. Ал эми Индиянын өзүндө болсо буддизмдин таасири төмөндөп, позициясын индуизмге алдырып жиберген. Мусулмандардын жеңип алуулары учурунда көптөгөн буддисттик монастырлар талкаланган. Ошентип, Будданын окуусу Индияда дээрлик жок кылынган. Аман калган кечилдер Непалга жана Тибетти көздөй качышкан.

**Чань-буддизм.** Махаяна багытындагы буддизм Кытайда биздин замандын I кылымынан баштап кеңири тарай баштаган. Бул багыт кытайлык чань вариантында өнүккөн. Чань-буддизмде медитация жана акыл-эсти өнүктүрүүчү ыкмалар кеңири колдонулат. Ал ыкмалар: каймана табышмактар, суроо-жооптор, дем алуу боюнча көнүгүүлөр, эмгектенүү тажрыйбалары. Бул окуу боюнча нирванага эч кандай багыты, максаты жок эле жетүүгө болот. Арууулануу абалы катуу кыйкыруу, эс алуу, уктоо, күлүү, ыйлоо, гимнастика жасоо учурунда келиши да мүмкүн. Кытайлык чань-буддизм менен даосизмдин жалпылыктары көп.

Чань-буддистер мындай деп айтышкан: «Адамдын азыркы абалы – жалган абал, анын өз табиятына кайтуусу – асыл чындык». Адамдын аң-сезимин ээлеген дүнүйөдөн, напсиден жүрөктөрдү бошотуу гана аруулануууга алып келет. Мындай бошонууну алар адамдарды толук эркиндикке жеткирген «улуу боштук» деп аташат. Мындай абалга алар медитация аркылуу жетише алышат.

**Медитациядан тышкары азыркы учурда акыл-эсти өнүктүрө турган, дүйнө жүзүндө кеңири жайылган кандай жана кайсы ыкмаларды билесиңер?**

**Дзен буддизм.** Дзен (санскритче дхьян) – жай баракат кыялга батуу дегенди билдирет. Дзен буддизм – адамдардын жашоо образы жана жашоого карата көз карашы. Дзен буддизм дагы махаяна системасына таандык. Бул окуу йога, медитация ыкмаларына басым жасайт. Ал Кытай менен Индиянын байыркы маданиятын өнүктүрүүнүн натыйжасында пайда болгон. Андыктан индиялык мүнөзгө караганда кытайлык мүнөзгө ээ. Дзен XII кылымда Японияга да таркатылган.

**Сон буддизм** – буддизмдин Чан мектебинин корей варианты. Бул термин Батышта япон тилиндеги «дзэн» аталышта белгилүү. Кореяга VII кылымдан таралган. Сон буддизми медитацияга, монастырга, аскетизмге басым жасоо менен өзгөчөлөнөт. Корей монахтарынын көпчүлүгү жеке мүлк күтпөгөн жана кээде тышкы дүйнө менен байланышын үзүп коюшат. Айрымдары ибадатканадан ибадатканага саякаттап, медитация менен машыгышат.

**Тхиен буддизм** – Вьетнамдагы буддизм мектеби, Кытайдагы Чань буддизмдин түштүк бутагынын улантуучусу. Вьетнам элинин арасында калктын үчтөн бирине жакыны азыр махаяна жолдоочулары болуп саналат. Тхиен буддизм окууларына ылайык, сага жамандык кылганды жек көрбөстөн, бардык кайгы-капаларды өз ыктыярын менен кабыл алуу; бактылуулук менен бактысыздыкка, пайда менен жоготууларга сабырдуулук кылып, тагдырыңа ыраазы болуу; кумарлардан арылуу жана эч нерсеге умтулбоо; Дхарма (Будданын окуулары) менен макул болуу.

**Ламаизм.** Тибетке махаяна багытында VII кылымда кирген буддизм XIV кылымда ламаизмге айланган. Ал Тибет, Бутан, Монголия, Бурятия, Калмыкия, Тува ж.б. бир катар аймактарда кеңири таралган. Анда йога практикасы кеңири колдонулуп, нирванага медитациянын жардамы менен жетүү мүмкүнчүлүгүнө басым жасалган. Ламаизмде гурунун (устаттын) жана дубалар менен мантранын (тексттердин) ролу негизги орунда турат. «Лама» сөзү кечил же жрец деген маанини түшүндүрөт. Ламаизм Кудайлар пантеонунун көптүгү жана алардын ордунун бийиктиги менен өзгөчөлөнөт.

Ламаизмдин ыйык жазмасы болгон Ламримде («Акылмандыктын кадамдары боюнча улуу жол») мурдатан бери келе жаткан буддизмдин окуусу жалпыланган. Ламримде куткарылуу жолундагы ламалардын өзгөчө ролу баса белгиленип, алардын иерархиясы аныкталган.

Жалпысынан алганда, негизинен буддизм – адеп-ахлактык чөйрөгө басым жасайт. Ал адамдын жүрүм-турумунун жогорку даражадагы эрежелерин сактоого багытталган. Адам чындыкка, эркиндикке жете алат, туура жолду таба алат деп айтылат. Ал үчүн туура ой жүгүртүү, кыялга батуу менен буддизмдин осуяттарын сактоо зарыл.

Буддизмди тутунган киши эч убакта жамандыкка жамандык менен жооп кайтарууга тийиш эмес.

Болбосо касташуучулук жана жапа чегүүчүлүк жоюлмак турсун, кайра күчөйт. Ошондуктан буддисттер жаманчылыкка токтоолук, сабырдуулук менен мамиле жасап, жамандык ишке катышууга болбойт дешет.

**Эсиңерге туткула!**

Буддизмде башка диндерди сыйлабагандык дагы туура эмес деп эсептелет.

**Буддизмдеги башка диндерге дагы сый-урмат менен мамиле кылуу идеясы эмнеси менен баалуу деп ойлойсуңар?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Хинаяна – бул ...
- Махаяна – бул ...
- Мантра – бул ...
- Медитация – бул ...
- Ламаизм – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Буддизмде кандай агымдар бар жана алардын айырмасы эмнеде?
2. Буддизм качан жана кайсы өлкөлөргө таркаган?
3. Бүгүнкү күндө эмне себептен Индияда буддизм басымдуулук кылбайт?
4. Буддизм кайсы өлкөдө кандай деген аталыштарга ээ?
5. Ламаизм качан жана каякта пайда болгон?
6. Ламаизмдин өзгөчөлүгү эмнеде?
7. Төмөндөгү буддисттик аңыз менен таанышкыла жана анын маанисин талкуулагыла.

### Махаяна – Хинаяна тууралуу аңыз кеп

Бир күнү Бон Ли монах Ю Моруага мындай деди: «Бир тууганым, мен сиздин жүрүм-турумуңузду көптөн бери байкап келем, бирок акыркы бошттондукка чейин сиз кайсы жолду басып жүргөнүңүздү мен такыр түшүнө албай жатам? Сиз дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн келген бардык олуяларды жана пайгамбарларды сыйлайсыз, сиз эч качан айылга салык чогултууга барбайсыз.

Сиз муну кечил үчүн уят деп эсептейсиз, турмушта эң жакшы медитацияны артык көрүп, күнүнө эки жолу жуунасыз. Насаатчыңызды урматтап угасыз, бирок ошол эле учурда акылмандыкка толгон өзүңүздүн оригиналдуу көз карашыңыз бар. Бир тууганым, сиз кимсиз, нирванага кандай жол менен барасыз, мага чындыкты айтыңызчы?».

Ю Моруа сүйкүмдүү күлүп, бир тууганы Бон Лиге жылуу маанайда мындай деди:

«Махаяна менен Хинаяна – бир куштун канаттары. Бардык улуу олуялар мага бир тууган. Мен үчүн бир гана чыныгы жол бар, бул – жашоонун агымына карама-каршы келген агрессивдүүлүктү тануу, ага кубанычты айкалыштыруу жолу. Күз келгенде эски, кууураган жалбырактар жайбаракат дарактын бутактарынан түшөт. Дарак ушинтип өзүн жаңыртат. Жүрөктүн ичинде тазалык да ушинтип жүрөт».

Бон Ли: «Анда мага чындыктын ортоңку жолу менен оңой жүрүүгө жардам бере тургандай негизги осуятты бер!» – деп суранды.

Ю Моура таягын алып, кумга мындай деп жазды:

«ХИНАЯНА – МАХАЯНА,
МАХАЯНА – ХИНАЯНА!».

Анан мындай деп кошумчалады:

«Улуу жол жөнөкөй да, татаал да эмес, ал кандай болсо, ошондой».

## § 4. Буддизм дининин Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын аймагына таралышы

**Негизги түшүнүктөр:**
Буддизм, тарыхый эстеликтер, буддисттик жазуу

**Эстегиле!**
Буддизмдеги агымдардын жалпылыктарын жана окшоштуктарын тапкыла?

**Буддизмдин Борбордук Азияга жана Кыргызстанга таралышы.** Б.з.ч. III кылымдан тартып буддизм Индиянын чегинен сырткары жайыла баштаган. Б.з. I кылымында Борбордук Орто жана Алдыңкы Азия жерлерине чейин таралган. Буддизмдин таралышы жергиликтүү маданияттын, искусствонун, адабияттын, сүрөттүн, скульптуранын, архитектуранын өнүгүшүнө таасир тийгизген. Күндөлүк турмушка аралашуу менен буддизм жергиликтүү салттарды өзгөрткөн жана өзү да өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Буддизм Кушан мамлекетинин учурунда Борбордук Азияда кеңири тарала баштаган. Кушандык падыша Канишка (78–123-жылдары) буддизм окуусунун жайылуусуна колдоо көрсөткөн. Кийинчерээк буддизмдин идеяларын түрдүү даражадагы кыргыздар, уйгурлар кабыл алышкан. Өзбекстандагы Бухара шаарындагы буддисттик храмдын Вихара деп аталышы, археологиялык казуулардагы табылгалар ж.б. буддизм Орто Азия чөлкөмүндө да болгондугун күбөлөндүрөт.

Азыркы Монголиянын аймагынан табылган Бугут жазмасы буддизмдин таасиринин таралуу аймактарынын кенендигин көрсөтүп турат.

Бумын-кагандын жаңы монастырь куруууга буйрук берүүсү – анын буддизмди формалдуу болсо да кабыл алганынын далили. Бирок түрк буддизми VI кылымдан тартып жашаса да, элдердин жашоосунда олуттуу өзгөрүүлөрдү жарата алган эмес.

Буддизмдин философиясы кыргыздардын философиясында дагы изин калтыргандыгын макал-лакаптардан көрүүгө болот. Мисалы, «Туулдуң – калдың балаага, турмушуң – эшек араба» деген макалда буддизмдин биринчи концепциясы ачык көрүнүп турат.

**Силер кандай ойлойсуңар? Эмне себептен буддизм Орто Азия чөлкөмүндө кеңири кулачын жайып, элдердин жашоосуна олуттуу таасирин тийгизе алган эмес?**

**Кыргызстандын аймагынан табылган буддисттик тарыхый эстеликтер.** VI кылымдын аягында Кыргызстандын аймагында буддисттик храмдар пайда боло баштаган. Алардын калдыктары Ак-Бешим, Красная Речка, Новопавловка аймактарынан жана Бишкек шаарынын жанынан табылган. Ошондой эле Ысык-Көлдүн түштүк жээгинен, тибеттик буддисттик жазмалар Тамга жана Жууку капчыгайларынан табылган. Дагы бир тибеттик жана монголдук жазуулардын тобу Каракол шаарына жакын Арашан деген жерде кездешет. Бул жерден Ысык-Көл аркылуу кербен жолу өткөн. Ал Үч-Турпан–Бедел ашуусу, Жууку–Ысык-Көл маршруттары боюнча Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнүнө чыккан. Бул маршрут менен 629-жылы Суябды карай буддисттик зыяратчы жана саякатчы Сюань Цзан өткөн. Ал бул сапарында Ысык-Көлдү жана анын айланасын сүрөттөп жазган.



Тибет жазуусу
бар таш.
Тамга. XVII к.

I миң жылдыктын аягында Борбордук Азиянын оазистеринде буддизм массалык дин болуп калган. Улуу Кыргыз дөөлөтү мезгилинде кыргыздар буддизм менен таанышкан. Чыгыш Түркстандагы Яр-Хото үңкүрүндөгү кыргыз жазууларында Будда – Шакьямунинин аты кездешет. «Кыргыз өлкөсүнүн башкаруучу үйүнүн» өкүлү буддисттик китептерди окуп-үйрөнүү менен алектенгендиги эскерилет.

Минусин ойдуңундагы кыргыз аймактарынан, Енисейдин сол жээгиндеги Батен кыштагынын тегерегинен табылган буддисттик эстелик – алтын жалатылган, коло алтардык топ белгилүү. Топту түпкүчтөргө орнотулган Будданын, бодхисатвалардын жана арстандын фигуралары түзөт. Бул эстелик Гандхаранын мотивдеринин сакталышын чагылдырат.

Археологиялык казуулардан улам IX–X кылымдарда енисейлик кыргыздардын арасында буддизмдин таасиринин болгондугу белгилүү. Андагы буюмдар кыргыздарга согуштук олжо катары да тийип калышы мүмкүн. Бирок кандай болгон күндө да, ал маданий байланыштардын далили катары саналат.

Кыргызстандын аймагынан XVII–XVIII кылымдарга тиешелүү Будданын келбеттери жана жазуу эстеликтери да табылган. Ал жунгарлардын Кыргызстандын түндүк райондорун басып алган мезгилине таандык эстеликтер болуп саналат. Кыргыздарды буддизм динине киргизүү аракети ишке ашпай, баскынчылар кеткен соң анын таасири токтогон.



Ламаизм зыяратчыларынын жазуусу. XVII к. Алабаш жергеси

Ысык-Ата суусунун жээгинен Будданын келбети чегилген ташты кездештирүүгө болот. Анын бийиктиги 1,5 метр. Алдынан бул аймакта дарылык касиети менен белгилүү Арашан булагы чыгат.

Арашандагы Будда олтурган келбетинде тартылган. Бул – тибеттиктер «Манла» деп атаган «дарыгерликтин Буддасы» (буддисттердин Асклепийи). Ал Буддага тиешелүү болгон, башы жабылбаган, жөнөкөй монахтык кийим менен отурат. Ийилип турган оң колунда ал кайыр берүү үчүн салттуу чөйчөктү кармап турат, ал бул жерде дарылап айыктыруучу чөйчөктүн ролун ойнойт, ал эми төмөн түшүп турган оң колунда болсо, миробаландын жемиштери бар бутагын – Индияда жана башка тропикалык өлкөлөрдөгү лимонду элестеткен, дары өсүмдүктү кармап турат. Сол жакта Будданын келбетинин алдында «Ом Мани Падме Хум» деген тибеттик дубанын араң байкалган издери көрүнүп турат.

**Кыргыз элинин буддизм жана анын багыттары менен байланышы.** Кыргыздардын буддизм менен тааныш болгондугун «Манас» эпосундагы айрым терминдер ырастап турат. Мисалы, андагы буркан, лаайлама, лаанат ж.б. сөздөрдү буддисттик терминолияга кошууга болот. Аны эпостун төмөнкү саптарынан көрөбүз:

Лаанатка жалбарып,
Ылдамыраак жетиңиз.
Эртелеп кабар салбасаң,
Эстүүсүн жыйып албасаң,
Эртең, бүгүн билбеймин,
Эгер келбей койбойт саа.
Лаайлама жолуна
Мында кызмат кылайын,
Жолдош кошуп берсең маа.

Айрым изилдөөчүлөрдүн пикиринде кыргыздардын «малдаш токунуп отуруу» деген сөзү «падмасана» позасынын (лотостун позасынын) атынан алынган.

Буддизм эч качан кыргыздардын расмий ишеними болгон эмес, бирок маданий байланыштар терең изин калтырган.

Азыркы учурда кыргыздар Будданын окуусун унутта калтырышкан. Бирок элдик оозеки чыгармачылыкта, каада-салттарда жана ырым-жырымдарда буддизмдин таасири ачык байкалат.

**Буддизмдин таасирин кыргыздардын дагы кандай каада-салттарынан жана ырым-жырымдарынан көрө алдыңар?**

Кытайдын Ички Монголия аймагындагы Тарбагатайда кыргыздардын чакан тобу жашайт. Тили боюнча казак тилинде сүйлөшөт, ишеними боюнча буддизмди (ламаизм багытын) тутунушат. Тарбагатай кыргыздары бул жерге, өздөрүнүн айтуусунда, Енисей аймагынан келишкен. Айрым көз караштар боюнча алар жунгарлар тарабынан Теңир-Тоодон күч менен көчүрүлгөн. Кээ бир маалыматтарда буддизмди алар ыктыярдуу түрдө, дагы башка маалыматтарда күч менен кабыл алышкан.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Буддизмдин өзгөчөлүгү – бул
- Буддизм Кыргызстанда...
- Буддизмдин айырмачылыгы...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Борбордук Азияда буддизм качан пайда болгон?
2. Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн арасында буддизм качан тараган?
3. Буддизм Кыргызстандын аймагына качан жана кайсы тараптан кирген?
4. Буддисттик храмдардын калдыктары Кыргызстандын кайсы жерлеринен табылган?
5. Кыргызстандын аймагынан табылган Будданын келбеттери жана буддизм дининин жазуу эстеликтери кайсы кылымдарга тиешелүү?
6. Кыргыздардын буддизм же анын багыттарынын бири менен тааныш болгондугун «Манас» эпосунда кездешкен кайсы терминдер ырастап турат?

# Христиан дини жөнүндө жалпы түшүнүк

## § 5. Христиан дининин пайда болушу жана жайылышы

**Негизги түшүнүктөр:**
Христиан дини, Кумран коому, конфессия, Иисус Христос, апостолдор, чиркөө

**Эстегиле!**
Буддизм дининин адеп-ахлактык окуусунун өзгөчөлүктөрү эмнеде?

**Христиан дининин пайда болушу.** Христиан дини – дүйнөлүк диндердин бири, карманууучулардын саны боюнча ал дүйнөдө биринчи орунда турат. Жер жүзүндөгү жалпы адамзаттын үчтөн бири, башкача айтканда, 2,5 млрд адам христиан динин тутат. Бардык континенттерде христиан дини кеңири жайылган. Дээрлик ар бир өлкөдө жок эле дегенде бир же бир нече христиан жамааттары иш алып барышат.

Христиан дини жалпысынан үч чоң агымга (православия, католицизм жана протестантизм) бөлүнөт.


Кумран үңкүрлөрү


Кумран жазмалары

**Кумран коому** – б.з.ч. I кылымда түзүлгөн. Иудаизм дининин өзүнчө жамааты. 1947-жылы Өлүк деңизинин аймагындагы Кумран үңкүрлөрүндө табылган жазууларда Кумран коомундагылар менен алгачкы христиан ишениминин ортосунда жалпылыктар бар экендиги аныкталган. Иудаизмдеги Кудай тарабынан жиберилген Куткаруучунун келиши, жандын өлбөстүгү, тиги дүйнөдөгү жашоонун бар экендигине ишеним ж.б. идеялар христиандар тарабынан кабыл алынган.

Дүйнө жүзү боюнча көптөгөн салттуу христиандык багыттагы жана жаңы багыттардагы христиандык (неохристиандык) уюмдар, кыймылдар активдүү иш жүргүзүшөт. Алардын айрымдары дүйнөдөгү социалдык-экономикалык абалга, саясий кырдаалдарга, эл аралык саясатка түз жана кыйыр түрдө таасир тийгизе алышат.

Христиан дини б.з. I кылымында Палестинада пайда болгон. Бул диний ишеним иудаизмдин өзүнчө агымы катары келип чыккан. Ошондуктан алгачкы христиан жамаатынын негизин иудейлер түзгөн. Христиан дининин келип чыгуусуна чейин эле иудаизмде бири биринен айырмаланган топтор (конфессиялар) уюшулган. Алардын

**Конфессия** (латынча – тобо келтирүү, сыйынуу) – кайсыл бир окууга негизделген диний ишенимдердин өзгөчөлүгү, андан сырткары, ошол ишенимдеги адамдардын биригүүсү.

бири – Кумран коому христиан дининин пайда болуусуна түздөн-түз таасир тийгизген. Христиан дининин негизделиши Иисус Христостун (Ыйса Машаяк) ысымы менен байланыштуу. Христиан окууларында ал бир эле убакта Кудай дагы, адам дагы болуп саналат.

Иисус Христос адам келбетинде жашап, адамдарга Кудай тууралуу чындыкты алып келген. Анын Жерге түшүүсү жана жашоосу «Инжил» (Евангелие) деп аталган ыйык китептерде баяндалат.

**Иисус Христос – Куткаруучу.** Тарыхый жагынан алып карасак, Иисус Христостун өмүрү боюнча такталган маалыматтар жокко эсе. Ал тууралуу негизги маалыматтар диний тексттерден алынган.



Христос көзү азиз адамды айыктырып жатат.
Сүрөтчү Эль Греко, XVI к.

Инжилдеги маалыматтар боюнча ал Кудайдын эрки менен Ыйык Рухтан төрөлгөн. Анын төрөлгөн учуру болжол менен биздин замандын башына туура келет. Иисустун энеси Палестинанын Назарет шаарынын кедей тургуну Мариям болгон. 30 жашында Иисус дин үгүттөөчү Иоаннга жолугуп, Иордан дарыясына чөмүлтүлгөндө ага Ыйык Рух түшкөн. Ошондон тартып ал Кудайдын эркин элге жеткирип баштаган. Кудай тууралуу ачылыштарды жеткирүү менен элге Ыйык Жазууну түшүндүргөн. Жөнөкөй адамдар жасай албаган көптөгөн кереметтүү иштерди жасаган. Диний тексттердеги маалыматтар боюнча Иисус Христос ооруган адамдарды айыктырып, өлгөн адамды колу менен тирилткен. Ошондой эле бороонду басаңдатып, сууну шарапка айланткан. Анын жасаган иштери ооздон-оозго өтүп, даңкын ого бетер көтөргөн. Күн өткөн сайын аны издеп келгендер көбөйүп, ага ишенгендердин саны өскөн.

Христос адамдар жамандыкка жана адилетсиздикке белчесинен батканын, жакында Кудайдын соту болорун айткан.

↓

Ал адамдарды жакшылык кылууга, бири-бирин сүйүүгө, урматтоого чакырган.

↓

Христос «Асман падышачылыгына» кирүү жана түбөлүк жашоо үчүн кантип жашоо керектигин үйрөткөн.


↓

Ар бир момун адам боорукер жана калыс болсо, жакшы иштерди кылса, жакырларга, оорулууларга жардам берсе, «Асман падышачылыгына» кире аларын билдирет.

↓

Жамандыкка жамандык менен жооп бербе, урушуп жүргөндөрдү элдештирүү керек деген.

Христостун сөздөрү жөнөкөй жана түшүнүктүү болуп, жакшылыкка жана адилеттикке жетпей жүргөн адамдардын жүрөгүнөн орун алган. Бир нече адам ага ишенимдүү шакирт болуу менен осуяттарын жана насааттарын калкка жайылткан. Кийинчерээк бул адамдар христиан окуусунда апостолдор деп аталып калышкан. Атагы элге тез жайыла баштаганынан чочулашкан бийлик адамдары аны кыйнап, айкашкан жыгачка астырып коюшкан. Үч күндөн кийин сөөгү табышмактуу түрдө дайынсыз жок болуп калган. Бир аз убакыт өткөн соң Иисус тирилип, Жерге кайтып келген. Ал шакирттерин өзүнүн окууларын ар кайсы өлкөлөргө жайылтуу үчүн жөнөткөн. Бирок көп өтпөй эле Кудай өзүнүн уулун кайрадан асманга алып кеткен. Апостолдор Христостун асманга көтөрүлгөнүнө жана кайтып келе турган күн келерине ишенишкен.



Иисус Христос шакирттери менен

**❁ Иисус Христостун шакирттери (апостолдору) кандай ишмердүүлүк менен алектенишкен? Алар устатынын окуусун жайылтууда кандай роль ойношкон?**

**Христиан дининин жайылышы жана анын себептери.** Палестинанын Рим империясынын карамагында болуусу христиан дининин империянын башка аймактарына жайылышына ыңгайлуу шарт түзгөн. Башында ал иудейлер менен гректердин арасында, көп өтпөй Чыгыш менен Батыштын дээрлик бардык чоң шаарларына жайылган.

Жаңы диндин жайылышы бир катар себептер менен мүнөздөлөт:

- элдин турмуш шартынын өтө оордугу;
- калктын жаңы динден жубатууну жана колдоону издөөсү ж.б.

Рим империясындагы көп сандаган элдердин ичинде кул ээлөөчүлүк коомдогу орун алган адилетсиздикке нааразылыктар күчөгөн. Улутуна, социалдык абалына ж.б. карабастан, бардыгына бирдей караган жалгыз Кудай жөнүндөгү идея көпчүлүккө жаккан. Бул идея ар түрдүү адамдарды, элдерди, улуттарды жалпы кызыкчылыкка бириктирген.

Эзүүгө кабылган негизги масса жаңы пайда болуп жаткан динден жубатуучу колдоо таба алган. Бул динде «жалган» жашоодогу кылган иштери үчүн «тиги дүйнөгө» барганда бардыгынын бирдей жоопкерчилиги каралган. Ага жараша Кудай тарабынан «бейиштен» же «тозоктон» татыктуу орун убадаланган.

Ал эми «жазмыш» идеясы башкаруучулардын кызыкчылыктарына туура келген. Кудай тарабынан берилген тагдырга моюн сунуу бийликке баш ийүүнү да камсыздаган. Ошондуктан христиан динин башында эзүүгө кабылгандар колдосо, кийинчерээк башкаруучулар да колдоого алышкан.

**Христиан дининин Рим империясында калыптанышы.** Алгачкы христиандар жер-жерлерде чакан жамааттарды уюштурушкан. Жамааттар бири-бири менен байланышып, аларды бириктирген уюм түзүшкөн. Мындай уюмдарды чиркөө деп аташкан.

Христиан жамааттарынын мүчөлөрү алгачкы мезгилдерде сыйынуу жолугушууларын жашыруун өткөрүшкөн. Чогулгандар Христостун урматына гимндерди ырдашкан. Христос жөнүндөгү баяндарды угушкан. Ак нан жана суу кошулган кызыл шараптан турган жупуну тамак ичишкен.

Христиандар байлыгын өзүнө гана сарптоо күнөө деп эсептешип, эч нерсеси жоктор менен мүлктөрүн бөлүшүшкөн. Алар сыйынуудан тышкары колунда жокторго кайыр-садага беришкен. Кулдарды же түрмөдөгүлөрдү кун төлөп берип бошотуу сыяктуу иштерди жасашкан.

Христиандык жамааттардын социалдык түзүмү акырындап өзгөргөн. Башында бул жамааттар негизинен кулдардан, жакырлардан турган. Бара-бара ага кол өнөрчүлөр, соодагерлер, жер иштетүүчүлөр, римдик ак сөөктөр да кирген.

Христиандардын арасындагы колунда байлыгы бар адамдар акырындык менен жамаатка таандык мүлктү башкарып, сыйынууларга жетекчилик кылып калышкан. Христиан жамааттарын атайын шайланган лидерлер – епископтор (грек тилинен которгондо көзөмөлчү) жетектеген.



Алгачкы христиандардын жолугушуу жайы


Кийинчерээк мындай кызматтарга дайындалгандар өмүр бою иштешкен жана клирди (дин кызматкерлерин) түзүшкөн. Акырындап дин кызматкерлери бийликти толугу менен өз колдоруна топтошкон.

II кылымдын аягы – III кылымдын башында христиан жамааттары майда секталык топтордон кубаттуу коомдук күчкө айланган. Бул Рим империясынын башкаруучуларын бийлик менен диний уюмдардын ортосундагы мамилеге олуттуу көңүл бурууга мажбурлаган.

Негизги догмалык түшүнүктөрдүн калыптануусу менен христиан growth динде иудаизмден четтөө жана андан кол үзүү жараяны күч ала баштаган. I кылымдын аягы – II кылымдын башында еврейлердин Римге каршы көтөрүлүшү басылгандан кийин иудаизмдин таасири кыйла төмөндөп, христиан дининин иудаизмден бөлүнүүсү биротоло аяктаган.

Рим императорлору III кылымда курч кризистик шартта христиандарды (чиркөөлөрдү) саясий атаандаш катары ырайымсыз куугунтукташкан. Ага карабастан христиан динин туткандардын саны жыл сайын өскөн.

IV кылымдын башында христиандарга (чиркөөлөргө) куугунтуктар токтотулуп, Рим императору тарабынан аларга активдүү колдоо көрсөтүлө баштаган.



Никеядагы христиан чиркөөлөрүнүн биринчи Бүткүл дүйнөлүк жыйыны

Император Константин 313-жылы христиандарга чиркөөлөрдү курууга жана ачык сыйынууга уруксат берген жарлык чыгарган. Жарлыкка ылайык христиандар дин тутуу эркиндиги боюнча бутпарастар менен бирдей укуктарга ээ болушкан.

325-жылы император Константиндин төрагалыгы менен өткөрүлгөн Никеядагы христиан чиркөөлөрүнүн биринчи Бүткүл дүйнөлүк жыйыны христиан дининин калыптанышына маанилүү роль ойногон.

Б. з. IV кылымынын аягында христиан дини Рим империясынын мамлекеттик дини болуп калган.

**Христиан дининин жайылышына жана расмий дин болуп калуусуна эмне себеп болгон деп ойлойсуңар?**

**Христиан чиркөөлөрүнүн бөлүнүүсү.** Рим мамлекетиндеги борбордук бийликтин начарлашынын натыйжасында өз алдынча чиркөөлөр (Константинополь, Александрия, Антиохия, Иерусалим) пайда болуп, бир нечеге бөлүнүп кеткен. Ошондой болсо да, мурдагыдай эле, диний ишенимдин негизин түзгөн башкы жоболор жана чечимдер Бүткүл дүйнөлүк жыйындарда талкууланып турган. Ал эми кээ бир чиркөөлөр жыйында кабыл алынган чечимдерди жана бекемделген догмаларды таануудан баш тартышкан. Бул көрүнүш акырындык менен христиан чиркөөсүнүн бөлүнүүсүнө алып келген.

395-жылы Рим империясы Батыш жана Чыгыш же Византия (борбор шаары – Константинополь) болуп экиге бөлүнгөн. Ошол мезгилде Батыш менен Чыгыштын христиан чиркөөлөрүнүн ортосундагы айырмачылыктар өзгөчө күчөгөн. Чыгыш бөлүгү бирдиктүү күчтүү мамлекет болуп турса, Батыш бөлүгү майда мамлекеттерге бөлүнүп, андан соң германдыктар тарабынан басып алынган.

| Империя бөлүнгөндөн кийин Батышта бир гана ири диний борбор (Рим чиркөөсү), Чыгышта төртөө (Константинополь, Александрия, Антиохия, Иерусалим) негизделген. | |
|---|---|
| • Чыгыш патриархтары көбүнчө бири-бири менен касташкан. Ар бири өз таасирин күчөтүүгө умтулган.<br>• Византияда императордун күчтүү бийлиги сакталып калгандыктан, чиркөө императорлорго көз каранды абалда эле. | • Батышта Римдеги епископтун Чыгыштагыдай күчтүү атаандаштары болгон эмес.<br>• Батыштын феодалдык бытырандылыгынын шарттарында христиан чиркөөсү узак убакыт бою өз алдынчалыкка ээ болгон. |

VIII кылымда Рим чиркөөсү Византиянын тескөөсүнөн биротоло кутулуп, өз алдынча Папа областы түзүлгөн. Ушул мезгилден тартып папалардын бийлиги жогорулай баштаган. Рим епископтору (V кылымдан баштап «папалар») христиан дүйнөсүндө үстөмдүк кылууну талап кылышкан. Аларга Чыгыш Рим империясындагы Константинополь патриархтары каршы чыгышкан. Бул чиркөө уюмдарынын ортосунда догма жана культ маселелери боюнча талаш-тартыш болуп турган.

Батыш жана Чыгыш чиркөөлөрүнүн ырым-жырымдарында жана окууларында да айырмачылыктар кездешкен:

1

• Чыгыш чиркөөсү Ыйык Рухтун келип чыгышын бир гана Кудай-Атадан, ал эми Батыш чиркөөсү – Кудай-Атадан жана Кудай-Уулдан тааныган.

2

• Христианчылыктын тарыхында чиркөөлөрдүн ортосунда терең ритуалдык айырмачылыктар болгон. Кылымдар бою алар күчөгөн. Мисалы, эгер Батыш чиркөөлөрүндө Евхаристияда ачыткысыз нан колдонушса, чыгыш чиркөөлөрүндө бул максаттар үчүн ачытылган нан гана пайдаланылган.

3

• Батыш чиркөөсүндө бардык дин кызматкерлерине никеге турбоо милдеттендирилсе, чыгышта епископторго гана никеге турууга тыюу салынган.

4

• Жөрөлгөлөрдөгү айырмачылыктар да чиркөөлөрдүн обочолонуусуна алып келген. Батышта кызмат көрсөтүү салттуу түрдө латын тилинде, ал эми Чыгышта грек тилинде жүргүзүлгөн ж.б.

IX кылымдын ортосунан баштап папалардын (Рим) жана патриархтардын (Константинополь) ортосунда христиан дүйнөсүнө үстөмдүк кылуу үчүн туруктуу күрөш жүрүп келген. Натыйжада 1054-жылы 16-июлда христиан чиркөөсү экиге бөлүнгөн. Батыштагы чиркөө католиктик, ал эми Чыгыштагы чиркөө православдык деп атала баштаган. Бөлүнгөндөн кийин эки чиркөө тең бири-бирине таптакыр көз каранды болбой калган.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Иисус Христос – бул...
- Конфессия – бул...
- Апостолдор – бул...
- Мамлекеттик дин – бул…
- Чиркөө – бул...

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Эмне үчүн Иисус Христосту Куткаруучу деп аташат?
2. Христиан дининин таркашынын себептери эмнеде?
3. Христиан дини Рим империясынын аймагында кайсы мезгилде бекем орун алган?
4. Христиан чиркөөлөрү (Батыш жана Чыгыш) эмнеси менен айырмаланып турган?
5. Эмне үчүн христиан чиркөөсү экиге бөлүнгөн?
6. Христиан дининин башка диндерден айырмаланып турган мүнөздүү белгилерин аныктагыла.

## § 6. Христиан дининин окуусу жана китептери

**Негизги түшүнүктөр:**
Үчилтик, христиан окуусу, Эски осуят, Жаңы осуят, Евангелие (Инжил)

**Эстегиле!**
Куткаруучу тууралуу кайсыл диний окууда айтылган?

**1. Христиан дининин жалпы жоболору.** Христиан окуусунун жалпы жоболору төмөндөгү ишенимдерге негизделген:

• Кудайдын жалгыздыгына жана анын бардык нерселерди жараткандыгына ишенүү;

• Бирдиктүү жалгыз Кудайдын үчилтиги (Кудай-Ата, Кудай-Уул, Ыйык Рух) жөнүндөгү тереңдетилген окуу;

• Кудай – бул акыл-эске, күч-кубатка, кең пейилдүүлүккө ээ абсолюттуу, жеткиликтүү рух. Ал өзү жараткан дүйнөгө карата чексиз мээримдүү. Жаратуучу катары адамдарга камкордук жана сүйүү менен мамиле кылат;

• адамдын инсандык сапаттарынын баалуулугу;

• адам жашоосунун чыныгы маңызы жөнүндөгү окуу;

• руханий башаттын материалдык башаттын үстүнөн толук үстөмдүгү;

• дененин кайра жаралуусу жөнүндөгү окуу;

• адамзатты күнөөлөрдөн, жамандыктардан сактоо үчүн адам келбетинде жерде жашаган Иисус Христос (Ыйса Машаяк) жөнүндөгү окуу.



Үчилтиктин иконаларда чагылдырылышы. Андрей Рублев

Христиан材 динде адамдарга туура жолду көрсөтүп берүү жана чындыкты жеткирүү мүмкүнчүлүгүн ыйгарган пайгамбарларга өзгөчө маани беришет.

**Христиан дининин окуусу.** Байыркы христианчылыктын окуусу боюнча дүйнөдө табияттан тышкаркы күчтөр үч топко бөлүнүшөт: Үчилтик (Троица), периштелер жана жиндер. Үчилтик жөнүндөгү окууда бирдиктүү жалгыз Кудай бир эле учурда үч абалда (Кудай-Ата, Кудай-Уул, Ыйык Рух) болуп турат.


Католиктик жана православдык иконаларда (католиктер менен православдар Үчилтик жөнүндөгү окууну байыркы христиандардан кабыл алышкан) Үчилтик төмөндөгүдөй образда чагылдырылат:

➢ биринчи көрүнүш адам сөлөкөтүндө;

➢ экинчи көрүнүш адам келбетинде;

➢ үчүнчү көрүнүш көгүчкөндүн образында (Ыйык Рух Иисус Христос чөмүлтүлгөн учурда анын Кудай экенин билдирүү үчүн көгүчкөн абалында ага конгон).

Үчилтик бардык көрүнүштөрү боюнча түбөлүктүү, кудуреттүү жана бардык жерде боло алат. Ага баарын көрүп туруучулук, баарын билип туруучулук ж.б. жеткиликтүү сапаттар таандык. Христианчылыкта Кудай бирөө экенин, Үчилтик бир бүтүн, үчөөнө тең бирдей бийлик, урмат-сый жана сыйынуу таандык экенин таанып, ага ишенүү болуп саналат. Христианчылыктын монотеисттик диндерден (иудаизм, ислам) айырмасы – Кудайдын бирөө жана анын үч жүзү (Кудай-Ата, Кудай-Уул, Ыйык Рух) бар экендигинде.



Иисус Христос чөмүлтүү учурунда

Тиги дүйнөдөгү бейиш жана тозок түшүнүктөрү – байыркы христианчылыктагы башкы идеялардын бири. Бейиш – жыргалчылыктын, тозок – азап тартуулардын, кыйноолордун дүйнөсү. Байыркы христиандар бейиш асманда, тозок жер астында жайгашкан деп эсептешкен.

Христиан окуусунун калыптанышында чыгыш диндери (египеттик, ирандык жана индиялык салттар жана ишенимдер) жана грек-рим философиясы да чоң роль ойногон. Мисалы, Египеттеги Исида жана Осирис культу, Месопотамиядагы Таммуз, Митра культу ж.б.

Христианчылыктын дагы бир маанилүү идеялык булагы тагдыр алдында бардык адамдардын, анын ичинде кулдардын тең укуктуулугу жөнүндөгү ойлорду айткан римдик Сенеканын (б.з. I кылым) философиясы болгон.

Кудай-Ата төрөлгөн дагы, жаратылган дагы эмес, ал түбөлүктүү. Ал асман менен Жерди жана дүйнөнүн бардыгын жараткан. Ааламды, Жерди жаратканда кийин Кудай топурактан Адам Атаны (Адамды), анын кабыргасынан Обо Энени (Еваны) жараткан. Кудайды таануу, сүйүү, даңктоо, ага сыйынуу адамзаттын жаратылуусунун маңызы жана анын негизги милдеттери болуп саналат. Анткени Кудай ага түбөлүк жыргалчылыкты тартуулаган. Кудай адамдарды оң жолго багыттап, ар түрдүү жамандыктардан сактап турат. Кудайдын баласы Иисус Христос Жерге адамзатты сактап калуу үчүн жиберилген. Ыйык Рух, Кудай-Ата, Кудай-Уул биримдикте адамзаттын руханий жашоосундагы мыкты сапаттарды: акылмандуулукту, Кудайдан коркууну, жаратмандыкты, эргүүнү ж.б. Жердеги эч бир жандыкка берилбеген жөндөмдөрдү калыптандырган.

Римдик философ **Сенеканын** окууларынан **христиандар** Кудай алдында бардык адамдар бирдей, жашоонун башкы максаты – рухту сактоо, душмандарды сүйүү, тагдырга баш ийүү деген этикалык идеяларды кабыл алышкан. Сенеканын философиясында: «Сенден жогору тургандар сага кандай мамиле кылуусун кааласаң, өзүңөн төмөн тургандарга ошондой мамиле жаса», – деген «моралдын алтын эрежеси» нравалык башкы жобону түзүп турат.

Ага жакын маанидеги: «Силерге адамдар кандай мамиле жасашын каалаcaңар, силер дагы аларга ошондой мамиле жасагыла», – деген сөздөр Матвейдин Инжилинде кездешет (Инжил, 7:12).

Христиан динindеги башка адамдарга камкордук көрүү, материалдык жыргалчылыктарды пайдаланууда өзүн-өзү чектөө, кумарга берилип кетпөө, күнүмдүк жашоодо жөнөкөй жашоо жөнүндөгү идеялар Сенеканын философиясына үндөшөт.

Ошентип, алгачкы христианчылык тарабынан ар түрдүү диний маданий баалуулуктардын кабыл алынышы жаңы окуунун келип чыгышына жана анын көпчүлүккө жайылуусуна алып келген.

**Силер кандай ойлойсуңар? Христиан дининин калыптануусуна кайсы диндер жана кандай идеялар таасир берген?**

**Христиан дининин Ыйык Жазуусу – Библия. Эски Осуят, Жаңы Осуят.** Библия (грекче «китеп» дегенден) – эки диндин: иудаизм менен христианчылыктын ыйык китеби. Анын бардык китептери биригип келип жалпысынан экиге бөлүнөт. Биринчи бөлүгү **Эски Осуят,** экинчи бөлүгү **Жаңы Осуят** деп аталат. Эски Осуяттын көп бөлүгү байыркы еврей тилинде, азыраак бөлүгү арамей тилинде, Жаңы Осуят грек тилинде жазылган.



Библия

Библияны Ыйык Жазуу же Кудайдын сөзү деп аташат. Ыйык Китепте тарыхый окуялар, вавилондук же финикиялык мифологиялардан келип чыккан байыркы мифтер, мыйзамдык мүнөздөгү жыйнактар, поэзия китептери, акылман сөздөр, ырлар, каттар жана пайгамбарлардын сөздөрү камтылган.

## Ыйык китептер:

| Иудаизм | Христианчылык |
|---|---|
| Танах (Библиянын Эски Осуяты). Эски Осуят Библиянын биринчи бөлүгүн түзүп, үч бөлүктөн турат: алар Моисейдин беш китеби же Тора, пайгамбарлар, жазуу. Эски Осуят» деген сөз «Эски келишим» дегенди да түшүндүрөт. Ал Кудай менен байыркы мезгилдеги еврей элинин ортосундагы келишим. Эски Осуятта Кудайдын мыйзамдары Моисей (Муса) пайгамбарга он осуят түрүндө берилген. | Эски Осуят<br>Жаңы Осуят<br>Библия<br>Иудейлердин ыйык китеби Танахты христиандар да ыйык китеп санашат. Бирок аны бир катар өзгөртүүлөр менен Эски Осуят деп аташат. Жаңы Осуятка Евангелие (Инжил), ыйык апостолдордун каттары, Иоанндын аяны кирген. |

Эски осуятта Кудай адамзатты кандай жаратканы, Адамдын күнөөгө батканы, иудейлердин тарыхы, пайгамбарлар жөнүндө окулат.

Жаңы Осуятта Куткаруучу Иисус Христостун төрөлүшү, өмүрү, окуусу жөнүндө, күнөөлүү пенделерди куткарыш үчүн өзүн өлүмгө кыйганы, кайрадан тирилгени, алгачкы христиандардын турмушу ж.б. баяндалат. Иоанндын Аяны (Апокалипсис) деген китепте адамзатты келечекте эмне күтөрү айтылат.

Иисус Христос жөнүндөгү окуяларды баяндаган жазуулар **Евангелие (Инжил)** деп аталып, жалпысынан 4 китептен турат. Инжил Иисус Христостун шакирттери – Матвей, Марк, Лука, Иоанн тарабынан жазылып, китептин аталышына алардын аттары берилген. «Инжил» сөзү грек тилинен которгондо «жакшы кабар» дегенди билдирет.



Евангелие (Инжил)

Библиянын жалпы мазмунунда алгачкы адамдар Адам (Адам Ата) менен Еванын (Обо эне) күнөөгө батуусу, адамзаттын Кудай менен байланышы, түбөлүк жашоого болгон ишенимдин төмөндөшү, Кудай менен адамдардын ортосундагы мамиленин бузулуусу камтылган. Ошондуктан адамзат бул мамилени калыбына келтирүүчү Куткаруучуга (Мессияга) муктаж. Эски Осуяттын китептеринде адамзат Кудай тарабынан жиберилүүчү Куткаруучуну (Израиль элин боштондукка чыгарат) күткөндүгү баяндалат. Ал эми Жаңы Осуят боюнча Иисус Христос ошол адамдарды күнөөлөрдөн арылтыш үчүн жиберилген. «Кудай адамдарды сүйгөндүгүнөн, өзүнө ишенгендер түбөлүк жашоого ээ болуусу үчүн уулун жөнөткөн» (Инжил).

> ...уурдаба, андан көрө эмгек кыл, өз колуң менен пайдалуу нерсе жаса, муктаждарга бөлгөнгө бир нерсең болсун.
>
> Инжил. 4:28.

Иисус Христос адамдарга эки негизги осуятты калтырып кеткен:

1. · Өзүңдүн жараткан Кудайыңды бүткүл жүрөгүң жана акылың менен сүйө бил.
2. · Өзүңдүн жакыныңды өзүңдү сүйгөндөй сүй (Инжил).

Жаңы Осуяттын окуусунда ишеним, үмүт жана сүйүү адамдагы эң негизги изгилик катары каралат. Бой көтөрүү, азгырылуу, кекчилдик, көрө албастык ж.б. сапаттар жамандыктарга алып келүүчү күнөөлөр катары эсептелет.

Бүгүнкү күндө Библия дүйнөдөгү эң көп тилдерге которулган. Библия дүйнөдөгү өлкөлөрдүн жана элдердин диний көз караштарынын калыптанышына зор роль ойногон. Ошону менен бирге маданияттын жана искусствонун өнүгүшүнө таасирин тийгизип, адабият, музыка жана көркөм сүрөт өнөрүндөгү улуу чыгармалар үчүн шыктандыруу булагы болуп калды.

**Танах менен Библиянын ортосунда кандай байланыштар бар?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Үчилтик – бул...
- Библия – бул..
- Эски Осуят – бул...
- Жаңы Осуят – бул...
- Евангелие (Инжил) – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Христиан дининин окуусу эмнеге негизделет?
2. Христиандардын окуусундагы үчилтик кандай образда чагылдырылат?
3. Христианчылыктын окуусу иудаизм окуусунан эмнеси менен айырмаланып турат?
4. Жаңы Осуят менен Эски Осуяттын кандай жалпылыктары бар?

## § 7. Православие

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
| --- | --- |
| Православие, догма, доктрина, литургия | Христиан окуусунун жалпы жоболору кандай ишенимдерге негизделген? |

**Православие жөнүндө түшүнүк.** Православие – тарыхый жактан христиан дининин чыгыш бутагы катары калыптанган негизги үч багыттын бири. Анын тарыхы 1054-жылы христиан дини экиге бөлүнүп кеткенден кийин башталат.

Православие негизинен Чыгыш Европа, Жакынкы Чыгыш, Россия жана Балкан өлкөлөрүндө таралган. Дүйнө жүзүндө болжол менен 260 миллионго жакын адам православие динин тутушат. Алардын дээрлик көпчүлүгү Россия, Украина, Беларусь, Молдова, Грузия, Румыния, Болгария, Македония, Сербия, Черногория, Греция жана Кипрде жашайт.




Православие динине ишенгендердин аз гана бөлүгү Америкада, Африкада, Австралияда, Океанияда жана Азия өлкөлөрүндө кездешет.

Дүйнө жүзүндө өз алдынча иш алып барган 15 православдык чиркөө бар. Алар: константинополдук, александриялык, антиохиялык, иерусалимдик, россиялык, грузиндик, сербиялык, болгариялык, кипрдик, грециялык, румындык, албаниялык, польшалык, чехословакиялык, америкалык чиркөөлөр.

«Православие» термини (грек. «ортодоксия» – «orthos» – «түз» же «туура», ал эми «doxia» – «пикир» же «ой») алгачкы жолу II кылымдагы христиан жазуучуларынын арасында кездешкен. Православие жалгандан айырмаланган, туура (оң) догма дегенди билдирет. Православие чиркөөсүнүн салттары христианчылыктын алгачкы салттарына эң жакын. Православиеде бардык улуттук чиркөөлөрдүн көз карандысыздыгы сакталган жана IV–VIII кылымдардан бери эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбегендиги менен өзгөчөлөнөт.

**Православие окуусу.** Православие чиркөөсүндө ырым-жырымдар үстөмдүк кылат. Православиеге ибадаткананын көркү жана салтанаты, литургия майрамы мүнөздүү. Анын окуусу ишенимди акыл менен эмес, сезим менен кабыл алууга багытталган.

**Литургия** – христиан чиркөөсүндөгү көпчүлүктүн алдындагы сыйынуу жөрөлгөлөрү.

Чиркөө динге ишенгендерге өзгөчө маанай тартуулоо үчүн өз кызматын түрлөнткөнгө аракет кылат. Мындай кызматтар «сыйынуу» маанайын түзүүгө багытталган. Алар Библиядагы тексттерди окуу, хор ырдоо жана ар кандай ырым-жырымдарды жасоо менен коштолот.

**Алардын догматикасында төрт негизги пункт бар:**

1. Бирдиктүү жалгыз Кудайдын үчилтиги (Кудай-Ата, Кудай-Уул, Ыйык Рух) жөнүндөгү тереңдетилген окуу;
2. Иисус Христос (Мессия) Кудай жана адам;
3. Тирилүүгө болгон ишеним;
4. Чиркөөгө болгон ишеним.

Жогоруда белгилегендей, анын окуусунун негизи болуп:

- Ыйык Жазуу (Библия);
- Ыйык Салт;
- Бүткүл дүйнөлүк жыйындардын чечимдери жана Чиркөө аталарынын (ыйыктарынын) эмгектери эсептелет.

Христиан дининин окуусу жалпысынан Библияга негизделген.

**Христиан дининдеги Куткаруу идеясы.** Христиан дининин негизги идеясы – адамдарды кырсыктардан, азаптардан, оорудан, согуштардан, өлүмдөн, дүйнөдөгү бардык жамандыктардан куткаруу. Жер бетиндеги адамдарды куткарууну Иисус Христос өз мойнуна алган. Ал адамдарга Кудайдын акыйкатын жеткирүүгө жана туура жашоого жол көргөзүүгө умтулган. Христос өз тагдырын алдын ала билген, бирок ошентсе да адамзатты куткаруунун жолун тандаган.

Православдардын ишеними боюнча куткарылууга чиркөөнүн алкагында гана жетүүгө болот. Ал эми Иисус Христос (Куткаруучу) Кудай менен адамдын ортосундагы ортомчу.

**Силер кандай ойлойсуңар? Жалгыз Иисус Христос бүткүл адамзатты куткара алуусу мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, кантип куткара алат деп ойлойсуңар?**

Адамдарды жамандыкка алып баруучу нерсенин түпкү себеби – алардын кылган күнөөлөрү. Күнөөгө батуу жөндөмү жалпы адамзаттын түпкү ата-энеси Адам жана Евадан кан аркылуу берилген. Алар өз кезегинде Азезилдин (Шайтан) азгыруусу менен күнөөгө батышкан. Азезилдин негизги максаты адамзатты азгырып, туура жолдон чыгаруу болуп саналат. Адамзаттын күнөөлөрү көбөйүп, чектен ашканда Кудай жер бетине кырсыктарды жана кыйроолорду жиберип турат. Ал эми Акыр Кыямат күнү бардык адамдар (өлгөндөр дагы) кылган иштери үчүн жазасын алышат. Бирок Кудай адамдарды сүйүп жараткандыктан, аларга камкордук көрөт. Ал адамдарга жардам берүүгө жана туура жол көргөзүүгө өз уулун (Иисус Христос) жөнөткөн.

Иисус болсо жалпы адамзаттын күнөөлөрүн өз мойнуна алуу менен кыйноо тартып өлтүрүлгөн. Христиан болуу Иисус Куткаруучунун жолун жолдоону түшүндүрөт. Анын осуяттарын аткарып, жакшы иштерди жасагандар Акыр Кыяматта бейиштен орун алышат.

**Христианчылыктагы жөрөлгөлөр.** Христиан growth динде, дегеле православ чиркөөсүндө (католиктерде да) төмөнкү жети жөрөлгө аткарылат:

1. Чөмүлтүү (крещение). Чөмүлтүү учурунда адам күнөөлөрүнөн кечирилет. Чөмүлтүүдөн соң чиркөөнүн толук кандуу мүчөсү болуп калат. Чөмүлтүү христиан үй-бүлөсүндө төрөлгөн наристелерге же динди жаңы кабыл алган адамдарга жүргүзүлөт. Ал чиркөөдө атайын даярдалган суу менен дин кызматкерлеринин катышуусунда аткарылат.



Баланы чөмүлтүү учурунда




Дененин айрым бөлүктөрүнө
ыйык май сүйкөө

2. Сүйкөө (миропомазание). Православиеде бул жөрөлгө чөмүлтүү бүткөндөн кийин аткарылат. Дененин кээ бир бөлүктөрүнө ыйык миррадан жасалган өзгөчө суюктук сүйкөлөт.

3. Ыйыктоо жөрөлгөсү (евхаристия). Бул Иисус Христостун денеси менен канынын даамын татуу аркылуу аны менен биригүү болуп эсептелет. Жөрөлгөнү аткарууда чиркөөдө даярдалган нан жана шире колдонулат.

4. Кечирим суроо (покаяние). Христиандар дин кызматкеринин катышуусунда жасаган күнөөлөрү үчүн Кудайга жалбарып, кечирим сурашат. Бул жөрөлгө негизинен чиркөөдө жүргүзүлөт. Кээ бир учурда бул жөрөлгө чиркөөдөн сырткаркы жерлерде да уюштурулат. Мисалы, адам ооруп жатса же камакта болсо ж.б. дин кызматкери менен сыйынуучу адамдын ортосундагы сөздөр жашыруун сакталууга тийиш. Кечирим суроонун дагы бир шарты адам кылган күнөөлөрүн экинчи кайталабоого убада берет.



Ыйыктоо жөрөлгөсү.
Иисус Христос менен биригүү




Күнөөлөрдөн арылуу үчүн
кечирим суроо

5. Ыйык кызмат (священство). Чиркөөгө дин кызматкерлигине кабыл алынган адамдар поптук кызматты ишке ашырат. Мында Кудай жолун тандаган адам чиркөөнүн эрежелерин толук кармануга ант берет.



Поптук кызматка киришүү

6. Нике. Христиан үй-бүлөсү чиркөө тарабынан бекемделет. Ал чиркөөдө гана жүргүзүлөт. Аны аткарууда күйөө менен колукту үй-бүлөнү бекем сактоого, бири-биринин алдындагы жоопкерчиликтерди аткарууга милдеттендирилет.




Никеге туруу

7. Елей майы менен ооруларды ырымдоо жана дарылоо (елеосвящение). Православ жана католик чиркөөлөрүнүн жети сырдуулуктарынын бири. Денени жана рухту айыктырууга жөндөмдүү касиеттүү елей майын оорулуу адамдын денесине сүйкөө менен аткарылат. Ал айыктыруу жана күнөөлөрдөн арылтуу жөрөлгөсү болуп саналат.




Елей майы менен дарылоо учуру

Христиан дининин багыттарынын символдору бири-биринен айырмаланып турат. Мисалы, православие багытында айкашкан жыгачтын (крест) үстүндө туурасынан урулган эки же үч жыгач бар. Сүрөттөгү айкашкан жыгач православдык сегиз бурчтуу айкашкан жыгач же Ыйык Лазардын айкашкан жыгачы деп аталат (1-сүрөт). Ошондой эле алардын чиркөөлөрү дагы дээрлик айырмаланган архитектуралык өзгөчөлүктөргө ээ (2-сүрөт).

**Православдык адеп-ахлак.** Христиандык адеп-ахлак – Ыйык Жазууларда жана христиан окууларында чагылдырылган адамдык сапаттар. Инжилде Кудай тарабынан мындай деп айтылат: «Адамдар сага кандай мамиле кылышын каалсаңар, аларга да ошондой мамиле кылгыла» (Мф. 7:12). Ошондой эле христиан насааттарында мындай деп айтылат: «Ким жакшылык кылса, Кудай ага ырайым кылат».

**Православиенин символу**



1-сүрөт.
Ыйык Лазардын айкашкан жыгачы


**Православ чиркөөсү**



2-сүрөт.
Москвадагы Куткаруучу
Христостун собору

Жакшы идеалдарга негизделген, адамдардын башкаларга кылган мамилесинен көрүнгөн адамдын ички руханий сапаттары **адеп-ахлак** деп аталат.

Динде адам Кудайдын сүйүктүү жаратылуучусу деп айтылат. Ошентсе да адамдын иш-аракети жакшы же жаман, мээримдүү же каардуу, адептүү же адепсиз болушу мүмкүн. Православдык адеп-ахлак сүйүү мыйзамына негизделген. Христианчылыктын көз карашы боюнча сүйүү – жамандыкка жамандык менен жооп кайтарбоо, душмандарга кичи пейил мамиле кылуу. Бул адамдарга кызмат кылуунун туу чокусу болуп саналат жана ал адеп-ахлактын негизин түзөт.



Санкт-Петербургдагы Христос Куткаруучунун собору. Россиядагы эң кооз православдык соборлордун бири. Собор өзүнүн монументалдуулугу менен көздүн жоосун алат



Бишкек шаарындагы
Орус православ чиркөөсү.
Икона. Кудайдын энеси
Ыйык Мария уулу
Иисус Христос менен

**Православ маданияты.** Православ маданияты – дүйнөлүк маданияттын ажырагыс маанилүү бөлүгү. Православие таркаган аймактарда ал коомдун руханий-нравалык өзөгү болуп келген. Ал адамдардын дүйнө таанымына гана таасирин тийгизбестен, маданий салттарын, жашоо образын, этикалык нормаларын, эстетикалык идеалдарын калыптандырган. Үй-бүлөгө, коомго, мамлекетке, табиятка, дүйнөгө болгон көз караштарын чагылдырып турат.

Майрамдар – православ ынанымынын маанилүү элементтеринин бири. Православ майрамдары өзгөчө жасалгалуулугу, шаан-шөкөттүүлүгү менен айырмаланып, хор менен аткарылуучу сыйынуулар менен коштолот. Улуу майрам катары Иисус Христостун кайра тирилүүсүнө арналган «майрамдардын майрамы» Пасха эсептелет. Православдар Иисус Христостун туулган күнү Рождествону, анын чөмүлүүсүнө арналган Крещениени ж.б. көптөгөн майрамдарды майрамдашат.

Православдар чоң майрамдарга алдын-ала өзгөчө даярданышып, өздөрүнүн орозосун (постторду) кармашат. Орозолору жети күндөн элүү күнгө чейин созулат, бир күндүк орозолор да бар. Бир жылдагы күндөрдүн жалпы санынан алып караганда, орозолордун мөөнөтү 200 күндөн ашат. Орозо учурунда православдар азыктардын кээ бир түрлөрүн (эт, сүт ж.б.) жеп-ичишпейт.

Башкаруу, мыйзам чыгаруу, коомдук жана эл аралык мамилелер дагы православиенин таасиринде өнүккөн.

Православиедеги образдарга, идеалдарга христиан тематикасы терең сиңирилген. Искусстводо, адабиятта, философияда диний түшүнүктөр жана символдор колдонулуп, православдык баалуулуктар чагылдырылган. Православие архитектурасы жана живописи кайталангыс баалуулуктарга ээ. Иконалар православ храмдарынын башкы өзгөчөлүгү болуп саналат. Анда ыйыктардын сырткы көрүнүшүнө эмес, мистикалык образдарына басым жасалган.

Жөрөлгөлөрдөгү жана храмдардагы жасалгалуулук – православиенин маанилүү бөлүгү. Ал диний окуулардагы татаалдыктын ордун толтуруп, жагымдуулук маанайын түзүп, адамдарды тартып турат. Православие жөн гана ишеним эмес, адамдардын күнүмдүк жашоо образы болуп калган.

**Православиедеги сүйүү мыйзамына ылайык адамдар биринчи кезекте кимди сүйүшү керек?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Православие – бул...
- Инжил – бул...
- Иисус Христос – бул...
- Кудайдын үчилтиги – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Христиан дининдеги православ окуусунун жана ынанымынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?
2. Православдардын ыйык китептери кайсылар?
3. Христианчылыктагы сырдуулуктарды атап бергиле.
4. Адеп-ахлак деген эмне?
5. Христиандык адеп-ахлак дегенде эмнени түшүнөбүз?
6. Христианчылыктын көз карашы боюнча сүйүү эмненин негизин түзөт?
7. Православ маданияты адамдардын дүйнө таанымына жана коомго кандай таасир тийгизген?

## § 8. Католицизм

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
| --- | --- |
| Католик дини,<br>Рим папасы, целибат,<br>маданият | Православ дини маданияттын<br>өнүгүшүнө кандай таасир<br>берген? |

**Католицизм дини жана анын калыптанышы.** Католик дини – христиан дининин негизги багыттарынын бири. Католицизм – христиан дининдеги ири конфессия, дүйнөдө 1,3 миллиард адам бул ишенимди карманат.

Католицизм тарыхый жактан Батыш Европада калыптанган. Анын келип чыгуусу Рим-католик чиркөөсү менен байланыштуу. Христиан дини Рим империясынын мамлекеттик динине айлануусуна удаа эле бир катар өз алдынча чиркөөлөр уюшулган. Алардын түзүлүүсү:

- империядагы административдик башкаруу жүргүзүү өзгөчөлүктөрүнө;
- борбордук бийликтин начарлашына;
- жергиликтүү этникалык, маданий өзгөчөлүктөргө ж.б. себептерге байланыштуу.

Бирок ошентсе да христиан чиркөөсү бирдиктүү уюм болуп саналып келген. Негизги жоболор жана жалпы эрежелер Бүткүл дүйнөлүк жыйындарда кабыл алынып турган. Рим империясынын Батышка жана Чыгышка бөлүнүү процессинин жүрүшү бирдиктүү христиан чиркөөсүнө да таасирин тийгизген. Рим шаарындагы Рим-католик чиркөөсүнүн таасири империянын батыш бөлүгүнө жайылган. Биздин замандын V кылымында башталган ажырым 1054-жылы христиан чиркөөсүнүн расмий бөлүнүүсү менен аяктаган.



Төрт бурчтуу айкашкан жыгач. Католик дининин символу

**Католицизм** (грекче – katholikos) бүтүн, бирдиктүү же жалпы, бүт ааламдык дегенди түшүндүрөт.

Бул ажырымдан кийин 1123-жылы чыгыштагы чиркөөлөрдүн катышуусусуз **Биринчи латерандык собор** чакыртылган. Мындай жыйындардын өтүп туруусу христиан окууларындагы айырмачылыктарды ого бетер тереңдеткен.

**Католицизм окуусундагы негизги өзгөчөлүктөр.** Католицизмдин диний окуусу башка христиандык багыттардай эле, Библияга негизделген. Эрежелер жана ишенимдин негизги жоболору Ыйык Баянда жана Бүткүл дүйнөлүк жыйындардын чечимдеринде камтылган. Андан тышкары папалардын түшүндүрмөлөрү да католиктердин диний окуусунун башкы булактары катары кызмат кылат. Ыйык Китептин тексттерин чечмелөө укугу дин кызматчыларына гана берилген.

Католик ишениминде православиедеги догмалар таанылат, бирок андан айырмаланып турган бир катар өзгөчөлүктөр бар:

- филиокве – Ыйык Рух Кудай-Атадан гана эмес, Кудай-Уулдан да таркайт;
- целибат – дин кызматчыларынын никеге турбоосу тууралуу догма;
- тазалануучу жай (тозок менен бейиштин ортосундагы жай) жөнүндө окуу – 1439-жылы Флоренциядагы собордо кабыл алынып, 1562-жылы Тридент соборунда бекитилген;
- Кудайдын энеси (Кудайды төрөгөн аял) – Мария кыздын (Дева Мария) актыгына жана тазалыгына шек келтирбөө;
- ыйыктоо (евхаристия) – аткарылуучу жөрөлгөлөрдүн негизгиси. Ал Кудайдын денесин жана канынын символун түшүндүргөн нан жана шарапты ооз тийүү менен аткарылат. Жөнөкөй адамдар бул жөрөлгөнүн биринчи бөлүгүн, дин кызматкерлери эки бөлүгүн тең аткарууга тийиш.

**Рим папасы жана католик чиркөөсүнүн уюмдашуусу.** Рим папаларынын таасири диний башкаруу менен гана чектелген эмес. Алар Европанын жана дүйнөнүн тарыхында да маанилүү ролдорду аткарып келишкен. VIII кылымда Римди жана ага жакын аймактарды камтыган өз алдынча Папалык мамлекет түзүлгөн.

Католик чиркөөсү башка христиандык чиркөөлөрдөн өтө борборлошкон уюмдашуусу менен айырмаланат. Анын башында Рим папасы турат жана ал төмөнкү үч негизги функцияны аткарат:




Андан соң Каролингдер негиздеген Ыйык Рим империясынын тушунда ал империяга бириктирилген менен, мамлекеттеги бүткүл диний башкаруу Папага берилген. Андан кийинки мезгилдерде да католик чиркөөсүнүн таасири тынымсыз жогорулап турган. Рим папалары мамлекеттер аралык мамилелерди жүргүзүүгө да активдүү катышышкан. Соңку орто кылымдардан башталган тарыхый процесстер католик чиркөөсүнүн абалын кыйла төмөндөттү. Бирок ошентсе да, Рим папалары азыркы учурда да эл аралык мамилелерде олуттуу маселелерди чечүүдө таасирдүү күчкө ээ.

Азыркы учурда Католик чиркөөсү – бирдиктүү уюм. Борбору Римдин аймагындагы теократиялык шаар-мамлекет болуп эсептелген Ватикан шаары. Католик чиркөөсүнүн башында өмүрү өткөнчө шайлануучу Папа турат. Папа католик чиркөөсүнүн кардиналдарынан чакыртылган жабык жыйын – Конклав тарабынан шайланат. Анын карамагына дин кызматкерлеринин жана бир катар монах ордендердин уюмдары баш иет. Рим папасы католик чиркөөсүнүн гана башчысы эмес. Ал Христостун мураскери, бардык христиандардын атасы жана насаатчысы деп эсептелинет.

**Теократиялык мамлекет** (грекче тео – кудай, кратос – башкаруу) – светтик жана диний башкаруу бирдиктүү жүргүзүлгөн мамлекет. Адатта мындай өлкөлөрдө диний жол башчылар бийлик жүргүзүшөт.



Франциск (17-декабрь, 1936-ж., Буэнос-Айрес). Аргентиналык диний ишмер, учурдагы Рим папасы, 2013-жылы 13-мартта шайланган

Католик чиркөөсүн Рим папасы Куриянын жардамы аркылуу башкарат. Рим Куриясы бир нече бөлүмдөрдөн туруп, папанын атынан иш жүргүзүшөт. Келген кайрылууларга, суроолорго жооп берет, даттанууларды карайт. Буйруктарды, өкүмдөрдү жана чечимдерди чыгарып, ар кандай демилгелер менен папага кайрылат. Курия чиркөө иштери боюнча соттун чечимдерин, айрым учурда папанын актыларын да жокко чыгаруу укугуна ээ.

Католик чиркөөсүнүн иш алып баруусунун негизги өзгөчөлүктөрүнүн дагы бири – ордендер. Ордендер – борборлоштурулган монастырдык бирикмелер. Алардын иш-аракеттери уставдар жана папанын буйруктары менен жөнгө салынат. Анын мүчөлөрү бекитилген эрежелерди так жана кыйшаюусуз аткарууга, католик чиркөөсүнүн кызыкчылыктарын коргоого ант беришет. Католик ордендери католик чиркөөсүнүн таасирин жайылтуу максатында түзүлүп, айрым учурларда жабык түрдө иш алып барышкан.

**❁ Католик чиркөөсүнүн окуусу боюнча Рим папасы бардык христиандардын атасы, Христостун мураскери деп айтылат. Силер кандай ойлойсуңар, Христостун мураскери кандай милдеттерди аткарууга тийиш?**

Католик ишениминде дин кызматкерлери өз өмүрүн Кудай жолуна кызмат кылууга арнашат. Алардын жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү, кылган аракеттери католик чиркөөсүнүн ченемдерине жана эрежелерине туура келиши керек. Дин кызматкерлеринин арасында иерархиялык түзүлүш жана бекем тартип сакталат. Кечилдик жолго түшкөн адам целибат милдеттенмесин алууга тийиш.

**Целибат** – дин кызматчыларынын жана монахтардын өмүр бою үйлөнбөй жашоого болгон милдеттенмеси.

**Католик дини жана маданият.** Католик дини дүйнөлүк маданияттын, айрыкча архитектура, скульптура, поэзиянын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон. Католик чиркөөсү орто кылымдарда өз колуна күчтүү бийлик менен кошо эбегейсиз материалдык байлык да топтой алган. Диндин таасирин жайылтуу жана күчөтүү католик чиркөөсүнүн кызыкчылыктарына туура келген.

Чиркөөнүн ишмердүүлүгү сыйынуу жөрөлгөлөрүн жүргүзүү менен чектелип калган эмес. Католик чиркөөсү храмдардын, чиркөөлөрдүн курулуштарына жана жасалгаларына көңүл буруп, ири каражаттарды жумшаган. Алардын курулуштарына архитекторлор, сүрөтчүлөр, скульпторлор тартылган. Көптөгөн белгилүү чеберлер өз кезегинде чиркөөнүн буюртмаларын аткарышкан.



Ватикандагы Ыйык Петр аянты. Собордун куполунан
Ыйык Петр аянтынын көрүнүшү

Скульпторлор менен сүрөтчүлөр жасалгалоо иштеринде көбүнчө диний сюжеттерди чагылдырышкан. Архитектурадагы роман, готика стилдеринин өнүгүүсү түздөн-түз храмдардын жана чиркөөлөрдүн курулуштарына байланыштуу. Роман стилиндеги курулуштар чиркөөнүн күч-кубатын, готикалык курулуштар шаңдуулукту, салтанатты чагылдырып турат.

Бул курулуштар ички жана тышкы жасалгаларынын айкалышуусу менен татаал архитектуралык ансамблдерди түзгөн. Храмдардагы жана чиркөөлөрдөгү фрескалар, витраждар, рельефтер, мозаикалар, иконалар, статуялар жөн гана жасалгалоонун каражаттары болушкан эмес. Алар аркылуу чагылдыруу искусствосу да гүлдөп өнүгүп, живопись менен скульптуранын мыкты чыгармалары жаратылган.

Италиянын Лукка шаарындагы Архангель Михаилдин чиркөөсү. Ал орто кылымдарда курулган. Өзүнүн монументалдуу кооздугу жана мрамор мамычаларынын көп түстүү сызыктарынын уникалдуулугу менен айырмаланып турат. Чиркөөнүн чокусунда Архангел Михаилдин (4 метр) айкели жана анын капталында эки периште орнотулган. Италиядагы архитектуралык курулуштун эң сонун үлгүсү.



**Бул кызыктуу!** Орто кылымдагы архитектура жана скульптура «Ташты да Библия менен» деген принцип менен чагылдырылган.

Католик чиркөөсү орто кылымдардагы билим берүүнүн өнүгүүсүнө да таасирин тийгизип келген. Башында монастырлар билим берүү борборлору болуп келишкен. Кийинчерээк чиркөөнүн карамагында көптөгөн диний билим берүүчү мектептер ачылган. Бул мектептерде светтик билим берүү да жүргүзүлүп келген. Грамматика, риторика, геометрия, астрономия ж.б. илимдер боюнча да сабактар өтүлгөн.

Билим алууга кызыгуу артып, чиркөөдөн тышкаркы мектептер ачыла баштаган. Натыйжада азыркы учурга чейин иштеп жаткан алгачкы университеттер пайда болгон. Алардын бир нечеси чыныгы билим берүүнүн жана илимдин борборлоруна айланган.

Европа театры жана музыкасы да католик чиркөөсү менен тыгыз байланышта өнүккөн. Чиркөөлөрдүн алдындагы театрларда библиялык сюжеттерди чагылдырган мистериялар сахналаштырылып турган. Кийинчерээк бул оюндар чиркөөлөрдүн алдындагы ачык аянттарда коюла баштаган. Театр күйөрмандарынын өсүүсү менен турмуштун ар кандай кырдаалдарын чагылдырган театрлаштырылган актылар ойнолгон. Бул импровизациялар фарстар деп аталып калган.

Акырындык менен өз алдынча театрлар пайда болуп, азыркы театр искусствосунун негизин түзгөн. Христиан чиркөөлөрүндөгү жамааттык сыйынууларда литургиялык ырдоолор аткарылып турган. Ал өз кезегинде вокалдык чеберчиликтин жана музыкалык инструменттердин өнүгүүсүнө алып келген.



Ватикандагы Ыйык Петр собору

Ыйык Петр собору – архитектуранын мыкты үлгүлөрүнүн бири. Сободун курулушу 100 жылдан ашык убакытты талап кылган. Имараттын бардык бөлүктөрү пропорционалдуу. Соборду курууда байыркы курулуштардын деталдары (фронтондор, портиктер, колонналар) колдонулган. Аны жаратууда атактуу чеберлер: Д. Браманте, С. Рафаэль, Л. Бернини ж.б. салымы зор. Микеланджело анын зор куполунун долбоорун иштеп чыккан. Собордун ичинде сүрөтчүлөрдүн, скульпторлордун искусство чыгармаларынын шедеврлери сакталган.

Андагы оркестр, хор, музыка теориясынын элементтери классикалык музыканын жана операнын фундаментин түзгөн. Жалпылап айтканда, христиан католик дини европа маданиятынын өнүгүүсүнө ар тараптуу күчтүү таасирин тийгизген. Католик дининин таасиринде калыптанган маданият – дүйнөлүк маданияттын ажырагыс бир бөлүгү. Ал өз кезегинде маданияттын өнүгүүсүнүн бир катар тармактарында прогрессти да камсыздай алган.

**Орто кылымдагы белгилүү чеберлер өз кезегинде чиркөөнүн буюртмаларын эмне себептен аткарып турушкан?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Католицизм – бул...
- Рим папасы – бул...
- Целибат – бул...
- Ватикан – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Католик дининин калыптанышынын себептери кайсылар?
2. Католицизмдин православиеден кандай айырмачылыктары бар?
3. Ыйык Китептин тексттерин чечмелөө укугу кимдерге берилген?
4. Католиктик чиркөөнүн башында ким турат?
5. Католик дини дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө кандай салым кошкон?

# Протестантизм

## § 9. Протестантизмдин калыптанышы

**Негизги түшүнүктөр:**
Реформация, протестантизм, индульгенция

**Эстегиле!**
Католиктердин диний окуусунун башкы булактары кайсылар?

**Протестантизм** (латынча – protestatio) **–** тарыхый жагынан католик дининен бөлүнүп чыккан, диний окууларында жана жөрөлгөлөрүндө жалпылыктарды камтыган христиандык багыттагы чиркөөлөрдүн жалпы аталышы.

**Протестантизм жана анын келип чыгуу себептери.** Протестантизм – өз ичине христиан дининдеги көз каранды эмес чиркөөлөрдүн жана чиркөө бирикмелеринин топтомун камтыган багыт.

Протестанттык багыттагы христиандардын так санын айтуу кыйын. Ал бир канча себептерге байланыштуу:

➢ протестанттык чиркөөлөрдүн жалпы бирдиктүү уюмдашуусунун жоктугу;

➢ протестанттык чиркөөлөрдүн айрымдары өздөрүн бул багытка таандык деп санашпагандыгы.

Азыркы учурда дүйнө жүзү боюнча 800 миллиондон ашык протестанттар бар.



• Католик чиркөөсү коомдук жашоонун бардык тараптарына кийлигишип, көзөмөл орнотууга умтулган. Еретиктерге, эркин ойлонгондорго каршы жазалоолор менен куугунтуктоолорду бардыгы эле жактырган эмес.



• Диндин таасирин бекемдөөгө багытталган туруктуу аракеттер айрым учурда коомдогу прогресске каршы келген. Чиркөө агартууга жана илимдин өнүгүүсүнө тоскоолдуктарды да жаратып турган.



• Католик ишениминде диний бийлик светтик бийликтен жогору саналып келген. Рим папасы жана чиркөө дайыма королдордун, княздардын ж.б. бийлик ээлеринин башкаруу иштерине кийлигишип турушкан. Ага ылайык жогорку катмардагы аристократиянын өкүлдөрүнүн арасында да наразылыктар күч алган.



• Католик чиркөөсү күчтүү уюмдашкан диний-саясий институт болуп, карамагына эбегейсиз байлыктар топтолгон. Бул каражаттар элдин эсебинен жыйналып турган. Көп адамдардын пикиринде дин кызматкери болуу элдин эсебинен жашоо дегенди түшүндүрүп калган.




• Католик чиркөөсү адамдар менен Кудайдын ортосунда ортомчулук кылуу менен күнөөлөрдү кечирүү ыйгарым укугун колдонуп келген. Ал акы төлөө менен жүргүзүлүп, чиркөө тарабынан адамдардын күнөөлөрүн кечирилишин тастыктоочу атайын грамоталар – индульгенциялар сатылып турган. Ал эми индульгенцияларды сатууну прогрессивдүү ой жүгүрткөн адамдар алдамчылык катары баалашкан.

Дүйнөнүн бардык аймактарына тарашканы менен протестанттардын басымдуу бөлүгү Борбордук жана Түндүк Европа өлкөлөрүндө, АКШ, Канада, Австралияда жашашат. Эң ири агымдары болуп элүүнчүлөр (280 млн), лютерандар (85 млн), англикандар (77 млн), методисттер (75 млн), баптисттер (50 млн), кальвинисттер (40 млн) саналышат.

Протестантизмдин келип чыгуусу XVI кылымдагы Европадагы антикатоликтик кыймылдын – реформациянын жүрүшүнө жана анын натыйжаларына байланыштуу. Соңку орто кылымдар мезгилинде Батыш Европадагы католик чиркөөсү терең кризиске кабылган. Чиркөөгө карата наразылыктардын өсүүсү реформация кыймылынын жаралышына себеп болуп калган:

**Эмне үчүн Батыш Европадагы католик чиркөөсү терең кризиске кабылган?**


## Реформациянын башталышы жана этаптары

**Реформация** – католик дининин негизги окууларын четтетүү, католик чиркөөсүнүн негиздерин бошоңдотуу, жаңы инжилдик үлгүдөгү чиркөөлөрдү калыптандыруу. Диний реформаларды жүргүзүү доору.

Реформация кыймылы 1517-жылдын 31-октябрында дин кызматкери Мартин Лютер тарабынан башталып, бир нече этаптар менен жүргөн. Бул күнү Мартин Лютер Виттенбергдеги (Германиядагы шаар) собордун эшигине өзүнүн 95 тезистен турган чакырыгын илген. Ушундан соң расмий түрдө реформация кыймылынын биринчи этабы башталган. Лютер өз тезистеринде:

- ➢ папанын бийлигин, чиркөөнүн Кудай менен адамдардын ортосундагы ортомчулугун, дин кызматкерлеринин өзгөчө миссиясын четке каккан;
- ➢ индульгенциялар менен соода кылууну, тазалоочу жай жөнүндөгү окууну, ыйыктардын адамдарды күнөөлөрдөн арылтуусун сынга алган;
- ➢ диний жөрөлгөлөрдү жөнөкөйлөштүрүүнү, чиркөөнү мамлекетке баш ийдирүүнү талап кылган.

Бул католик динине каршы тезистери үчүн ага жана аны колдогондорго Рим папасы тарабынан куугунтуктоолор жана жазалоочу чукул чаралар кабыл алынган. Бирок аны колдоочулар көп болуп, М. Лютерди өз убагында жазалоолордон коргоп калышкан.


AMORE ET STVDIO ELVCIDANDAE veritatis haec subscripta disputabunt Vuittenbergae, Praesidente R. P. Martino Luther, Artiu & S. Theologiae Magistro, eiusdemque ibidem lectore Ordinario. Quare petit ut qui non possunt uerbis praesentes nobiscum disceptare, agant id literis absentes. In nomine domini nostri Iesu Christi. Amen.

i Dominus & Magister noster Iesus Christus, dicendo poenitentiā agite &c. omnem uitam fidelium, poenitentiam esse uoluit.
ij Quod uerbū poenitentia de poenitentia sacramentali (.i. confessionis & satisfactionis quae sacerdotum ministerio celebratur) non potest intelligi.
iij Non tamen solā intēdit interiorē; immo interior nulla est, nisi foris operetur uarias carnis mortificationes.
iiij Manet itaque poena donec manet odium sui (.i. poenitentia uera intus) scilicet usque ad introitum regni caelorum.
v Papa non uult nec potest, ullas poenas remittere; praeter eas, quas arbitrio uel suo uel canonum imposuit.
vj Papa nō potest remittere ullam culpā, nisi declarādo & approbando remissam a deo. Aut certe remittēdo casus reseruatos sibi, quibus contēptis culpa prorsus remaneret.
vij Nulli prorsus remittit deus culpam, quin simul eum subijciat humiliatum in omnibus sacerdoti suo uicario.
viij Canones poenitentiales solū uiuentibus sunt impositi; nihilque morituris, secundū eosdem debet imponi.
ix Inde bene nobis facit spiritussanctus in Papa: excipiēdo in suis decretis semper articulum mortis & necessitatis.
x Indocte & male faciūt sacerdotes ij, qui morituris poenitētias canonicas in purgatorium reseruant.
xj Zizania illa de mutanda poena Canonica in poenā purgatorij, uidentur certe dormientibus Episcopis seminata.
xij Olim poenae canonicae nō post, sed ante absolutionem imponebantur, tanquam tentamenta uerae contritionis.

DISPVTATIO DE VIRTVTE INDVLGEN.

xiij Morituri, per mortem omnia soluunt, & legibus canonū mortui iam sunt, habentes iure earū relaxationem.
xiiij Imperfecta sanitas seu charitas morituri, necessario secum fert magnū timorem, tātoque maiorē, quāto minor fuerit ipsa.
xv Hic timor & horror, satis est, se solo (ut alia taceam) facere poenam purgatorij, cum sit proximus desperationis horrori.
xvj Videntur, infernus, purgatorium, caelum differre; sicut desperatio, prope desperatio, securitas differunt.
xvij Necessarium uidetur animabus in purgatorio sicut minui horrorem, ita augeri charitatem.
xviij Nec probatū uidetur ullis, aut rationibus, aut scripturis, quod sint extra statum meriti seu augendae charitatis.
xix Nec hoc probatū esse uidetur, quod sint de sua beatitudine certae & securae, saltem oēs, licet nos certissimi simus.
xx Igit Papa per remissionē plenariā omniū poenarū, non simpliciter omniū intelligit, sed a seipso tantummodo impositarū.
xxj Errant itaque indulgentiarū praedicatores ij, qui dicunt per Papae indulgentias, hominē ab omni poena solui & saluari.
xxij Quin nullam remittit animabus in purgatorio, quā in hac uita debuissent secundum Canones soluere.
xxiij Si remissio ulla omniū omnino poenarū pōt alicui dari; certū est eam nō nisi perfectissimis .i. paucissimis dari.
xxiiij Falli ob id necesse est, maiorem partē populi; per indifferentē illam & magnificam poenae solutae promissionem.
xxv Qualē potestatē habet Papa ī purgatoriū gnaliter talē habet qlibet Episcopus & curat' in sua diocesi, & parochia spāliter.
i Optime facit Papa, quod nō potestate clauis (quā nullam habet) sed per modum suffragij, dat animabus remissionem.
ij Hominē praedicant, qui statim, ut iactus nūmus in cistam tinnierit, euolare dicunt animam.
iij Certū est nūmo in cistam tinniente, augeri quaestum & auariciam posse; suffragiū aūt ecclesiae est in arbitrio dei solius.
iiij Quis scit si omnes animae in purgatorio uelint redimi, sicut de sancto Seuerino & paschali factum narratur?
v Nullus securus est de ueritate suae contritionis; multo minus
a ij

Мартин Лютердин 95 тезистен турган билдирүүсү

Анын чакырыктары жана ал тууралуу кабарлар тездик менен Европанын башка аймактарына жайылган. Каршылык кыймылынын жайылып кетүүсүнөн чочулап, Рим папасы аргасыздан бир катар чегинүүлөргө барган. Толкундоолор басаңдай түшкөнү менен анын идеялары бүтүндөй Европа боюнча кеңири жайыла берген.

1526-жылы Рим папасы М. Лютер баштаган кыймылдын күч алуусунан чочулап, бир катар чегинүүлөргө барган. Анда жергиликтүү башкаруучуларга кол алдындагылардын диний ишенимдери боюнча маселелерди өздөрү чечүүсүнө уруксат берилген. 1529-жылы Рим папасы чечимин өзгөртүп, жергиликтүү башкаруучуларга берилген ал ыйгарым укуктарды жокко чыгарган. Ушул эле жылы бир катар немец княздары көз каранды эмес диний реформаларды башташкан.

Алты княздыктын жана он төрт эркин шаардын калкы Шпейердеги Рейхстагдын алдында наразылык акциясына чыгышкан. Бул наразылык акциясы тарыхта «Спейердин протести» деген ат менен белгилүү. Реформациянын жактоочулары кийинчерээк протестанттар деп аталып калышкан. Ал эми анын натыйжасында пайда болгон католик эмес конфессиялардын жыйындысына **протестантизм** деген аталыш берилген.

Экинчи этап 1529-жылы бир катар немец княздарынын өз ээликтеринде библиялык реформаларды жүргүзүүсү менен башталган. Алар кол алдындагылардын диний маселелерин өздөрү чечүү укугун папанын алып салуусуна протест (каршылык) жарыялашкан. Ага байланыштуу реформация учурунда католик чиркөөсүнөн бөлүнүп чыккан жаңы агымдарды жалпылаган протестантизм термини пайда болгон.

Көп өтпөй эле кыймыл Швейцария, Англия жана Скандинавия өлкөлөрүнө жайылган. Натыйжада жергиликтүү чиркөөлөр толугу менен католик чиркөөсүнүн карамагынан бөлүнүп чыгышкан. Лютерандык, реформаттык, пресвитериандык, англикандык чиркөөлөр түзүлгөн.

Европадагы XVII кылымдагы буржуазиялык революция жана андан кийинки өзгөрүүлөр коомдук аң-сезимге түздөн-түз таасирин тийгизген. Мурда калыптанган протестанттык агымдардын ичинде ажырымдар жүргөн. Алардын натыйжасында жаңы агымдар пайда болгон. Бул мезгилдерде пайда болгон агымдарды (методисттер, квакерлер, адвентисттер, баптисттер ж.б.) да протестанттык деп аташат.

**Протестантизм дининин багыттары.** Протестантизм католик чиркөөсүнөн бөлүнүп чыгары менен эле анын ичиндеги реформатордук агымдардын ортосунда ички келишпөөчүлүктөр башталган. Ар кайсы мезгилдерде бөлүнүп чыккан көптөгөн протестанттык агымдардын негизгилери:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Англиканлар – XVI к. | Лютерандар – XVI к. | Кальвинисттер – XVI к. | Баптисттер – XVII к. |
| Квакерлер – XVII к. | Менониттер – XVIII к. | Методисттер – XVIII к. | Жахабанын күбөлөрү – XIX к. |
| Адвентисттер – XIX к. | Элүүнчүлөр – XIX к. | | |

Азыркы учурда да протестантизмдин окуулары дүйнө жүзү боюнча кеңири жайылтылып келүүдө. Протестанттык уюмдар башка диний уюмдарга салыштырмалуу миссионердик жол менен иш алып баруудагы активдүүлүгү менен айырмаланышат.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Реформация – бул...
- Протестантизм – бул...
- Индульгенция – бул...
- Протестантизм дининин багыттары – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Реформация кыймылынын негизги себептери кайсылар?
2. Реформация кыймылы расмий түрдө качан жана ким тарабынан башталган?
3. Реформация кыймылы бирдиктүү католик чиркөөсүнө кандай таасир тийгизген?
4. Протестантизмдин калыптануу этаптары тууралуу айтып бергиле.
5. Эмне үчүн протестантизм дини өз алдынча багыттарга бөлүнгөн?

## § 10. Протестантизмдин окуусу, негиздөөчүлөрү жана маданияты

**Негизги түшүнүктөр:**
Библия, чиркөө, негиздөөчүлөр, искусство

**Эстегиле!**
Протестанттык кыймылдын келип чыгышынын негизги себептери кайсылар?

**Протестантизм окуусу.** Протестантизм өз алдынча диний окуу жана чиркөө катары чиркөөлөрдү Инжилдин үлгүсүндө кайра курууну көздөгөн. Натыйжада протестанттык чиркөөлөр католик divининин негизги окууларынан четтешип, өзгөртүүлөрдү жүргүзүшкөн. Адамдардын Кудайга жана чиркөөгө карата мамилеси, диний культтары жана баалуулуктары кыйла жөнөкөйлөтүлгөн:

- ➢ көптөгөн католиктик диний майрамдар алынып салынып, азы гана сакталып калган;
- ➢ эреже катары болуп келген иконаларга жана ыйыктарга таазим этүү жоюлган;
- ➢ сырдуулуктарды аткаруунун экөө гана (чөмүлтүү жана тазалануу) калтырылган;
- ➢ периштелерге, Кудай эне, ыйыктар культуна ишенүү четке кагылган;
- ➢ Сыйынуу жөрөлгөлөрү жөнөкөйлөштүрүлүп, чогуу сыйынуулар, псалмаларды (Кудайды даңктаган гимндер) аткаруу жана диний үгүт-насааттарды жүргүзүү гана калтырылган;
- ➢ Протестанттык дин кызматкерлери жөнөкөй адамдар аркылуу шайланып, кечилдер менен дин кызматкерлерине никеге туруугa уруксат берилген.

Католик ишениминдеги татаал окуулар жана түшүнүктөр жөнөкөйлөштүрүлүп, күнүмдүк жашоого ыңгайлаштырылган. Протестантизм окуусунун негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- адам менен Кудайдын ортосундагы ортомчусуз өздүк мамиленин болушуна ишенүү;
- чиркөөнүн күнөөлөрдөн куткарууга укугу жок жана ага чыныгы ишеним аркылуу гана жетүүгө болот;
- ар бир христиандын Библияны эркин окуу укугу бар жана ал ишенимдин жалгыз булагы;

Чиркөө – белгилүү бир динди тутунгандардын жалпы догмаларынын жана культтардын негизинде калыптанган диний уюм. Ошол эле учурда чиркөө жамааттык сыйынууларды жана жөрөлгөлөрдү жүргүзүү үчүн курулган имаратты түшүндүрөт.

**Протестантизм дининин негиздөөчүлөрү:**



**Мартин Лютер**
(10-ноябрь, 1483-жыл – 18-февраль, 1546-жыл) – христиан теологу, реформациянын демилгечиси. М. Лютер Рим папасынын бийлигин, дин кызматкерлеринин өзгөчө миссиясын жана алардын Кудай менен адамдардын ортосундагы ортомчулугун четке каккан. Диний ырым-жырымдарды жөнөкөйлөштүрүп, чиркөөнү мамлекеттин карамагына баш ийдирүүнү талап кылган.



**Жан Кальвин**
(10-июль, 1509-жыл – 27-май, 1564-жыл) – окуусу кальвинисттик деп аталып калган протестанттык багыттагы чиркөөнүн негиздөөчүсү. Ал чиркөөнүн уюштурулушу боюнча радикалдуу кайра түзүүлөрдү ишке ашырган.



**Ульрих Цвингли**
(1-январь, 1484-жыл – 11-октябрь, 1531-жыл) – анын жүргүзгөн реформаларынын натыйжасында иконаларга сыйынуу жоюлуп, диний кызматтар жөнөкөйлөтүлгөн, латын, немец тили менен алмаштырылган, монастырлар мектепке, баш калкалоочу жайларга жана ооруканаларга айландырылган, монастырлар менчиктерге ээ болуу укугунан ажыратылган.

• чиркөөнүн ар бир өкүлү жамаатта активдүү роль аткарып, жетекчилик кызматтарга шайлана алышат;

• жеке жана жамааттык сыйынуу, диний гимндерди ырдоо чоң мааниге ээ;

• ыйык жазууну жакшы билген ар бир адам өзү үчүн да, башкалар үчүн да дин кызматкеринин ролун аткара алат.

**Протестантизм – католицизмдин негизги окууларын кайра курууну эмненин негизинде көздөгөн?**

**Протестантизмдин дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө кошкон салымы.** Реформация адамдардын ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын терең өзгөрткөн. Ишеним жана Кудай менен жашоо бардык адамдар аткара алуучу кадимки көрүнүш катары каралган.



Реформация доорунда жашаган улуу сүрөтчүлөрдүн бири **Рембрандт Ван Рейн**

Библияны окуу жана акылмандыкка жетишүү күнүмдүк турмуштагы гана нерселер болуп калган. Адамдын ой жүгүртүүсүндөгү, ишмердүүлүгүндөгү эркиндиги камсыздалган. Реформация доорундагы маданияттын өнүгүүсү музыка, архитектура, адабият, сүрөт искусствосу аркылуу кеңири чагылдырылган. Искусстводо реформациянын маңызын чагылдырган агымдар жаралган. Имараттар сүрөттөрү, роспистери, портреттик живописи жана башка жасалгалары менен өзгөчөлөнүп турат. Бул мезгилде Альбрехт Дюрер, Гольбейн, Маттиас Грюневальд ж.б. сүрөтчүлөр мыкты чыгармаларды жаратышкан.



Берлин собору Германиядагы эң чоң протестанттык чиркөө

Лютерандык чиркөөлөрдө сыйынуулар аргандын музыкасы менен коштолуп жүргүзүлгөн. Атайын музыкалык чыгармалар жаратылып, сыйынуулар хор менен аткарылган. Иоганн Себастьян Бахтын чиркөө үчүн жазылган чыгармалары классикалык музыканын өнүгүүсүнө зор салым кошкон.

Протестантизм архитектурасынын негизги идеясы храмды – үйгө, үйдү – храмга айландыруу болгон. Храмдарды жана чиркөөлөрдү курууда ички жана тышкы жасалгаларга милдеттүү талаптар коюлган эмес. Ал өз кезегинде архитекторлорго чыгармачылык эркиндикти камсыздаган. Бул мезгилдерде барокко, классика жана модерн стилдеринде мыкты курулуштар курулган.

Жалпылап айтканда протестантизм доорунда калыптанган көз караш искусствону чыңдаган. Кудай менен адамдын ортосундагы жакындашууну камсыздаган.

Библия кол жеткис сакралдуу ыйык болбой, күнүмдүк жашоодо кеңири колдонулган китепке айланган. Адамдардын Кудайга баруучу жолу инжилдик жөнөкөйлүк менен жеңилдетилген.

Жөнөкөйлүк жашоонун башкы девизи болуп калган жана ал искусствонун багыттарында терең чагылдырылган.

**Чыгармачылык эркиндик реформация доорунун искусствосунун өнүгүшүндө чоң роль ойногон деп айтылат. Ошол учурдагы «чыгармачылык эркиндик» эмнени түшүндүргөн?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Дин кызматчылары – бул...
- Протестантизм дининин өзгөчөлүктөрү – бул...
- Мартин Лютер – бул...
- Рембрандт Ван Рейн – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Протестантизмдин келип чыгуусунун себептери кандай?
2. Протестантизмдин негизги өзгөчөлүктөрүн белгилегиле.
3. Протестантизм дининин негиздөөчүлөрү кимдер, алар тууралуу эмнелерди билесиңер?
4. Протестантизм дининин дүйнөлүк маданиятка тийгизген таасири жана кошкон салымы тууралуу баяндап бергиле.

## § 11. Экуменизм кыймылы

**Негизги түшүнүктөр:**
Экуменизм, бирдиктүү чиркөө, экуменисттик уюмдар

**Эстегиле!**
Реформация доорунда маданияттын жана искусствонун кайсы түрү өнүккөн?

**Экуменизмдин пайда болуу себептери.** Экуменизм – түрдүү конфессионалдык багыттарды бир чиркөөнүн алкагына бириктирүүгө умтулган либералдык диний-философиялык агым. Экуменизм кыймыл катары XX кылымда пайда болгон. Аны уюштурган уюмдар жана диний ишмерлер биринчи кезекте христиан дининин таасирин күчөтүүнү көздөшкөн.

Экуменизм кыймылын түзүүдө төмөндөгү милдеттер коюлган:

- секуляризацияга каршы туруу;
- ар кайсы өлкөлөрдө жашаган христиандар үчүн жалпы христиандык социалдык программаны иштеп чыгуу;
- бардык чиркөөлөрдү компромисске алып келүүчү бирдиктүү христиандык окууну иштеп чыгуу;
- диний догмаларды жалпылаштыруу менен конфессиялар аралык айырмачылыктарды кыскартуу.

**Секуляризация** – адамдардын аң-сезимине жана коомдук жашоосуна диндин тийгизген таасиринин төмөндөө процесси; коомдук түзүлүштүн светтик моделине өтүү.

Кыймылда негизги орун протестанттык багыттагы чиркөөлөргө таандык. Алар кыймылдын негизги уюштуруучулары жана уюмдун иш алып баруусуна көбүрөөк салым кошуучулар болуп саналат.

Христиандык чиркөөлөрдүн жана конфессиялардын башчылары 1937-жылы эле Бүткүл дүйнөлүк чиркөөлөрдүн кеңешин түзүү боюнча макулдашышкан. Бирок Экинчи дүйнөлүк согуш башталып кетип, анын расмий ачылышы 1948-жылдын 23-августунда болгон. Христиандык 147 чиркөөнүн өкүлдөрү Бүткүл дүйнөлүк чиркөөлөрдүн кеңешин түзүү үчүн Амстердам шаарында уюштуруу ассамблеясын өткөрүшкөн.

Биринчи ассамблеядан соң аны өткөрүп туруу туруктуу жүргүзүлүп келүүдө.

| Жылдары | Өткөрүлгөн жери | Жылдары | Өткөрүлгөн жери |
|---|---|---|---|
| 1954 | Эванстон, США | 1991 | Канберра, Австралия |
| 1961 | Дели, Индия | 1998–99 | Хараре, Зимбабве |
| 1968 | Упсала, Швеция | 2006 | Порту-Алегри, Бразилия |
| 1975 | Найроби, Кения | 2013 | Пусан, Түштүк Корея |
| 1983 | Ванкувер, Канада | 2022 | Карлсруэ, Германия |

**Экуменизм** (грекче – жашаган дүйнө, адамзат) – бардык христиандык уюмдардын тыгыз кызматташуусун жана жакындашуусун жактаган диний либералдык идеология.

Бүгүнкү күндө бул термин менен үч ар башка түшүнүк аталат:

• тынчтыкты сактоо жана кайрымдуулук иштерин жүргүзүү боюнча биргелешип иш алып барышкан христиан уюмдарынын диалогу. Мындай диалог догмалык жана үгүт жүргүзүү кызыкчылыктарын көздөбөйт. Андыктан башка диний уюмдар менен да кызматташууга даяр;

• ар түрдүү христиан конфессияларын бирдиктүү чиркөөгө бириктирүүгө умтулган диний агым. Биримдикке жетүү үчүн айрым догмалык жоболордон же башка өзгөчөлүктөрдөн баш тартууну сунуштайт. Бул, албетте, биринчи кезекте диний окууларын жана жоболорун туруктуу сактаган православиенин кызыкчылыктарына каршы келет. Андыктан аны айрым учурда антиправославиелик деп да баалашат;

• бардык диндердин жалгыз жаңы диний окууга биригүү мүмкүнчүлүгүн камтыган окуу.

**Силер кандай ойлойсуңар, экуменизм кыймылын түзүүнүн зарылчылыгы бар беле?**

**Экуменизмге мамиле.** Экуменизм карама-каршылыктарды диалог аркылуу чечүүнү сунуштаган, диний маселелерде бейтарап кыймыл катары каралат. Бирок көпчүлүк православдар ага каршы болуп келишкен. Анын бир катар себептери бар:

1. «Экуменисттик диалог» биринчи кезекте православдар менен башка конфессиялардын өкүлдөрүнүн биргеликте сыйынуусун камтыйт. Ал Православ чиркөөсүнүн эрежелерине таптакыр каршы келет.

2. Экуменисттер «биримдик» көйгөйүн бардык топтордун кызыкчылыктарын бирдей эске алып чечүүнү жакташат. Ал эми православдар өздөрүн «байыркы христианчылыктын» улантуучулары катары санашат. Ага ылайык католиктерди жана протестанттарды өздөрүнөн туура эмес бөлүнүп чыккан агым катары карашат.

Католиктер болсо жалпы кызыкчылыктар үчүн «жаңы эрежелерди» жана өзгөрүүлөрдү кабыл алуу зарылчылыгын моюндашат. Алар башкаларга «жалпы христиандык биримдикке» жетүүдө Рим папасынын руханий үстөмдүгүн кабыл алууну сунуштап келишет. Константинополь чиркөөсү менен Ватикан бул багытта сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келишкени менен сүйлөшүүлөр натыйжа бере элек.

Протестанттык багыттагы конфессиялардын басымдуу бөлүгү экуменизмди колдойт. Алар маселени курч талаштар эмес, «ачык диалогго» баруу аркылуу чечүүнү натыйжалуу жол катары карашат. Башкаларга кескин шарт коюшпаганы менен алар кабыл алынуучу окууларда «инжилдик жөнөкөйлүктүн» сакталуусуна кызыкдар.

Учурда экуменизм бир катар диний уюмдар тарабынан чечкиндүү түрдө четке кагылып келет. Алардын ичинен биринчи болуп чет элдик орус православ чиркөөсү кескин каршы чыккан. Ага көп өтпөй орус православ эски жөрөлгөлөр чиркөөсү кошулган жана бирдиктүү анафема кабыл алган.

**Анафема** (грекче – каргыш) – чиркөө каргышы, адамды чиркөөдөн динден чыгаруу, Кудай тарабынан берилүүчү жакшылыктардан ажыратуу.

**Силер кандай ойлойсуңар, экуменизмдеги «Биримдик» идеясы ишке ашуусу мүмкүнбү?**

**Азыркы учурдагы экуменизм.** 2011-жылы Бүткүл дүйнөлүк чиркөөлөрдүн кеңешине 349 евангелиелик (инжилдик), англикандык, православдык уюмдар мүчө болушкан. Алар өз ичине 110 мамлекетте жашаган 560 млн адамды бириктирип турушат. Ар бир уюм Кеңештин иш алып баруусун камсыздоо үчүн мүчөлүк акы төлөйт. Төлөмдөрдүн көпчүлүк бөлүгү (39%) Германияда жайгашкан уюмдардын үлүшүнө туура келет. Бирок эң чоң уюм болуп Орус православ чиркөөсүнүн Москва патриархаты саналат.

Азыркы учурда Бүткүл дүйнөлүк чиркөөлөрдүн кеңешинин Женевадагы штаб-квартирасында 131 адам туруктуу иштейт.

Эл аралык абалдын жана дүйнөлүк каржылык кризистердин таасиринде уюмда каржылык тартыштык келип чыккан. Андыктан экономикалык чаралар кабыл алынып, кеңешке таандык кыймылсыз мүлктөрдүн (жер участогу) бир бөлүгү сатылган.

Кеңештин иш алып баруусу БУУнун (Бириккен Улуттар Уюму) иш алып баруу үлгүсүндө жүргүзүлөт. Кеңештин башкы органы – Ассамблея 6–8 жылда бир чогулат. Ассамблеянын жүрүшүндө шайланып туруучу Борбордук комитет ассамблеялар аралыгындагы кеңештин саясатын аныктайт.

Кеңештин Башкы катчысы жетектеген Ассамблеянын Секретариаты, Борбордук комитеттин жана уюмдун жергиликтүү бөлүмдөрүнүн иш жүргүзүүсүн камсыздайт. Учурдагы Башкы катчы Джерри Пиллей расмий түрдө 2023-жылдын 1-январынан бери иштеп келет.

**Бүткүл дүйнөлүк чиркөөлөрдүн кеңешинин уюмдашуусунун принциптерин Бириккен Улуттар Уюмунун уюмдашуу принциптерине окшоштурушат. Ошол эле учурда анын иш алып баруусунда диний-руханий кызыкчылыктарга караганда саясий кызыкчылыктар басымдуулук кылат деп айтылып келет.**

**Силер кандай ойлойсуңар, бул айтылган сындар канчалык деңгээлде негиздүү?**

**Уюмдун ишмердүүлүгү расмий түрдө жалпысынан төрт негизги багытта жүргүзүлөт:**

1 ● түрдүү христиандык агымдарды бир чиркөөгө бириктирүү;

2 ● биргеликте иш алып баруу;

3 ● жалпы миссионердик ишмердүүлүк (динди жайылтууга багытталган ишмердүүлүк) жүргүзүү;

4 ● чиркөөнүн ыйык жөрөлгөлөрүн бирге аткаруу.

Жалпылап айтканда, экуменизмди диний либерализмдин жана модернизмдин заманбап көрүнүшү катары кароого болот.

**Либерализм –** эркиндикти, демократияны талап кылган, коомдогу өзгөрүүлөрдү эволюциялык, реформа жолу менен ишке ашырууну жактаган идеологиялык жана саясий агым.

Экуменизм кыймылы расмий түрдө 1937–1948-жылдары уюшулган. Бирок 1910–1930-жылдары эле протестанттар тарабынан конференциялар өткөрүлүп турган. Бул жылдардын аралыгында бир катар коомдор жана уюмдар түзүлгөн. Алардын эң ириси болгон Эл аралык миссионердик кеңеши биринчи эл аралык экуменисттик уюм деп санашат.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Экуменизм – бул…
- Секуляризация – бул...
- Бирдиктүү чиркөө – бул…
- Экуменисттик уюмдар – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Экуменизм деген эмне?
2. Экуменисттик кыймылды түзүүдө кандай милдеттер коюлган?
3. Ар түрдүү христиандык конфессиялардын экуменизмге мамилеси кандай болгон?
4. Эмне үчүн православ чиркөөсү экуменизмге каршы чыккан?
5. Азыркы мезгилде кандай экуменисттик уюмдар бар?

## § 12. Ислам дининин пайда болушу жана өнүгүшү

**Негизги түшүнүктөр:**
Курейш уруусу, Мухаммед пайгамбар, Кааба, Хижра

**Эстегиле!**
Азыркы учурдагы экуменизм кыймылы кандай иш-чараларды жүргүзүп турат?

**Ислам дининин пайда болуу себептери.** Ислам дини – дүйнөлүк негизги үч диндин бири. Ал VII кылымдын башында Аравия жарым аралында пайда болгон. Ислам дининин келип чыгуусуна ошол мезгилде түзүлгөн саясий жана экономикалык себептер да түрткү берген.

Аравия жарым аралында эзелтен эле маанилүү соода жолдору өткөн. Соода жолдорунун бойлорунда шаарлар пайда болуп, айрымдары ири соода-экономикалык борборлорго айланган. Мындай шаарлардын ортосунда өз ара тынымсыз атаандашуулар да жүрүп турган.

Византия, Персия сыяктуу күчтүү мамлекеттер жарым аралдагы соода жолдоруна көзөмөлдүк орнотууга умтулушкан. Персиянын күч алуусу менен аймактагы соода байланыштары жарым аралдын түндүк бөлүгү менен жүргүзүлгөн. Анын натыйжасы түштүктөгү соода жолдорунун боюндагы шаарларга терс таасирин тийгизген. Соода жолдорунда тейлөө кызматтарын көргөзүү менен алектенген түштүктөгү шаарлардын калкынын жашоо шарттары кескин начарлаган.

Экономикалык кыйынчылыктар социалдык карама-каршылыктарды күчөткөн. Өзгөчө шаар калкынын ичинде социалдык карама-каршылыктар кескин курчуган. Жалпы арабдык саясий борбордун жоктугунан ич ара согуштар көп болуп, чарбаны бүлгүнгө учуратып турган. Көчмөн жана жарым көчмөн чарба жүргүзүшкөн араб урууларында уруулук түзүлүш ыдырай баштаган. Мындан сырткары көп Кудайга ишенүү бул уруулардын бирдиктүү коомго биригүүсүнө тоскоолдук жаратып келген.

Борборлошкон мамлекетти түзүү жана бирдиктүү диний ишенимге биригүү кризистен чыгуу жолдорунун бири эле.

Ал уруулук көп Кудайга сыйынууну жоготуп, социалдык карама-каршылыктардын азайышына алып келмек. Элди руханий чөйрөдө бириктирүүчү бирдиктүү идеологияга карата муктаждык күч алган. Ал эми ислам дини так ошондой күчтүү идеология болуп калган.

**Мекке шаары соода жолунун боюнда жайгашкандыгы белгилүү. Шаардыктар ары-бери өткөн соода кербендерине тейлөө кызматтарын көргөзүп турушкан.**

**Айрым маалыматтар боюнча шаар мурда «Беккет» же «Бекет» деп аталган. Бул аталыш кыргыз тилиндегидей эле маанини түшүндүргөн.**

**Силер кандай деп ойлойсуңар, шаардын аталышы менен жайгашуусунун байланышы барбы?**

**Исламга чейинки ишенимдер.** Исламга чейинки диний ишенимдери боюнча арабдар бутпарастык ишенимдерге жакын политеисттик динди карманышкан. Ар бир уруунун өзүнүн диний ишенимдери жана сыйынган Кудайы болгон. Бирок акырындык менен күчтүүлүк кылган уруулардын ишенимдери майда уруулардын ишенимдерин сүрүп чыгара баштаган. Мекке шаары менен анын айланасында жашаган курейш уруусу дал ушундай күчтүү уруулардын бири болуп эсептелген.

Курейш уруусу Мекке шаарындагы башка уруулар үчүн дагы ыйык саналган Каабага көзөмөлдүк кылып келген.



Каабанын исламга чейинки болжолдуу көрүнүшү

Каабанын тегерегинде Аравиядагы уруулар сыйынып келишкен кудайлардын айкелдери орнотулган. Бүткүл жарым арал боюнча Мекке шаарына жыл сайын миңдеген арабдар Каабага өздөрүнүн кудайларына зыярат кылуу үчүн барып турушкан.

Исламга чейин деле Аравияда монотеисттик диндин өкүлдөрү жашаган. Бул аймактарда мурдатан эле иудаизм жана христиан диндери кеңири таралган. Андан сырткары, аларга тиешеси жок, бирок жалгыз Кудайга сыйынган ханифтер жашап келишкен. Баштапкы исламдын калыптанышына иудаизм, христианчылык, зороастризм, манихеизм жана эски араб ынанымдарынын ырым-жырымдары күчтүү таасир тийгизген.

**Мухаммед пайгамбардын өмүрү жана исламдын таралышы.** Ислам дининин келип чыгуусу анын негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбардын өмүрүнө тыгыз байланыштуу. Мухаммед пайгамбар 570-жылы Мекке шаарында төрөлгөн. Атасы Абдулла ал төрөлө электе эле кайтыш болгон. Мухаммед 6 жашка чыкканда энеси Аминадан ажыраган. Ошондон кийин ал Мекке шаарындагы кадырлуу адамдардын бири болгон чоң атасы Абу Муталибдин колуна өткөн. Сегиз жашында чоң атасынан ажыраган баланы атасынын бир тууганы Абу Талиб өз карамагына алган.



Масжид Набавинин түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан
Мухаммед пайгамбардын күмбөзү

Мухаммед 12 жашка чыкканда Абу Талиб аны соода иштери боюнча алыскы Шам (Сирия) өлкөсүнө чейин алып барган. Ал 25 жашка чыкканда кайрадан алыскы аймактарга соода иштери менен чыгып баштаган. Бирок бул жолу өзүнөн 15 жаш улуу бай жесир аял Хадижанын кол астында кызмат кылган. Мухаммеддин түз жүргөндүгүн, адилеттүүлүгүн, чынчылдыгын баалаган Хадижа ага бардык каражаттарын ишенип тапшырган. Хадижанын сунушу менен Мухаммед ага үйлөнгөн.

Пайгамбардык милдетти өз мойнуна алган Мухаммед исламды жайылтууга умтулган. Ал адамдарды жалгыз Кудайга – Аллага сыйынууга жана күнүмдүк жашоодо бир катар эрежелерди кармаанууга чакырган.

610-жылы Мухаммед 40 жашка чыкканда ага Жебрейил периште жолугуп, Кудай тарабынан пайгамбар катары тандалып алынгандыгын билдирген.

Бул эрежелерде чыр-чатактарга, зомбулукка, киши өлтүрүүгө, талап-тоноочулукка, сүткорлукка, бузукулукка ж.б. терс көрүнүштөргө тыюу салынган. Жаңы дин бардык адамдар үчүн Кудай алдында тең укуктуулукту, адилеттүүлүктү убада кылган. Ал адамдарга карата жакшы мамилени, бирин-бири сыйлоону, кайрымдуулукту жайылткан жана аялдардын мураскорлукка болгон укуктарын коргогон.

Бирок бардык адамдар эле жаңы динди тез эле кабыл алышкан эмес. Мухаммеддин көптөгөн жактоочулары жана анын өзү дагы куугунтукка кабылышып, ал тургай өмүрү үчүн коркунучтар да жаралган.

Натыйжада Мухаммед жана анын жолун жолдоочулар Меккеден Медина шаарына көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Мединага келген аралыкта шаардыктар талаштуу маселелерде бейтарап адам катары Мухаммедге көп кайрылып турушкан. Аларды натыйжалуу чечүүсү жана үлгүлүү жүрүм-туруму аркылуу кадыр-баркы өскөн.

Мухаммед пайгамбардын Медина шаарына көчүүсү менен ислам жыл санагы **хижра** башталат. Ал эми пайгамбар менен бирге Мединага көчүшкөн анын жолун жолдоочулары **мухаджирлер** деп аталып калышкан.

Барган сайын анын окуусун кабыл алгандардын да саны көбөйө берген. Медина уруулар биримдигинин башчылыгына келери менен Мухаммед пайгамбар Меккеге жүрүш жасаган. Бул жүрүш менен бирге исламды орнотуу үчүн ыйык согуш (газават, джихад) баштаган. Ал аскерлерге жетекчилик кылуу менен исламдын душмандарына каршы согуштарга өзү да катышкан. Мухаммед пайгамбар 630-жылы Мекке шаарын биротоло багындырган.

Меккедеги ыйык жай – Кааба идолдордон тазаланып, исламдын башкы ыйык жайына айландырылган. Көптөгөн араб урууларынын



Мекке шаарындагы Мусулмандардын ыйык жайы – Кааба

элчилери исламды жана пайгамбардын бийлигин кабыл алууга даяр экендиктерин билдиришкен. Акырындык менен ислам бүткүл Аравия жарым аралына тарай баштаган. 632-жылы Мухаммед Меккеге кайрадан зыяратка барган. Бул жүрүшүн аяктаган соң ушул эле жылдын 8-июнунда кайтыш болуп, сөөгү өзү жашаган Медина шаарына коюлган.

**Ислам дини жайыла электе араб уруулары көптөгөн кудайларга сыйынышкан. Мурдагы ишенимдерде Айдын Кудайы «Илах» деп аталган экен.**

**Силер кандай ойлойсуңар, «Илах» аталышы менен «Аллах» деген аталыштын байланышы барбы?**

Андан ары анын мураскорлорунун тушунда баскынчылык согуштардын жүрүшүндө ислам Аравиядан тышкаркы аймактарга жайылган.

Бир нече кылымдардын аралыгында исламдын чыгыш чеги Орто Азиянын түштүк райондоруна, андан ары Түштүк-Батыш Индияга жайылган. Батыш чеги боюнча ислам дини Африка континентинин түндүгүнө, Пиреней жарым аралына чейин жеткен.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Исламга чейинки ишенимдер – бул ...
- Курейш уруусу – бул ...
- Кааба – бул ...
- Хижра – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ислам дини кайсы кылымда кайда пайда болгон?
2. Ислам дининин пайда болуусуна кандай себептер түрткү берген?
3. Ислам динин алып келген, жайылткан пайгамбардын өмүр баяны жана ишмердүүлүгү тууралуу чакан аңгеме даярдагыла.
4. Мекке шаарында жайгашкан өзгөчө кара таш боюнча эмнени билесиңер? Ага карата кандай пикирлер, түшүндүрмөлөр бар?


# § 13. Ыйык Куран – мусулмандардын китеби

**Негизги түшүнүктөр:**
Куран, сүрөөлөр, аяттар, тафсир, кыраат

**Эстегиле!**
Исламдын дүйнөлүк динге айланышынын тарыхый шарттарын аныктап бергиле.

**Куран китеби.** Куран (аль-Куран-окуу) – мусулмандардын ыйык китеби жана диний окуусунун башкы булагы. Куран аяттары Мухаммеддин көзү тирүүсүндө оозеки сакталып келген. Пайгамбардын замандаштарынын каза болуусу менен Куран аяттарын жатка билген адамдар азая баштаган.


Ошентип, Куранды кагазга түшүрүү зарылчылыгы келип чыккан. Ал халиф Умардын учурунда башталып, Усмандын башкаруу мезгилинде аяктаган. Куранды толугу менен кагазга түшүрүүнү Зейд ибн Сабит ишке ашырган. Бул иш аткарылган соң түзүлгөн жыйнакты бардык мусулмандарга эч өзгөртпөй сактоо милдеттендирилген.




Куран жалпысынан 114 сүрөөдөн, ал эми сүрөөлөр бир канча аяттардан турат. Эң узак сүрөө 286 аятты, эң кыска сүрөө 3 аятты камтыйт. Куранда жалпысынан 6200дөн ашык аят, 320 миң тамга бар. Куран китебинде сүрөөлөр жаралуусу боюнча хронологиялык тартипте берилген эмес. Баш жагында эң узак сүрөөлөр, кыскалары аяк жагында жазылган.

Куранда ислам ишениминин негизги идеялары менен башкы принциптери камтылган. Анын мазмунунда ааламдын жаратылышы, адамзат тарыхындагы маанилүү окуялар берилген. Пайгамбарлардын ишмердүүлүктөрү, адамзаттын Кудай алдындагы милдеттери көргөзүлгөн. Куранда христиан жана иудаизм ишенимдери менен көптөгөн окшоштуктарды кезиктирүүгө болот. Исламда аны Жараткан Алла мурда да Муса жана Иса пайгамбарларга осуяттарды жөнөткөндүгү менен түшүндүрүшөт.

**Курандын мусулмандар үчүн мааниси.** Ислам окуусу боюнча Куран аяттары Мухаммед пайгамбарга Жебреил периште аркылуу жеткирилип турган.



**Куран**

Куран – ислам диний окуусунун негизи. Диний башкаруу үстөмдүк кылган өлкөлөрдө Куран – Шарият мыйзамдарынын башкы булагы. Курандан алынган Шарият мыйзамдары жарандык мыйзамдардан жогору турат

Куран – пайгамбар аркылуу адамдарга жеткирилген Жараткан Алланын сөзү. Аны өзгөртүүгө, бурмалоого болбойт жана андагы жазылгандарды ар бир мусулман адам аткарууга тийиш. Алла Куранды өзү коргоого алат.

Мухаммед пайгамбарга Жараткан Алла тарабынан жиберилген ачылыштар.

Мурдагы пайгамбарларга жөнөтүлгөн ачылыштардын уландысы.

Алланын адамдарга өзү тууралуу жөнөткөн билдирүүсү.

Курандын алгачкы аяты Алла тарабынан Кадыр түндө (Лейлат аль-Кадр) түшүрүлгөн. Мухаммеддин өмүрүнүн акырына чейин 23 жыл бою Курандын аяттары бөлүк-бөлүк болуп түшкөн. Аяттар Мухаммед пайгамбардын жашоосундагы маанилүү учурларда жана ар түрдүү кырдаалдарда жөнөтүлүп турган.

Курандын сүрөөлөрүнүн жаралуу доору боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Алардын түшүрүлүшүнүн мезгилин аныктоодо изилдөөчүлөр негизинен ишенимдүү деп саналган хадистерге таянышат. Жалпысынан алар Мекке жана Медина доорундагы сүрөөлөр болуп бөлүнөт. Мекке доорундагы сүрөөлөр пайгамбардын динди жеткирүү, тааныштыруу ишмердүүлүгү менен мүнөздөлөт. Ал эми Медина доорундагы сүрөөлөр негизинен мусулмандар аткара турган милдеттерди, тартиптерди камтыйт.

**Жогоруда Мекке доорундагы сүрөөлөр менен Медина доорундагы сүрөөлөрдүн негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу айтылган.**
**Силер кандай ойлойсуңар, бул өзгөчөлүктөрдүн себептери эмнеде?**

**Курандын чечмелениши жана изилдениши.** Ислам окуусунда Куран түздөн-түз Кудайдын кайрылуусу катары берилет. Мусулмандардын пикири боюнча мурдагы Ыйык Китептердин (Тоорат, Инжил) мазмуну адамдар тарабынан бурмаланган. Алла Куранды адамзатка бул каталарды оңдоо үчүн түшүргөн.

Куран аяттары араб тилинде берилип, бирок көптөгөн купуя маанилерди да камтыйт. Ислам кеңири жайылган сайын, анын мазмунун толук түшүнүү зарылчылыгы күчөгөн. Аны чечмелеп толук түшүндүрүү «тафсир» (чечмелөө) деп аталат. Тафсир тексттерге түшүндүрмөлөрдү берүүдөн турат. Курандын тексттерин чечмелөөдө пайгамбардын хадистери кеңири колдонулат.

Куранды чечмелөө – ислам теологиясында эң маанилүү илим. Ислам аалымдарынын пикири боюнча Куран илимий эмгек эмес. Бирок анда илимдин ар кыл тармактарына байланыштуу ачылыштар жана фактылар бар. Көптөгөн илимий ачылыштар жана теориялар Куранда мурда эле камтылган. Азыркы учурда да Куранды изилдөө аркылуу илимий ачылыштарды табууга болот деп эсептешет.

Бир катар дүйнөлүк белгилүү окумуштуулар, философтор да өз кезегинде Куран темасына кеңири кайрылышкан. Айрымдары Куранда камтылган илимий потенциалды чындык катары кабыл алышкан.

Куран ыр түрүндөгү уйкаштыкта берилген. Ал атайын ыргакта «кыраат» (таджвид) менен окулат. Ал бир нече түргө бөлүнөт жана маанисин сакташ үчүн так окууга басым жасалат.



Куран

Курандын түпкү маанисин бузбаш үчүн башка тилдерде сыйынууларды жүргүзүүгө тыюу салынат. Бирок ошол эле учурда ал дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулган. Куранды которуу анын маанисин толук түшүнүү үчүн гана колдонулат. Соңку жылдардын ичинде Куранды кыргыз тилине да бир нече жолу которушту. Бул котормолордун көпчүлүгү тафсирлери менен кошо берилген.

Куран дүйнөлүк маданиятка да терең таасир тийгизген. Анда чагылдырылган окуялар көптөгөн дүйнө элдеринин көркөм чыгармачылыгынын сюжеттерин түзүп калган. Аны кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгынын түрлөрүнөн көп кезиктирүүгө болот.

Курандын котормолору: биринчи жолу Куран орус тилинен 1991-жылы Эрнис Турсунов тарабынан которулган. Андан кийин Аллаудин Мансур тарабынан, үчүнчү жолу Шамсудин Абдыкалык уулу тарабынан которулган. Кийинки котормо Садык Гавай, Садыбакас Доолов, Дүйшөн Абдылдаев, Абдышүкүр Исмаилов тарабынан ишке ашырылган. Соңку жолу 2019-жылы Темираалы Кунашев тарабынан которулуп, жаңыча өзгөчө методикада тафсирленген.

**Куранды «ачылыштар китеби» деп да аташат. Силер кандай ойлойсуңар, ал кандай ачылыштарды камтыйт жана эмнени ачып берет?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Куран – бул ...
- Курандын аяттары – бул ...
- Тафсир – бул ...
- Кыраат – бул ..

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Куран деген сөз кандай маанини түшүндүрөт?
2. Куран кимге жана канча убакытта түшүрүлгөн?
3. Куран эмне себептен кагазга түшүрүлгөн?
4. Курандын түзүлүшү кандай?
5. Курандын мазмунунда эмнелер камтылган?
6. Куранды кандай максаттарда которууга уруксат берилет?

# § 14. Сунна – Мухаммед пайгамбардын өрнөгү

**Негизги түшүнүктөр:**
Сунна, хадис, халиф, мусулмандар жамааты

**Эстегиле!**
Куран кандай бөлүктөрдөн турат жана аны чечмелөө эмне максаттарда жүргүзүлөт?

### Суннанын мааниси

**Сунна (адат, мисал) – Мухаммед** пайгамбардын насааттары, ар түрдүү маселелер боюнча пикирлери жана өрнөктүү иштеринин жалпы аталышы.

Сунна – Курандан кийинки эле ислам окуусунун негизги булагы. Ал Куран менен тыгыз байланыштуу. Мусулмандар жашоосунун бардык тармактарында Курандан соң Суннаны дайыма туу тутушат. Куран мусулмандар үчүн Алланын сөзү болсо, ал эми Сунна пайгамбардын хадистерин түшүндүрөт. Мусулмандардын Куранда ачык белгиленбей калган жашоо эрежелери Сунна менен толукталат.

Сунна ислам укугу жаатында да өзгөчө жогору мааниге ээ. Фикх илиминде (мусулман укук таануу илими) суроо жараткан же талаштуу жагдайларда чечүүчү бүтүм хадистерге таянып жасалат. Эч бир факих (укук таануучу) Суннаны жакшы билбесе, укук жаатында кадыр-баркка ээ боло албайт.

Сунна Мухаммед пайгамбардын өрнөктүү иш-аракеттеринен, насааттарынан, жактырган жана жактырбаган пикирлеринен турат. Куранды толуктап, түшүндүрүп туруу менен Сунна мусулмандардын диний окуусунун Ыйык Насааты болуп саналат.

Сунна – ошол эле учурда мусулмандар үчүн негизги үлгү. Исламда Мухаммед пайгамбар мусулман адамы үчүн башкы идеал болуп эсептелинет. Анын жашоосу – бардыгы үчүн өрнөк. Ошондуктан мусулмандар бардык тарабынан Мухаммед пайгамбарды үлгү тутуу менен аны тууроого умтулушат.

Мухаммед пайгамбар бирдиктүү диний ишенимге бириккен алгачкы мусулман жамаатын негиздеген. Ал ошол эле учурда мамлекеттик жана диний башкарууну бирге жүргүзгөн. Анын көзү өткөн соң анын ордун халифтер (Абу-Бакр, Умар, Усман, Али) ээлеген.

Халифтердин мезгилинде жаңы аймактар баш ийдирилип, каратылып алына баштаган. Мурдагы чакан мусулман жамааты кеңейип, ар түрдүү элдерден жана диндегилерден турган чоң мамлекетке айланган. Мамлекетти башкаруу иштерине жана коомдук мамилелерди жөнгө салууда укуктук ченемдерди (нормаларды) киргизүү зарылчылыгы келип чыккан. Мындай ченемдер биринчи кезекте Курандан алынган. Бирок жалгыз гана Куранга таянып бул иштерди аткарууга мүмкүн эмес эле. Андыктан пайгамбардын насааттарына кайрылууга туура келген.

Мухаммед пайгамбар көзүнүн тирүүсүндө тигил же бул иштер боюнча көз карашын, пикирин билдирип турган. Талаштуу ж.б. жагдайларды көрсөтмөлөрү аркылуу чечип турган. Анын кайсыл бир маселелер боюнча жактыруусу же жактырбоосу да чоң мааниге ээ болгон.

Алгачкы халифтердин диний же укуктук маселелерди чечүүдө тажрыйбалары жетишсиздик кылган. Алар кайсыл бир чечимдерди кабыл алууда пайгамбардын өрнөгүнө кайрылышкан. Болушунча пайгамбардын жолун туура улантууга умтулушкан.

Натыйжада мусулман жамаатынын коомдук турмушундагы түрдүү маселелерин чечип туруучу өрнөктөр – Сунна жаралган.

**Сунна жана мусулмандар жамааты.** Сунна негизинен алгачкы халифтердин мезгилинде түзүлгөн. Анда мусулман жамаатынын

ич ара мамилелерин жөнгө салып туруучу тартиптер калыптанган. Бирок ошол эле учурда Сунназы кабыл алууда мусулман жамаатынын ичинде айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар пайгамбардан кийин мусулман жамаатын ким башкарат деген талаштан улам келип чыккан. Себеби Мухаммед пайгамбар тирүү кезинде өзүнөн кийин мусулман жамаатын башкаруучу мураскорун ачык дайындаган эмес. Ошондуктан алгачкы халифтер жамаат тарабынан көпчүлүктүн колдоосу менен дайындалган.

Бул келишпестик мусулмандар жамаатынын эки чоң агымга бөлүнүшүнө алып келген. Алгачкы үч халифтин (Абу-Бакр, Умар, Усман) башкаруусун жана алардын учурундагы калыптанган тартипти кабыл алгандар сунниттер деп аталып калышкан. Алардын башкаруусуна каршы болуп, Алинин башкаруусун мыйзамдуу деп санагандар өздөрүн шииттер деп аташкан.

**Мухаммед пайгамбар тирүү кезинде өзүнүн ордун басуучу адамды дайындаган эмес деп айтылат. Көпчүлүктүн тандоосу менен Абу Бакр халиф болуп калган.**

**Силер кандай ойлойсуңар, аны кандай талаптар же себептер менен халиф шайлашкан?**

**Суннанын курамы жана хадистер.**

Сунна жалпысынан төмөндөгү элементтерден турат:

- Мухаммед пайгамбардын кылган иштеринен (фиъль);
- Мухаммед пайгамбардын насааттарынан (кауль);
- Мухаммед пайгамбардын сыртка айтылбаган жактыруусунан (такрир).

Сунна пайгамбардын жакын адамдары тарабынан оозеки айтылып келген. VIII–IX кылымдарда ал хадистер түрүндө жазыла баштаган. Ар бир хадис эки бөлүмдөн (иснад жана матна) турат. Анын биринчи бөлүгү хадисти жеткирүүчү адамдарды сүрөттөсө, экинчи бөлүгү айтылган сөздүн негизги мазмунун камтыйт.

IX кылымга карай көпчүлүк мусулмандар ишенимдүү деп таанылган негизги хадис жыйнактары топтолгон. Ага аль-Бухари, Муслим, ибн Маджи, Абу Дауда, Тирмизи, ан-Насаи тарабынан жыйналган хадистер кирет.

| Хадис жыйноочулар | Жашаган жылдары | Хадистердин саны |
|---|---|---|
| аль-Бухари (Абу Абдуллах Мухаммад ибн Исмаил аль-Бухари) | 810–870-жылдар | 7 миңге жакын хадис |
| Муслим (Асакир-ад-дин Абу-ль-Хусейн Муслим ибн аль-Хаджжадж ан-Найсабури) | 821–875-жылдар | 12 миң хадис |
| ибн Маджи (Абу Абдуллах Мухаммад ибн Язид аль-Казыини) | 824–886-жылдар | 4300 хадис |
| Абу Дауд (Абу Дауд Сулейман ибн аль Аш̓ас аш-Сиджистани) | 817–888-жылдар | 4800 хадис |
| Тирмизи (Абу Иса Мухаммад ибн Иса ат-Тирмизи) | 824–892-жылдар | 4 миң хадис |
| ан-Насаи (Абу Абдуррахман Ахмад ибн Шуайб ан-Насаи) | 829–915-жылдар | 1700 хадис |

Хадистер мааниси жана мазмуну боюнча көп түргө бөлүнөт. Айрым учурларда кээ бир хадистер бири-бирине мааниси жагынан карама-каршы келген учурлар кездешет. Ошондуктан аны изилдөөдө ким тарабынан жеткирилгени жана жазып алынганы маанилүү. Алар маанилүүлүгү боюнча ишенимдүү (сахих), жакшы (хасан) жана ишенимсиз болуп бөлүнөт.

Хадистер жөн гана насааттар болуп саналбайт. Хадистердин маңызы Куранда берилгендердин маанисин ачып бергендигинде. Мисалы, Куранда намаз окууга милдеттендирилсе, хадистерде аны кантип туура аткаруу көргөзүлгөн.

Белгилүү хадис жыйноочу аль-Бухари өз өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн хадистерди чогултууга арнап, көптөгөн убаракерчиликтер менен кыйла маалыматтарды топтогон. Бирок ошол эле учурда топтогон хадистерди башкаларга жеткирүүдө өзүнө жоопкерчиликтүүлүк менен мамиле кылууга умтулган. Ал жалпысынан 700000 хадис чогултуп, 7 миңден ашык хадисти гана жыйнакка киргизген.

Мусулмандар үчүн илим-билим алуу милдет болсо, хадистерде анын акыбети кандай болору айтылат («Ким билим алуунун жолуна түшсө, ага жараткан Алла бейишке баруучу жолду жеңилдетет» Муслим).

Мухаммеддин айтуусунда ал айтпаган нерселерди кошуп айткандар Алла тарабынан сөзсүз жазаланат. Бул сөздөр хадис жыйноочуларга өз убагында терең таасир берген. Ошондуктан алар хадистерди жыйноодо кылдат талдоо жүргүзүшкөн.

**Жогоруда таблицада берилген хадис жыйнактарын дээрлик көпчүлүк мусулман мамлекеттеринде ишенимдүү булактар деп таанышат.**

**Негизги хадис жыйнактарынын баары тең Мухаммед пайгамбардын көзү өткөндөн бир нече кылымдан кийин топтолгон.**

**Силер кандай ойлойсуңар, ушунча узак мезгилдер бою хадистер чындап эле өзгөрбөй сакталып келиши мүмкүнбү?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Сунна – бул ...
- Мусулмандар жамааты – бул ...
- Хадистер – бул ...
- Хадис жыйноочу – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Сунна эмнени түшүндүрөт?
2. Суннанын пайда болуу себептери.
3. Эмне үчүн мусулмандар эки чоң агымга бөлүнгөн?
4. Сунна кандай элементтерден турат?
5. Хадистер эмне себептен жазыла баштаган?

# Умма

## § 15. Умма – мусулмандардын бирдиктүү коому

**Негизги түшүнүктөр:**
Умма, вали,
коом, укуктук система

**Эстегиле!**
Хадистин
кандай түрлөрү бар?

**Умма түшүнүгүнүн келип чыгуусу.** Биринчи мусулман уммасы (жамаат, коом) Мухаммед пайгамбардын өзү тарабынан түзүлгөн. Тарыхый жагынан алгачкы мусулман уммасы катары Мухаммед пайгамбардын жолун жолдоочу алгачкы мусулмандар тобун атоого болот. Бул мезгилдерде Мекке шаарында жашоо пайгамбардын өзү жана анын жолдоочулары үчүн өтө кооптуу эле. Алар ар кандай кырдаалдарга карабастан пайгамбарга ишенимдүү жана өз ара ынтымактуу бойдон калышкан. Саны 80–100 адамдын тегерегиндеги бул адамдар пайгамбар Мединага жер которгондо бирге көчүшкөн.



622-жылы 16-июлда Мухаммед пайгамбар Меккеден Мединага көчкөн

Бирок расмий түрдө мусулман уммасынын түзүлүшү Мухаммед пайгамбардын Мединага келишинен башталат. Медина шаарында буга чейин эле калыптанган коомдук жана жамааттык мамилелердин системасы бар болгон. Исламды кабыл алган мединалыктар өздөрүн умма деп аташып, Мухаммед пайгамбарды өздөрүнө Вали (өзгөчө укуктарга ээ, жамааттын башчысы) кылып дайындап алышкан.

**❁ Медина шаары мурда Йасриб деп аталган. Ал эми Медина аталышынын киргизилиши Мухаммед пайгамбарга байланыштуу болуусу мүмкүнбү?**

Мухаммед пайгамбардын жашоосунун соңку мезгилдеринде ислам дини Аравия жарым аралынын дээрлик бардык бөлүгүнө таркаган. Пайгамбардын көзү өткөн соң «умма» сөзү анын өрнөгүн улантуучу туура жолдогуларды билдирген. Бир канча убакыттан кийин исламдын кеңири жайылуусу менен «аль-умма» термини жалпы мусулмандар биримдигин түшүндүрүп калган.

VII кылымда мусулман жамааты ээлеген жери (дар аль-ислам) жана мамлекеттик түзүлүшү (халифат) боюнча аныкталган. Бирок ошол эле учурда башка аймактарда жашаган мусулмандар да умманын мүчөсү болуп саналышкан. Азыркы учурда умма термини кеңири мааниде жалпы мусулмандар коомчулугун түшүндүрөт (мисалы: умма исламия). Ошол эле учурда тар мааниде элдерди улуттук белгилер боюнча бөлүп айтууда да умма термини (мисалы, умма арабия) колдонулуп келет.

**❁ Силер кандай ойлойсуңар, азыркы учурда бүткүл дүйнө боюнча бирдиктүү умма түзүлүүсү мүмкүнбү?**

**Мусулман уммасы.** Башында исламда диний жетекчилик менен коомду башкаруу бөлүнүп каралбаган. Ошондуктан исламда башка диндердегидей диний институттар түзүлгөн эмес. Мусулман коомун башкаруу адамдардын эмес, Алланын эркине жана каалоосуна ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Мухаммед да өз кезегинде мусулман жамаатын жетектөөдө чыгарган чечимдерин башкаларга ушундай түшүндүргөн.

Мусулман адамдын негизги кызыкчылыктары бул жашоо менен чектелбеши керек. Ал өз жашоосун бул дүйнөдөн өткөндөн кийинки чыныгы жашоого даярданышы керек.

Исламда Жердеги жашоо – бул адамды сыноо катары, ал кийин жок болот. Ал эми кийинки жашоо – түбөлүктүүлүк жана тирүүсүндө жасаганы үчүн сыйлык.

Адам кылган иши үчүн жазага тартылса да, Алладан кечирим суроого тийиш. Чыныгы кечирим Алла тарабынан гана берилет. Ага жетүү үчүн баары чын ниеттен болуусу шарт.



Бишкек шаарындагы Айт намазы

Исламда түздөн-түз милдеттүү жамааттык жоопкерчилик жок, ар бир адам өзү үчүн жооптуу. Ар бир жан Кудай алдында өз жосундарына жооп берүү менен башканын жүгүн көтөрбөйт. Мусулман бир күн менен жашоого тийиш эмес жана анте албайт. Ал дайыма Жердеги жана тиги дүйнөдөгү келечек жөнүндө ойлоого тийиш.

Исламда мусулман адамы өзүн умманын мүчөсү экенин сезип турууга милдеттүү. Ал керек учурларда умма үчүн кызмат кылууга да тийиш. Анын умма үчүн кылган кызматы биринчи кезекте өзү үчүн, тагыраак айтканда, Алланын ыраазычылыгына жетүү үчүн жасалат.  Андыктан мусулман адам уммага кылган кызматын милдет кылбайт.

Мусулман жамааты – бирдей максатка багыт алган топ. Ошондуктан кандайдыр бир деңгээлде жамааттык жоопкерчилик милдети жана сезиминин болуусу – адаттагы көрүнүш. Башка адамдарга дин багытында кеңеш, жардам берүү, жол көргөзүү мусулмандык милдет катары каралат. Мусулман адам жакындарынын жана жамааттын алдында да жоопкерчилигин сезе билиши керек. Мусулман адам ишенимге шек келтирбесе, жамааттын чечимдерине баш иет.

**Мусулман коомдун мүчөсү катары.** Ар бир мусулман динди кармануу менен бирге такыбалыкка жетүүгө умтулат. Ишеними бекем, диний осуяттарды, жөрөлгөлөрдү так аткарган адам такыба же момун мусулман деп аталат. Момун мусулман болуу андан сырткары башка мусулмандарга зыянын тийгизбегендиги менен да өлчөнөт.

Исламдын практикасында:

| чечимдерди кабыл алууда; | талаштуу иштерди чечүүдө; | сыйынуу жөрөлгөлөрүндө ж.б. учурларда. |
|---|---|---|

Мусулман болуу өзүнө таандык милдеттерди аткарууну гана эмес, терең маанидеги жашоо образын түшүндүрөт. Бул жашоо образы:

- ишенимде жана дүйнө таанымда;
- коомдук мамилелерде;
- үй-бүлөлүк мамилелерде;
- жүрүм-турумдарда чагылдырылып турат.

Мусулман адамдын коомдогу орду анын башкалар менен мамилесине байланыштуу. Исламда көпчүлүктүн же жамааттын ролу дайыма жогору саналат. Мусулмандардын коомдогу өз ара мамилелерин жөнгө салуу зарылчылыгы акырындык менен укуктук системанын калыптануусуна алып келген. Натыйжада диний багыттагы күчтүү укуктук система түзүлгөн.

**Мусулман адам башкаларга зыянын тийгизбеши керек деп айтылат. Башкаларга зыян тийгизбей жашоо дегенди кандай түшүнөсүңөр?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Мусулман уммасынын түзүлүшү – бул ...
- Исламда умма – бул ...
- Жеке жоопкерчилик – бул...
- Мусулман адамдын коомдогу орду – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Исламда умма деген сөз эмнени түшүндүрөт?
2. Жеке жоопкерчиликтен жамааттык жоопкерчиликтин айырмасы барбы?
3. Момун же такыба мусулман деген сөз эмнени түшүндүрөт?
4. Мусулман адамдын жашоо образы кайсы учурларда чагылдырылып турат?

## § 16. Ислам укуктук ченемдери

**Негизги түшүнүктөр:**
Шарият, фикх, классификация, ислам укуктук ченемдери

**Эстегиле!**
Мусулмандарда жамааттын ролу кандай бааланат?

**Шарият.** Мусулман укугун белгилөө үчүн эреже катары эки негизги термин – «Шарият» жана «Фикх» колдонулат.

Шарият (араб. «түз, туура жол») мусулмандын жашоосунун бардык тарабын:

- диний жоболорду;
- культту;
- этиканы;
- социалдык мамилелерди жөнгө салат.

Шарияттын жана анын курамдык бөлүгү – фикхтин башатын Куран жана Сунна түзөт. Шарият VII кылымда калыптана баштаган. Ислам окуусунда «Шарият» термини – аны жолдоо менен өрнөктүүлүккө жана жыргалчылыкка алып баруучу жол. Ал Кудайдын ырайымынан үмүт кылууга мүмкүндүк берүү үчүн Алла тарабынан адамдар үчүн белгиленген.

Шарият – универсалдуу ченемдик система. Ал мусулмандардын жашоосунун бардык чөйрөсүндөгү жүрүм-турумун, сезимдери менен ой жүгүртүүсүн жөнгө салат.

Шарият өз ичине төрт ченемдик элементти камтыйт:

1 ● исламдын диний догматикасын (жоболорун);

2 ● мусулман моралы менен этикасын;

3 ● мусулмандын Аллах менен мамилелерин жөнгө салуучу ченемдерди – негизги диний милдеттерди аткаруу тартибин;

4 ● мусулмандардын өз ара мамилелерин жана мусулман эместер менен мамилелердеги жүрүм-турум эрежелерин.

Ченемдердин акыркы экөөсү тышкы жүрүм-турумдарды жөнгө салып турат. Алар «фикхке» бириктирилет да, кеңири мааниде мусулман укугу деп аталат. Ошол эле учурда анын курамынан негизги диний милдеттерди аткаруу эрежелерин да табууга болот.

Шарият мусулмандардын жашоосунун дээрлик бардык чөйрөлөрүн жөнгө салып турат. Ал көптөгөн рационалдуу көрсөтмөлөрдү камтыйт:

| | | |
|---|---|---|
| чынчылдык | уурулук кылбоо | аялы менен балдарына камкордук көрүү |
| өз эмгеги менен жашоо | балдарды кордобоо | кечире билүү |
| киши өлтүрбөө | берген убадасын аткаруу | чыдамдуу жана такыба болуу |
| жардыларга, кайырчыларга жана жетимдерге жардам берүү | ата-энеге кам көрүү | аракеч болбоо; кумар оюндарына азгырылбоо ж.б. |

**Шарияттын классификациясы.** Мусулман укугунун окуусу жалпы мусулман укугунун бардык ченемдерин (нормаларын) мазмуну боюнча эки негизги топко бөлөт.

**Биринчи топ** адамдын тигил же бул жорук-жосундарын баалоону камтуучу көрсөтмөлөрдөн турат. Ал өз ичинен беш категорияга бөлүнөт:

- **парз** – аткарууга милдеттүү деп эсептелген иш-аракеттер;
- **сунна** – аткаруу зарыл деп саналган, бирок аткарууга милдеттендирилбеген жактырылуучу иш-аракеттер;
- **мубах** – ыктыярдуу иш-аракеттер (адамды милдеттендирбейт жана динде да тыюу салынбайт);
- **макүрөө** (макрух) – түздөн-түз тыюу салынбаган, бирок жактырылбаган иш-аракеттер;
- **арам** (харам) – катуу тыюу салынган иш-аракеттер.

Милдеттүү парз жосундары жакшы тилектер менен гана жасалууга тийиш, мына ошондо алардын акыбети болот. Ал эми тыюу салынган арам жосундар жазалоого татыктуу. Ал Шарият соту аркылуу жазаланат. Сунуш кылынган сүннөт жосундарын жасоого болот, ал эми жактырылбаган макүрөө жосундарды жасоого болбойт. Адамдын көпчүлүк жосундары уруксат кылынган жосундар категориясына киришет. Алар үчүн Шарият мыйзамдары боюнча адамга сыйлык да, жаза да берилбейт. Ар бир жосунду баалоо адам кандай ниетте жасагандыгы аркылуу негизделет.

**Эгер Шарияттын категориялары менен карай турган болсок, билим алуу кайсы категория менен каралуусу мүмкүн?**

Шариятты, же болбосо моралдык ченемдерди (нормаларды) бузган бардык иш-аракеттер мусулман соту тарабынан жазаланат.

**Экинчи топко:**

- кандайдыр бир кырдаалдардагы жүрүм-турум эрежелери;
- кандайдыр бир кырдаалдарда кабыл алынган иш-аракеттердин шарттары;
- кабыл алынган чечимдердин кесепеттерин аныктоочу ченемдер жана берилүүчү жазалар кирет.

Экинчи топтогу укуктук ченемдер каралуучу маселелердин кесепеттерине жана натыйжаларына түздөн-түз байланыштуу. Ага мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| атайылап киши өлтүргөндүгү үчүн кабыл алынган өлүм жазасы; | жалган жалаа жапкандыгы үчүн сабоо; | уурулук кылгандыгы үчүн колун кесе чабуу; | акылы кем адамдын көрсөтмөлөрүн жокко чыгаруу ж.б.у.с. |

Мусулман укугунун бардык ченемдери диний милдеттердин эрежелерине жана коомдук мамилелердин ченемдерине (нормаларга) бөлүнөт.

Ченемдердин экинчи тобу өз кезегинде төмөндөгүдөй үч негизги тармакка ажыратылган:

1) жеке статус укуктары;
2) кылмыш-жаза укугу;
3) мусулман жарандык укугу.

| Укуктардын түрлөрү | Каралуучу жагдайлары |
|---|---|
| Жеке статус укуктары | Нике, ажырашуу, тууганчылык, үй-бүлөнү материалдык камсыздоо, балдарды тарбиялоо боюнча милдеттер, керээз, «мыйзам боюнча» мурастоо, камкордукка алуу (опека), камкорчулук, укук жөндөмдүүлүгүн чектөө ж.б.у.с. |
| Кылмыш-жаза укугу | Салыштырмалуу белгилүү бир схемалуулугу жана деталдашуусунун аздыгы менен айырмаланат. Бул тармактын өзгөчөлүгү ал бардык укук бузуулар үчүн алардын мүнөзүнө карабастан, жазалоо чараларын камтыгандыгында болуп саналат. |
| Мусулман жарандык укугу | Менчик маселелери, келишимдердин ар кыл түрлөрү жана аларды камсыз кылуу жана милдеттенмелерди аткаруу тартиби ж.б.у.с. |

Талаш меселелерди чечүүдө жана жоопкерчиликти аныктоодо Шарияттa биринчи кезекте диний ченемдерге артыкчылык берилет. Андан соң гана адеп-ахлактык ченемдерге басым жасалат.

**Ислам укуктук мектептери.** Ислам укуктук системасы мазмуну боюнча кыйла татаалдыгы менен өзгөчөлөнөт. Исламдын жаралуу мезгилинен тартып эле ар кыл маселелерде талаш-тартыштар болуп, ал укуктук ченемдерди жана эрежелерди талап кылган.

Ушундан улам аны юридикалык жактан негиздөө зарыл болуп, диний укуктук мектептер түзүлгөн. Бул укуктук мектептер мазхабдар деп аталат. Алар бири-биринен айырмаланып турганы менен **Курaнга, Суннага** жана **Шарияттын** мыйзамдарына таянышат.

Акырындык менен ислам укуктук ченемдери көптөгөн өлкөлөрдүн мыйзамдарынын негизине айланууда. Бирок айрым ислам мамлекеттери, мусулман укуктарынын негизин сактоо менен олуттуу мыйзам чыгаруу реформаларын жасашты. Мисалы, мусулман укугу инсандар аралык мамилелердин бардык эле жактарын жөнгө сала бербейт. Алардын бир катары үрп-адат аркылуу же мамлекет тарабынан жөнгө салынат. Бул болсо азыркы дүйнөгө ыңгайлашуунун дагы бир башка мүмкүнчүлүгүн жаратып, Шарият укугунун системасы акырындап өзгөрүүдө.

Азыркы учурда дүйнөнүн 51 өлкөсүндө ислам дини басымдуулук кылса, 28 мамлекетте ислам мамлекеттик же расмий дин катары таанылган.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Умма – бул ...
- Шарият – бул ...
- Фикх – бул ...
- Ислам укуктук мектептери – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

5. Мусулман уммасы деген эмне?
6. Жеке жоопкерчиликтен жамааттык жоопкерчиликтин айырмасы эмнеде?
7. Момун мусулман деп кандай адам аталат?
8. Мусулман укугу эмне деп аталат?
9. Шариятты бузуучу иш-аракеттер ким тарабынан жазаланат?

# § 17. Исламдагы негизги окуулар

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
|---|---|
| Диний окуу, догма, ибилис, пайгамбарлар, элчилер, акыр кыямат | Мусулмандарда жамааттын ролу кандай бааланат? |

**Исламдын диний окуусу.** Исламдын диний окуусу анын негизги жоболоруна (догма) таянат.

Башка бардык диндер сыяктуу, ислам динине ишенүү анын негизги өзөгүн түзөт. Динди кармануу, андагы милдеттерди аткаруу биринчи кезекте ишенимден башталат. Эгер адам ишеними бекем эмес болсо же шек келтирсе, динден чыгып калуусу мүмкүн. Ишенимдин башаты – Кудайга ишенүү. Ошол эле учурда мусулман адамы динде берилген Шарияттын негиздерине толук ишенүүсү керек. Алардын бирөөсүнө эле шек келтирүү Аллага шек келтирүүгө барабар.

1) Аллага ишенүү – ишенимдин биринчи предмети. Ислам башка монотеисттик диндерге караганда, жалгыз Кудайга ишенүү

маселелеринде кыйла бекем. Ал – кудуреттүү, баарын билүүчү, бардык жерде болуучу, дүйнөнүн эгеси, бардык нерселердин жаратуучусу. Кудай бирөө гана жана анын бар экенине шектенүүгө болбойт. Мусулмандын башкы изгилиги – Аллага моюн сунуу. Дүйнөнү жараткан Аллага башка эч бир затты теңештирүүгө болбойт.

2) Периштелер менен жиндерге ишенүү – ишенимдин экинчи предмети. Алла акыл-эстүү жандыктардын эки уругун – периштелер менен жиндерди адамзатка чейин жараткан. Алар анын эрки менен чечимдеринин жарчылары жана аткаруучулары болушат. Жер менен асман көрүнбөгөн тепкич аркылуу бириктирилген. Аны менен периштелер гана ылдый түшүп, жогору көтөрүлүп турушат. Жебрейил, Микаил, Исрафил, Азрейил, Малик даражасы жогору периштелер болуп саналышат. Алардын ортосунда эмгекти бөлүштүрүү бар, ар бири белгилүү бир кызматты аткарышат.

Периштелер мурда жаралгандыктан, Адамды жаратуудан Кудайды айнытууга аракеттенишкен. Кудай Адамды жаратып, периштелерге ага таазим кылууну буюрган. Ибилистен (шайтандан) башка бардык периштелер Кудайга баш ийишкен. Ал Алланын буйругун аткарууну каалаган эмес. Алла ага акыр кыяматта азаптуу жаза убада кылган. Бирок ибилис кыяматка чейин мөөнөт сурап алып адамзатты түрдүүчө бузуп, зыян кыла баштаган.

Азырынча ибилис бардык азезилдер менен жиндердин башчысы болуп эсептелинет. Жиндер Куранга ылайык оттон жаратылган. Алар адамдар өңдүү эле Аллага таазим кылуу үчүн жаратылган.

3) Курандын ыйыктыгына ишенүү же Ыйык жазууларга ишенүү – мусулмандардын ишениминин жазуудагы үчүнчү предмети. Ислам ишенимине ылайык Куран Мухаммедге Жебрейил периште аркылуу жеткирилген. Жазуу – Алланын сөзү, демек, абсолюттуу акыйкаттык. Куран бир жолу жана биротоло берилген, андан бир да тамганы өзгөртүүгө болбойт. Куранга ылайык Кудай тарабынан адамзатка төмөндөгүдөй беш ыйык жазуу (Ыйык Китептер) жөнөтүлгөн:

- Ибрахимге (Авраамга) түшүрүлгөн жазмалар;
- Мусага (Моисейге) түшүрүлгөн Тоорат;
- Даудга (Давидге) түшүрүлгөн Забур;
- Исага (Иисуска) түшүрүлгөн Инжил;
- Мухаммедге түшүрүлгөн Куран.

Бирок Куранда иудейлер менен христиандар өз жазууларын бурмалашкан же унутушкан деп айтылат.

4) Пайгамбарларга жана элчилерге ишенүү – мусулмандын ишениминин төртүнчү негизги эрежеси. Өз эркин билдирүү үчүн Алла Жерге өз элчилери болгон пайгамбарлар аркылуу ачылыштарды жөнөтөт. Ошол ачылыштар ыйык китептердин мазмуну болуп калган. Мухаммед исламда акыркы, эң ишеничтүү пайгамбар, пайгамбарлардын мөөрү деп айтылат. Ага Алла адамга берген акыйкаттык баяндалган Куран түшүрүлгөн.

Пайгамбарлар менен элчилер – Алладан ачылыштарды алган өзгөчө адамдар. Биринчи пайгамбар Адамдан акыркысы Мухаммедге чейин 125000 пайгамбар өткөн.

> Куранда көптөгөн пайгамбарлардын аты аталып, кылган иштери баяндалган. Алардын ичинен мусулмандар өзгөчө урматтагандар – Нух (Ной), Ибрахим (Авраам), Йакуб (Иаков), Юсуф (Иосиф), Айюб (Иов), Муса (Моисей), Дауд (Давид), Ыйса (Иисус), Мухаммед пайгамбарлар.

5) Акыр Кыяматка ишенүү – мусулмандын ишениминин бешинчи предмети.  Коркунучтуу сот саатында ар бир адам суроктан өтөт. Андан соң күнөөкөрлөр тозокко, ал эми момундар, такыбалар бейишке туш болушат. Ошол күнү Мухаммед пайгамбардын өз үммөттөрүнө шапааты (ырайымы, жардамы) тиет. Ал күнөөкөргө Алланын ырайымын алып берип, бейишке баруусуна да себепкер боло алат. Бейишке карай жолдо адамдар кылдай ичке жана кылычтын мизиндей курч көпүрө аркылуу өтүшөт. Адамдардын бул көпүрөдөн өтүүсү анын тирүү кезиндеги курмандыктарына, соопчулуктарына жана жасаган жакшы иштерине жараша болот. Бейиш кооз жаратылыш, мол тамак-аш ж.б. бул жашоодогу жыргалчылыктар менен салыштырылат. Бирок адамдардын ал жактагы алуучу рахаты бул жактагыдан кыйла жогору деп айтылат.

Буга карама-каршы тозок – чок, түтүн, от. Тозокто күнөөкөр түбөлүк азаптарга, кыйноолорго буюрулган.

6) Жазмышка ишенүү – мусулмандын ишениминин алтынчы предмети. Мусулман адам баары Алланын эркине жараша жана маңдайга жазганы боюнча болоруна ишенүүгө тийиш. Анын мааниси дүйнөдө болуп жаткандын бардыгы Жараткандын эрки менен шартталган дегенде жатат.

7) Жандын өлбөстүгүнө ишенүү – мусулмандын ишениминин жетинчи предмети. Ислам окуусунда Акыр заманга аз калганда укмуштай уятсыздык жана ишенимсиздик доору келет. Адамдардын күнөөлөрү чексиз көбөйүп, ишеними төмөндөп, Жерде Дажаалдын (тажаал) падышачылыгы орнойт. Андан соң Коркунучтуу сот сааты келип, күнөөкөрлөр тозокко, ал эми такыбалар бейишке туш болушат.

Бардык эле диний окуулар сыяктуу, ислам дини да негизинен ишенимге басым жасайт. Мусулман болуунун башкы маанилеринин бири – ислам ишенимин кармануу. Ал эми исламда сөзсүз түрдө мусулман адамдын ишеними толук болушу керек. Жогоруда берилген ишенимдердин бирине эле шек келтирүү жалпы исламга шек келтирүүгө барабар катары каралат.

**Исламда 125000 пайгамбар (наби) болгондугу айтылат. Бирок алардын бардыгы тең элчи (расул) болушкан эмес. Пайгамбар жана элчи түшүнүктөрүнүн кандай айырмасы бар?**

**Жебрейил** – Кудай менен пайгамбарлардын ортосундагы башкы ортомчу.

**Микаил** – Жебрейилдин жардамчысы.

**Исрафил** – бейиштин сакчысы, Кудайдын тактысынан адамдардын жана дүйнөнүн тагдырын окуйт да, аларды аткаруу үчүн башка периштелерге айтат.

**Азрейил** – өлүм периштеси.

**Малик** – тозокту башкарат.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Аллага ишенүү – бул ...
- Периштелер – бул ...
- Бейиш, тозок – бул ...
- Жазмышка ишенүү – бул ...

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Исламдын диний окуусу эмнеге таянат?
2. Периштелер эмне кызмат аткарышат?
3. Куран Мухаммедге кайсы периште аркылуу берилген?
4. Бейиш менен тозоктун сүрөттөлүшү.
5. Мусулмандардын алтынчы, жетинчи ишенимдери кайсылар?

## § 18. Исламдын негиздери

**Негизги түшүнүктөр:**
Шахада, намаз, зекет, орозо, ажылык

**Эстегиле!**
Ислам диний окуусунун негизги жоболору кайсылар?

**Исламдын негизги белгилери.** Ислам дининин христиан жана иудаизм диндери менен жалпылыктары көп. Андагы догмалар жана мифологиялар бул диндердегилерге көп жагынан окшош. Ошол эле учурда ислам Куран менен Суннага таянган фундаменталдуу жоболорго жана принциптерге ээ. Бул принциптер адатта «Исламдын түркүктөрү» же «Ишенимдин түркүктөрү» деп аталат.

Исламда атайын диний институт жок, ошондуктан Кудай менен адамдын ортосундагы ортомчу таанылбайт.

Мусулман болуу – ислам ишенимдерин кармануу жана ошол эле учурда өзүнө таандык милдеттерди аткаруу. Ислам окуусунда адам бул дүйнөдө жазмышына ылайык жашап өтөт жана өлгөндөн соң жоопкерчилик тартат. Кудай тарабынан берилген ар бир ырыскынын, байлыктын, мансаптын жоопкерчилиги каралат. Бирок ошол эле учурда ар бир мусулмандын Кудай алдындагы жалпы милдеттери да бар.

Кудайга сыйынууну ар бир адам жасай алат. Ынаным исламдын беш түркүгүн аткарууну талап кылат:



➢ Шахада – мусулман ишениминде Кудайдын жалгыз экендигине жана Мухаммед анын элчиси, пайгамбары экендигине күбөлүк келтирүү;



➢ Намаз – ар күнү беш ирет Аллага сыйынуу;



➢ Зекет – Нисаб (Мусулман адамдын зекет төлөмүн аныктоочу мүлктүк абалынын ченеми. Мисалы, койдун нисабы 40, уйдуку 5, күмүштүкү 200 дирхем) өлчөмүндөгү байлыгы бар мусулмандын муктаждарга өз акысын берүүсү;



➢ Орозо – ыйык Рамазан айында орозо кармоо;



➢ Ажылык – Меккеге зыярат кылуу.

**Шахада** – ишенимдин символу, «Алладан башка Кудай жок, Мухаммед анын элчиси» деген кыска формула, аны ар бир мусулман айтууга тийиш. Шахада ар бир намаздын убагында кайталанат. Ислам динин кабыл алып жаткан адам мусулман болуу үчүн үч күбөнүн катышуусунда шахада айтуусу шарт. Шахаданы айткандан кийин адам Аллага баш ийген болуп эсептелип, такыба мусулмандын калган милдеттерин сактоого милдеттүү болуп калат.

**Намаз** – күнүнө беш маал окуу – Кудайга сыйынуунун негизги түрү. Ал таң атканда, чак түштө, түш оогондо, күн батып баратканда жана түн киргенде окулат. Намаздан мурун даарат (намаз алдындагы жуунуп, тазалануу) алуу керек.


Намаз жамаат менен да, жекече да окула берет. Бирок мечитте окулуучу жамааттык намазга артыкчылык берилет. Ал эми жума күнү окулуучу бешим намазы (жума намаз) адатта мечитте жамаат менен окулат.

Мусулмандар намаз убактысын унутуп калбашы үчүн мечит кызматчылары азан (сыйынууга чакыруу) айтышат.

Азан мечиттерде атайын курулган бийик мунараларда айтылат. Мындай сыйынууга жамааттын бүткүл бой жеткен (балакатка жеткен) эркектери чогулат. Аялдар эркектерден өзүнчө мечиттин көшөгө тартылган атайын бөлүгүндө намаз окушат.

**Зекет** – милдеттүү кайрымдуулук садакасы. Ар бир бой жеткен мусулман жылына бир ирет зекет төлөөгө милдеттүү. Анын өлчөмү адамдын мүлктүк абалына жараша (нисаб өлчөмүндө) төлөнөт. Мисалы, 40 койдун бирөөсүн, 200 дирхем күмүштүн бирөөсүн зекетке берет. Зекет ислам өлкөлөрүндөгү жардылар менен муктаждардын пайдасына төлөнүүсү керек.

## САДАКА-ФИТИР



**Орозо** – рамазан айы ичиндеги жүрүм-турумдагы жана тамактануудагы аткарыла турган эрежелер. Орозодо күндүн жарык мезгилинде тамактанууга, башка даамдарды татууга, физикалык жакын байланышта болууга тыюу салынат. Бүткүл ай ичи Куранды окуу (катым) өзгөчө татыктуу иш деп эсептелет. Куран рамазан айынын 27-күнүндө, Кадыр түндө, Жерге түшүрүлгөн.

Орозодон сапардагылар, оорулуулар, боюнда бар аялдар жана балдар гана бошотула алат. Орозонун так мөөнөтү бар. Эгер ал толук кармалбаса, башка убакта мусулман адам анын ордун толтурууга милдеттүү.

**Мусулмандардын орозо кармоосу христиан динин туткандардын орозо кармоосунан кандайча айырмаланат?**

**Ажылык** – Ибрагимдин курмандык чалуусун эскерип, белгилене турган Курман айт майрамынын алдында Меккеге сыйынууга (умра) баруу. Умра кичи сыйынуусун жылдын каалаган мезгилинде жасоого болот. Ажылыкка барган киши кайтып келгенде ажы наамына ээ болот (сыйынууга барган киши). Мурда мындай саякат көп күчтү жана убакытты талап кылып келген. Азыркы учурда ал аба унаасынын жеткиликтүүлүгүнөн улам жеңилдеген. Сыйынуучулардын саны Сауд Аравиясынын бийлиги киргизген квота тутуму менен жөнгө салынат (мусулмандардын жалпы санынан 0,1%).



Мекке. Ажылыкка баруу. Жыл сайын дүйнө жүзү боюнча эки миллионго чукул адам ажылыкка барып турат

Ажылык – мусулман адам аткаруучу маанилүү милдеттердин бири. Ал тууралуу Куранда да берилген: «Адамдарды ажылыкка чакыр. Алар (сага) жөө жана арык төөнүн үстүндө абдан алыс жолдордон келишет» Куран. 22–27.

Ажылык зыяраты төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт:

Каабаны айлануу;

ал-Сафажанаал-Марва адырларынын ортосунда жети ирээт жүгүрүп өтүү;

Арафат өрөөнүндөгү Кайрымдуулук тоосунун этегинде туруу;

Муздалиф капчыгайындагы үч колонна аркылуу өтүү (ар бир колоннага 7 таш ыргытуу керек);

Минадагы Курман айт майрамы.

Ал эми каалоочулар Мединадагы Мухаммед пайгамбардын мечитине баруу менен зыяратты жыйынтыкташат.

**Силер кандай ойлойсуңар, ажылыкка барууну квота менен жөнгө салуу кандай зарылчылыктардан улам киргизилген?**

Жалпылап айтканда, ар бир мусулмандын жоопкерчилиги Кудай алдындагы милдеттерин аткаруусуна байланыштуу. Мусулман адам – Алланын алдындагы милдеттерин аткаруучу адам. Ал өз милдеттерин колунан келишинче толук аткарууга тийиш.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Шахада – бул...
- Намаз – бул...
- Зекет – бул...
- Орозо – бул....
- Ажылык – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. «Исламдын түркүктөрү» же «Ишенимдин түркүктөрү» деген эмне?
2. Шахада кайсы убактарда айтылат?
3. Намаз кайсы маалдарда окулат?
4. Азан кандай убактарда айтылат?
5. Зекеттин пайдасы кандай?
6. Кадыр түн кайсы учурда белгиленет?
7. Ажылыкта кандай зыяраттар аткарылат?

## § 19. Ислам жана коом

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
|---|---|
| Укук, укуктун принциптери, адам укуктары, эркиндик, мусулман соту | Мусулмандардын негизги милдеттери кайсылар? |

**Исламдагы коомдук мамилелер.** Ислам – түз маанисинде баш ийүү, Кудайга берилүү дегенди түшүндүрөт. Ал дүйнөлүк диндердин эң жашы, ошол эле учурда ислам диний окуу менен гана чектелбейт. Ал адамдардын дүйнө таанымын, диний, нравалык-этикалык баалуулуктарын калыптандырат.


Ислам динин карманган мусулман адамдын жашоосунун ченемдери жана нормалары. Анын эрежелери аркылуу адамдардын жүрүм-туруму жана коомдук мамилелери жөнгө салынат.

Коом – өз ара мамилелери жана байланыштары калыптанган адамдардын тобу. Мусулман адамдын коомдук мамилелерге тартылуусунда диндин таасири нравалык окуулар менен эле чектелбейт. Ислам done инсандын коомдук мамилелерге аралашуусундагы анын укуктары жана милдеттери толугу менен ажыратылып берилген.

**Адам укуктары жана анын принциптери.** Мусулман коомунда башынан эле саясий жана диний эркиндик сакталып келген. Адамдын жарандык жана саясий укуктары анын табигый укуктары катары эле таанылат. Адилеттүүлүк, теңдик, билим алуу, дин тутуу эркиндигинде, үй-бүлө куруу, жашоо укуктарында чектөөлөр жок.




Билим алуу укугу



Үй-бүлө куруу укугу



Эмгектенүү укугу



Дин тутуу укугу

Жеке эркиндиктин камсыздалышы адам каалаганын кылууга болот дегенди түшүндүрбөйт. Эч нерседен чектелбеген эркиндик баш аламандыкка алып келет. Ал социалдык адилетсиздикти жаратат, ал эми социалдык адилеттүүлүктү куруу эркиндикти чектөөнү талап кылат. Ошондуктан жеке жана жамааттык эркиндиктер исламда мамлекеттин, жалпы коомдун, элдин кызыкчылыктарына баш ийдирилет.

Шарият жеке эркиндиктердин жамааттык эркиндиктен жогору туруусуна жол бербейт. Адам укугунун сакталышы же корголушу башка инсандын укуктарынын бузулушунун эсебинен камсыздалышына каршы турат. Башкача айтканда, исламда жеке жана жамааттык укуктар гармониялуу айкалышып, эркиндикти чектөө төмөнкү учурларда гана колдонулат:

• коомдук жана мамлекеттик коопсуздуктун кызыкчылыктарында;

• укуктун башка бир маанилүү тармактарынын сакталышына коркунуч жараткан учурда;

• эгер аны пайдалануу башка адамдардын да ушул сыяктуу укуктарын бузса.

Исламдагы адам укуктарынын бардык тармактарында бир катар негизги принциптер бар:

жеке адамдардын жана азчылыктын кызыкчылыктарынын көпчүлүктүн кызыкчылыктарына баш ийдирилиши;

теңдик принциби, ислам бардык адамдардын теңдигин таанийт жана укуктук маселелерде аны камсыздоого умтулат;

акыйкаттык принциби, акыйкаттыктын камсыздалышы исламда Алланын эркин жана каалоосун аткаруу катары каралат;

зыян келтирбөө принциби, бир адамдын укугу же кызыкчылыгы үчүн башкалар зыян тартпаш керек.

Адам укуктарынын ислам концепциясы Куранга жана Суннага таянат. Негизги укуктар жана эркиндиктер Мухаммед пайгамбардын өзү тарабынан акыркы насааттары учурунда жарыяланган. 1981-жылы Европа Ислам Кеңеши адам укуктарынын жалпы исламдык декларациясын жарыялаган. 1990-жылы Ислам конференциясы уюму тарабынан «Адам укуктарынын исламдык декларациясы» кабыл алынган. Декларацияда адам укуктарынын сакталышы Кудайга баш ийүүгө, анын бузулушу күнөөгө батууга барабар экендиги белгиленген.

**Исламдагы кепилденген адам укуктары. Жеке эркиндиктер.** Ар бир адам өз алдынча аракеттенүүгө укуктуу. Эч ким бирөөнүн жашоосуна жана мүлкүнө кол салууга укугу жок. Ал укук адам кандайдыр бир оор кылмыш кылган учурда гана бузулуусу мүмкүн. Адамды кемсинтүү жана текебердик – исламда оор күнөөлөрдүн бири. Адамдардын жеке коопсуздугун, кол тийбестигин, ар-намысын жана мүлкүн коргоо – мамлекеттин милдети. Ошондуктан жазалоо дагы мамлекеттин иши катары саналып, шарият катардагы адамдарга соттук чечимдерди жүргүзүүгө тыюу салат.



Шайлоо укугу



Адамды коргоо укугу



Майрамдоо укугу

Жеке эркиндик эркин көчүп-конуу жана жашоо эркиндиги менен тыгыз байланыштуу. Мекенинин ичинде жана андан тышкары аймактарда жашоо – адамдын табигый укугу. Ислам бул эркиндиктерди адамдын жеке кызыкчылыктарына туура келген учурда гана чектейт. Мухаммед пайгамбардын хадистеринин биринде минтип айтылат: «Эгер кайсы бир жерде чума башталганын уксаңар, ал жерге барбагыла. Ал эми силер турган жерде башталса, ал жерден качкыла».

Шариятка ылайык адам мүмкүнчүлүгү болгон жерден үй алууга жана эркин дин тутууга укуктуу. Эгер адамдын баш калкалай турган жайы жок болсо, мамлекет ага мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче жардам берүүгө тийиш.

Куранда адамдын жеке жашоо укугуна өзгөчө маани берилет: «Эй, момундар! Өз үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле» (Куран 24:27).

Исламда бирөөнүн жеке жашоосуна киришип, кемчиликтерин жана сырын айтууга тыюу салынат: «Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири-бириңердин артыңардан гыйбат кылбагыла» (Куран 49:12).

**Жеке менчик, эмгек жана мурас укуктары.** Ислам адал киреше табуунун жолу катары бардык адамдын эмгектенүү укугун камсыздайт. Эмгек – жакшы жашоого жана Кудайдын ыраазычылыгына жетүүнүн жолу. Хадистердин биринде мындай деп айтылат: «Ким ата-энесин багуу үчүн эмгектенсе, ал Алланын жолунда, ким балдарын багуу үчүн эмгектенсе, ал Алланын жолунда, ким өзүн багуу үчүн эмгектенсе, ал Алланын жолунда». Мусулмандар үчүн эмгектенүү – күнүмдүк жашоодогу Аллага ибадат кылуунун бир түрү. Ислам эмгектенүүнү социалдык биримдикке жетүүнүн факторлорунун бири катары карайт жана эмгектин акысы коргоого алынат. Хадистердин биринде: «Жалданган кызматчынын акысын тери кургай электе төлөп бергиле», – деп айтылат.


Мүлктүк укук


Мураска калтыруучу укук


Эмгек укугу

Эмгек укугун ишке ашыруу Шариятта бекитилген формаларда гана жүргүзүлөт. Адамдарга физикалык, материалдык жана руханий зыян алып келүүчү ишмердүүлүктөрдүн бардык түрүнө

тыюу салынат. Исламда сүткорлук кылууга, алкоголдук ичимдиктерди жана зыяндуу продукцияларды өндүрүүгө жана сатууга болбойт.

Шариятта мүлктүк укуктарды коргоого чоӊ маани берилет. Ар бир акыл-эси толук адам өз мүлкүн өзү каалагандай колдонууга укуктуу: «Эркектерге өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш, аялдарга да өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш» (Куран 4:32), – деп айтылат Куранда. Эркектер да, аялдар да өз мүлкүн каалагандай пайдаланууга же сатууга, мураска өткөрүп берүүгө укуктуу.

Ислам коомдук менчикти да тааныйт. Бардык адамдар коомдук мүлктү пайдаланууга укуктуу жана аны эч ким чектей албайт. Коомдук менчикке төмөндөгүлөр кирет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| мечиттер | коомдук ооруканалар | жолдор | көлдөр ж.б. |

Мамлекеттик мүлк дагы коомдук мүлктүн бир түрү катары каралат. Аны адилеттүү бөлүштүрүү мамлекет жетекчилигинин жоопкерчилигинде.

Мураска калтыруу укугу исламда кепилденген мүлктүк укуктарга кирет: «Эркектерге ата-энеси жана туугандары калтыргандан үлүш бар, аялга да ата-энеси жана туугандары калтыргандан үлүш бар» (Куран 4:7). Мурасты бөлүштүрүү – Куранда кеӊири чагылдырылган Шарияттагы негизги жоболордун бири. Ал исламдын мураскорлук укугунун кепилдөөсүн көргөзүп турат.

**Сөз жана ой жүгүртүү эркиндиги.** Ар адам жеке көз караштарына карабастан өз оюн эркин айтууга укуктуу. Ошол эле учурда ал башка адамдардын укугун басмырлабашы керек. Сөз жана ой-жүгүртүү эркиндиги – коомдун интеллектуалдык жана маданий өнүгүүсүнүн негизги фактору. Адамдардын өз көз караштарын эркин билдирүү укугу корголгон коомдо чындыкты жана адилеттикти коргоо жеӊил.

Куран негизги диний жоболорго таандык маселелерде башкалардын ар-намысына шек келтирбей дискуссия жүргүзүүгө жол берет: «Китеп ээлери менен жакшы абалда гана талашып-тартышкыла» (Куран 29:42).

**Сөз эркиндиги**

Мусулмандар сөз жана ой жүгүртүү эркиндигин жогору баалашат. Себеби Пайгамбар жана анын жолдоочулары өз кезегинде мындай чектөөлөргө көп кабылышкан. Ал тургай айрым учурда шылдыңдоолорго да чыдамдуулук менен мамиле кылышкан.

Ошол эле учурда сөз эркиндиги – коомдун кызыкчылыктарына, башка адамдардын укуктарынын тебеленишине алып келүүчү көрүнүштөрдүн бири. Мындай учурларда ислам адам укугун сыйлоону жана башкаларды басмырлоо, ушактоо, жаманатты кылуудан алыс болууга чакырат.

**Ислам соттору.** Исламда дин кызматкерлеринин атайын институту жок. Бирок ошол эле учурда светтик бийлик менен диний бийлик ажыратылып каралган эмес. Ал эми соттук иштер ислам коомунда шарияттын нормаларынын жана ченемдеринин негизинде ишке ашырылып келген.

Соттук иштер фикх боюнча атайын билим алган, кызматкерлер – Казылар тарабынан жүргүзүлгөн.



Мусулман казысы сот жүргүзүү учурунда

Казылар ислам тарыхында нотариалдык жана кээ бир административдик функцияларды да аткарышкан. Бардык жосундар шарияттагы категориялар боюнча өлчөнүп, чечимдер да ага жараша чыгарылган.

Коом адатта кызыкчылыктарга негизделип түзүлөт, ал эми кызыкчылыктар өз кезегинде коомдук байланыштардын мазмунун аныктайт. Адам коомдук мамилелерге тартылуу аркылуу инсан катары калыптанат. Инсандын бардык муктаждыктары, анын ичинде

диний ишенимге муктаждыгы коом тарабынан канааттандырылат. Исламда коомдогу туруктуулук жана бейпилдик ар бир инсандын укуктарынын сакталышы менен кепилденет. Ал үчүн коомдук мамилелердеги тартиптердин, эрежелердин сакталышы маанилүү.

**Казы –** Куранды жана Суннаны өз алдынча талкуулоонун негизинде чечим чыгарууга укуктуу Шарият соту.

**Укук бар жерде милдет да бар болуусу адаттагы көрүнүш. Силер кандай ойлойсуңар, укуктардын сакталышы үчүн кайсыл милдеттер аткарылышы керек?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Исламда адам укуктары – бул ...
- Исламда жеке эркиндик – бул ...
- Эмгектенүү укугу – бул ...
- Сөз эркиндиги – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Исламдагы адам укуктарынын негизги принциптери кайсылар?
2. Исламда кепилденген адам укуктары кайсылар?
3. Жеке эркиндик дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Жеке менчик, эмгек жана мурас укуктары боюнча өзүңөрдүн жашооңордон мисал келтиргиле.
5. Исламда сөз эркиндиги кандай түшүндүрүлөт?

# § 20. Исламдагы үй-бүлө

| **Негизги түшүнүктөр:**<br>Үй-бүлө, нике, ата,<br>эне, бала | **Эстегиле!**<br>Исламда адамдардын укуктары<br>кандай каралат? |
| --- | --- |

**Исламда үй-бүлөнүн мааниси.** Үй-бүлө – адамзат коомундагы башкы баалуулуктардын бири. Үй-бүлө бардык учурда коомдун бир бөлүгү жана башаты катары каралып келген. Адамзат тукумунун уланусу, кийинки муундарды тарбиялоо жана баалуулуктарды калыптандыруу үй-бүлөдөн башталат.

Исламда үй-бүлөгө өзгөчө маани берилет:



Үй-бүлө – өз алдынча чакан коомдук түзүлүш эле эмес, мусулман уммасынын бир бөлүгү:

- мусулман үй-бүлөсү адатта күйөөсү, аялы жана балдары менен гана чектелбейт;
- ал биргеликте үй-бүлөлүк мамилелерди жүргүзүүчү жакын туугандардан да турат;
- анын ар бир мүчөсүнүн белгиленген ролу жана милдеттери бар;
- адатта үй-бүлөнүн башчысы болуп андагы эркектердин эң улуусу саналат;
- үй-бүлө башчысы аны жетектөө менен бирге анын ар бир мүчөсү үчүн жооптуу.



Исламда үй-бүлө – социалдык жоопкерчиликти калыптандыруучу институт:

- адам үй-бүлө күтүү менен өзүнө белгиленген жоопкерчиликтерди алат;
- анын бул жоопкерчиликтерди канчалык деңгээлде аткаруусу коомдогу абалына, кадыр-баркына да таасирин тийгизет.



Бой жеткен адамдын үй-бүлө куруусу Кудайга жагуучу иш катары каралат:

- Үй-бүлө күтүү – Кудай алдындагы чоң жоопкерчилик жана турмуштун сыноолорунан өтүү;
- Үй-бүлө куруудагы жана үй-бүлөлүк жашоодогу маанилүү учурлар атайын диний жөрөлгөлөр менен коштолот.

**Үй-бүлө жана нике.** Башка көпчүлүк ишенимдердей эле, исламда үй-бүлө куруу никеге туруудан башталат. Нике – эки адамдын ортосундагы гана эмес, алардын үй-бүлөлөрүн да жакындаштыруучу келишим. Куранда да нике, үй-бүлө, жубайлардын милдеттери тууралуу көп жолу эскерилет: «Биз силерди эркек, ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып билишиңер үчүн....» (Куран 49:13). Ал ыйык саналат да, Куран аяттары окулган атайын жөрөлгөлөр менен коштолот. Жубайлардын никеге туруусунун алдында бир катар шарттар бар. Биринчи кезекте алардын ыктыярдуулугу каралып, мажбурлоого жол берилбейт. Үй-бүлө курган эркек тараптан аял үчүн калың төлөнүүсү керек: «Аялдарыңарга калыңын чын дилден бергиле» (Куран 4:4). Нике – келишим катары күбөлөрдүн катышуусунда кыйылат, бирок андагы негизги күбө – Алланын өзү.

**Калың** (махр) – бул адамды сатып алуу эмес, аялдын жеке мүлкүн түптөө болуп саналат. Нике бузулган шартта (эгер аял тараптан бир тараптуу бузулбаса) аял калыңды өзү менен кошо алып кете алат. Калыңды аял өзү каалагандай коротууга акылуу.

**Үй-бүлө адамдын бир катар муктаждыктарын канааттандырат:**

1 ◆ мусулман үй-бүлөсүн куруу жана никеге туруу – маанилүү социалдык жоопкерчилик тартуу. Мусулман адам балакатка жеткенде Алланын алдындагы, үй-бүлө күткөндө коомдун жана үй-бүлөсүнүн алдындагы милдеттерин аткарууга тийиш;

2 ◆ үй-бүлө курууда адам физиологиялык муктаждыктарын канааттандырат. Үй-бүлө жана нике коомдогу сергек жашоону калыптандырат. Ошону менен бирге ал күнөөлөргө батуудан алыстатат;

3 ◆ үй-бүлө күтүү менен адам психологиялык муктаждыктарын канааттандырат. Жан дүйнөсүнүн тынчтыгына жана гармониясына жетише алат. Аял менен эркектин күнүмдүк турмуштагы түйшүктөрү жеңилдейт. Аялдар өзүн материалдык жактан камсыздоо түйшүгүнөн, ал эми эркектер күнүмдүк майда түйшүктөрдөн кутулушат;

4 ◆ үй-бүлө адамдын эмоционалдык муктаждыктарын канааттандырат. Адам бирөөнүн сүйүүсүнө муктаж жана өзү да сүйгүсү келет. Күнүмдүк турмуштун убарасын тартууда ишенимдүү дос жана өнөктөш керек. Үй-бүлө куруу мындай сезимдерди баштан өткөрүүнү ишенимдүү түрдө камсыздайт;

5 ◆ үй-бүлө күтүү адамдын күнөөлөрүн жеңилдетет жана азайтат. Ал негизги көңүлдү үй-бүлөгө буруп, анын түйшүгүнө алаксыйт. Убактысынын көбүн үй-бүлөгө буруу менен ар кандай жаман иштерден алыс болот.

Исламда үй-бүлөдөгү аял менен эркектин жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери менен жоопкерчиликтери ажыратылып каралган.

❁ **Исламда көп аял алууга уруксат берилет. Силер кандай ойлойсуңар, көп аял алууга уруксат берүү азыркы коомдун талаптарына туура келеби?**

**Ата-эненин балдарга мамилелери.** Мусулман үчүн балалуу болуу – умманын көбөйүүсүнө салым кошуу. Ал ошол эле учурда күнүмдүк жашоодогу Кудайга кызмат кылуунун бир түрү болуп эсептелет. Баланын төрөлүшү – Мухаммед пайгамбардын мээримине ээ болуунун башкы себеби.

Алла үй-бүлө күтүп, исламдын жолу менен балдарын тарбиялаган адамдарга мээримин төгөт. Ал эми балдар ата-энеси карыганда аларга камкордук көрүшөт, көзү өткөндө алар үчүн Аллага сыйынышат. Көзү өтүп кеткен балдар акыр кыямат күнү ата-энеси үчүн Алланын кечиримин алууга көмөкчү болушат.

Үй-бүлөдө балдар төрөлгөндө андагы жоопкерчилик жогорулайт. Себеби алар өздөрүнүн балдары үчүн гана эмес, болочоктогу умманын мүчөсү үчүн да жооптуу болуп калышат. Ата-эне балдарына кылган камкордугу үчүн Алланын ыраазычылыгына ээ болот. Исламда балалуу болуу, аны тарбиялоо коомдун жана мусулман жамаатынын алдындагы жоопкерчилигин аткаруу болуп саналат.

Исламда балдардын да ата-эненин алдында тиешелүү милдеттери бар. Алар ата-эненин алдында мээримдүү жана кичипейил болууга, сылык кайрылууга, атынан айтпоого, жардам берүүгө тийиш. Исламда бардык жаман, жакшы иштердин кайтарымы болушу керек, ал аткарылбаса, адам карыздар бойдон калат. Балдар да ата-энелери улгайганда аларга камкордук көрүүгө милдеттүү.

**Исламда жубайлардын мамилеси.** Исламда үй-бүлө куруу Шарияттын эрежелери менен мыйзамдарынын негизинде түзүлүүгө тийиш. Анын ар бир мүчөсүнүн милдеттери Шариятта камтылган. Күйөөсү менен аялы бир үй-бүлө курууда бири-биринин алдына милдеттенмелерди алышат.

Мухаммед пайгамбардын хадисинде мындай деп айтылат: «Адам өзү үчүн кыла турган жакшы нерселердин бири – өзүнө татыктуу жубай табуусу». Исламда ар бир жубай өз милдетин так аткарууга умтулуусу керек.

**Аял жана эне.** Исламда аял затынын үй-бүлөдөгү орду жана милдеттери төмөндөгүдөй көргөзүлөт:



Мусулман аял заты үй чарбасын жетектейт, балдарды өстүрөт, алардын диний жана адептик тарбиясына камкордук көрөт.



Күйөөсү таап келген каражатты пайдаланып, үйгө жагымдуу абал түзөт.



Күйөөсүнүн тарткан түйшүктөрүн түшүнө билүү менен анын аракеттерин колдоого алат.



Ар-намысын коргоп, мусулмандык милдеттерин аткарат. Исламда аял кишинин орду биринчи кезекте үйдө жана үй-бүлөсүнүн жанында.

Азыркы замандын талаптарына жараша мусулман аялдары кесиптик билим алууга да умтулушат жана иштешет. Исламды карманган аялдар өзүн жөнөкөй алып жүрүүгө жана исламдын талаптары боюнча кийинүүгө тийиш. Көчөдө жана жумушта жүргөндө башкаларды өзүнө ашыкча көңүл бурдурбоого умтулуусу керек. Жөнөкөйлүк менен ишеним тыгыз байланыштуу. Хадисте: «Эгер бирөөнү жоготсоң, экинчисин кошо жоготосуң», – деп айтылат.

Исламда аялдар жабык кийинүүгө милдеттендирилет. Бирок ал такыр эле чүмкөнүп алууну эмес, колдорун билектерине, буттарын кызыл ашыгына чейин жаап жүрүүнү жана чачын көргөзбөөнү түшүндүрөт.

Аялдардын жүзүн жапкан чадра же паранжа жамынуусу айрым элдердеги жергиликтүү салттарга байланыштуу жана ал исламдын талабы эмес.

Ар бир аял эне болгондо өзүнө чоң жоопкерчилик алат. Эне жаңы төрөлгөн ымыркайдын жашоого укугун жана жакшы тарбияга муктаждыгын камсыздоого жооптуу.

Исламда аялдардын укуктары чектелүү деген түшүнүк коомчулукта калыптанып калган. Бирок иш жүзүндө исламда аялды мажбурлап күйөөгө берүүгө болбойт. Аял өзүнө төлөнгөн калыңды, өзүнө тиешелүү мурасты өзү билгендей колдонууга укуктуу: «Аялдарга да ата-энеси, туугандары калтыргандан үлүш бар» (Куран 4:7). Ал эми ажырашуу маселелеринде да аял, күйөөсү өз милдеттенмелерин аткарбаса, ажырашууну талап кылууга акылуу.

**Күйөө жана ата.** Исламда жубайлардын ортосунда укуктардын бөлүштүрүлүшүндө тең салмактуулук каралганы менен коомдо

негизги роль эркектерге таандык. Ошол эле учурда эркектин коомдогу даражасы анын канчалык деңгээлде татыктуу күйөө жана ата экендиги менен бааланат. Эркек үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыздап, камкордук көрүүгө милдеттүү. Атанын жана эркектин ролу жана жетекчилиги үй-бүлөсүнүн алдындагы милдеттерин аткаруусуна байланыштуу.



Эркек үй-бүлөсү үчүн жооп берет жана камсыздайт.



Үй-бүлө мүчөлөрүнө камкордук көрүүгө жана балдарына аталык мээрим төгүүгө, тарбия берүүгө тийиш.



Балдары төрөлгөндө ат коюуга, бой жеткенде үйлөндүрүүгө, энчи бөлүп берүүгө милдеттүү.

**Эркек менен аялдын ортосундагы укуктардын жана милдеттердин бөлүштүрүлүшүндөгү «тең салмактуулук» деген эмне?**

Исламда коом канчалык маанилүү болсо, үй-бүлөнүн мааниси да андан кем эмес каралат. Адамдардын коомдогу бардык ийгиликтери үй-бүлөдөн жана андагы тарбиядан калыптанат. Мусулман үй-бүлөсү – исламдын күзгүсү, ал андыктан бардык тараптан үлгүлүү болууга тийиш.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Исламда үй-бүлө – бул ...
- Нике – бул ...
- Исламда ата-эненин балдарга мамилелери – бул ...
- Исламда жубайлардын мамилелери – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ислам үй-бүлөсү кимдерден турат?
2. Үй-бүлө куруу эмнеден башталат?
3. Исламда нике кандай мааниге ээ?
4. Исламда бала тарбиялоодогу ата-эненин милдеттери кандай?
5. Исламда аялдын үй-бүлөдөгү орду кандай бааланат?
6. Исламда атанын орду кандай?

# Ислам динindеги баалуулуктар

## § 21. Ислам жана адеп-ахлак

| **Негизги түшүнүктөр:** | **Эстегиле!** |
|---|---|
| Адеп-ахлак, нрава, үрп-адат, мусулмандын баалуулуктары | Исламда ата-энеге, туугандарга мамиле кандай болушу керек? |

**Ислам жана нравалуулук.** Байыркы дүйнө таанымдын формасы катары адамзаттын башкы идеологиясы болуп келген. Ал өз ичине нравалык баалуулуктарды сиңирүү менен аларды диний көз караштa чагылдыра алган. Ошол эле учурда дин нравалык, моралдык баалуулуктарга таянуу менен өзүнүн позициясын бекемдейт. Бардык эле диний ишенимдердин нравалык жана социалдык идеалдары бар.

Бардык эле өнүккөн диний системалар өз окуусунда нравалык, моралдык, этикалык баалуулуктарды камтыйт. Баалуулуктарды жайылтуу менен адамдардын күнүмдүк турмушундагы көрүнүштөргө айлануусуна салым кошот.

**Исламдагы нравалык баалуулуктардын булактары:**

| Куран | гуманисттик идеалдар | Мухаммед пайгамбардын Суннасы |
|---|---|---|

↓

Мусулман адамдын адеп-ахлактык жүрүм-туруму калыптанат.

Исламда нравалуулукту түшүндүрүүдө «ахлак» жана «адеп» деген терминдер колдонулат. Адеп жана ахлак деген сөздөр араб тилинде этиканы, моралды, нравалуулукту жана тарбияны түшүндүрөт. Ахлак – адамдын мүнөзүн, ички сапаттарын калыптандыруу үчүн өз алдынча эмгектенүүсү. Ал эми адеп – сапаттардын коом алдындагы чагылдырылышы.

**Силер кандай ойлойсуңар, исламдагы нравалуулук башка диний окуулардан эмнеси менен өзгөчөлөнүп турат?**

**Исламдагы адеп-ахлактык сапаттар.** Моралдык баалуулуктар адамдын жүрүм-турумун калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Анын негизинде калыптанган адеп-ахлактык сапаттар жеке адамдын жана коомдун жыргалчылыгын камсыздайт. Алар:

| | | |
|---|---|---|
| чынчылдык | сылыктык | жөнөкөйлүк |
| өзүн-өзүн өнүктүрүү | билим алууга умтулуу | өзүн-өзү сыйлоо ж.б. |

Үй-бүлөлүк нравалык нормаларга ата-энени урматтоо, балдарга жана карыларга камкордук көрүү, балдарды татыктуу тарбиялоо ж. б. кирет.

Чыныгы такыба мусулман бийик адамдык сапаттарга ээ болуусу керек. Ислам ишенимге гана үндөбөстөн, адамдын үй-бүлөдөгү, коомдогу жүрүм-турумун аныктайт.

**Адептүүлүк жана тартиптүүлүк.** Исламдагы эң татыктуу сапаттардын бири – адептүүлүк. Өзүн адептүү алып жүргөн адамдын даражасы Кудай алдында такыба адамдын даражасы менен бирдей бааланат. Мухаммед пайгамбардын хадистеринде минтип айтылат: «Алладан коркуу жана адептүүлүк бейишке барууга жардам берет». Нравалык нормалар исламда адамдын татыктуу жүрүм-турум эрежелери катары каралат. Ансыз адам руханий жактан жеткиликтүү боло албайт. Мусулмандын нравалык сапаттары жана дарамети анын ички дүйнөсү менен чектелбейт. Руханий тазалык жана адептүүлүк сыртка чагылдырылып турат.



Адептүүлүк

Исламга ылайык адамдын нравалуулугу анын алган тарбиясынан эле эмес, тубаса сапаттары менен да бааланат. Ислам адептүүлүктү диний ишеним менен байланыштырат жана аны ишенимдин маанилүү талабына айландырат. Пайгамбардын хадистеринде минтип айтылат: «Бийик адептүүлүк сапатка ээ болгон адамдар эң жеткиликтүү ишенимге ээ».

**Боорукердик жана айкөлдүк.** Боорукердик жана айкөлдүк адамды майда сапаттардан алыстатып, руханий бийиктикке алып келет. Адамдарга кайтарымсыз жакшылыктарды көргөзүү, аларга кечиримдүү мамиле кылуу баарынын эле колунан келе бербейт. Аны ишеними бекем, эрки күчтүү, бийик руханий сапатка ээ адамдар гана жасай алышат.

Ислам жакырларга жана муктаждарга жардам берүүгө, алсыздарды коргоого, адилеттүүлүктү жактоого чакырат.

Мусулмандар жоомарттык менен жасаган кайрымдуулук иштер анын байлыгын азайтпастан, кирешесин берекелүү кыларына ишенишет.

Ошондуктан алар кайрымдуулук иштерин кылышып, каражатынын бир бөлүгүн жакшы иштерге жумшашат.

Такыба мусулман боорукерлигин жакындарына көргөзүү менен гана чектелбестен, жалпы адамдарга жакшылык кылууга умтулат.

Чыныгы такыба мусулман жакшы иштерди Алланын ыраазычылыгы үчүн жасап, башкалардан ыраазычылык же сыйлык күтпөйт. Бирөөлөр таарынтса же туура эмес мамиле кылса, кек сактабай, айкөлдүк менен кечирип коёт. Ал тургай, мурдагыдай эле, жакшылык жасаганын уланта берет. Ал – ошонусу менен башкаларга үлгү.

Кек сактоо, ачуулануу менен биз өзүбүздүн ден соолугубузга жана ички дүйнөбүзгө гана зыян келтиребиз. Биздин жек көрүүбүз өз жашообузду гана жагымсыз, терс эмоциялар менен толтурат. Мусулман жан дүйнөсүнүн гармониясына жетиш үчүн жүрөгүн жек көрүүлөрдөн тазалап, сүйүүгө, ырайымдуулукка толтурушу керек. Мындай жүрүм-турум менен ал ар-намысын сактап, Алланын сыйлыгына ээ боло алат.

**Акыйкаттык жана чынчылдык.** Чындыкты айтуу – мусулмандын мыкты сапаттарынын бири. Такыба мусулман адам чынчылдыктын артында Алланын кечирими жана ырайымы турганын түшүнөт.

Ошондуктан өзүнө канчалык зыян берип турса да, чындыкты айтуу менен дайыма башкалардан жогору турат. Аң-сезимдүү мусулман майдабы, чоңбу, баары бир өзүнүн сөздөрүндө жана кылган иштеринде чындык тарапта болот. Ал жалганды тамаша ирээтинде да айтуудан өзүн карманат.

- Исламда чындыкты айтуудан четтөөгө бир катар учурларда уруксат берилет.

- Жакшы иштер (урушкандарды элдештирүү, ажырашуунун алдын алуу ж.б.) үчүн айрым учурда калп айтууга болот.

- Чындыкты айтуу бардык эле учурда башкалар тууралуу оюңду түз айтууну түшүндүрбөйт.

- Такыба адам адамдын жакшы сапаттарына басым жасоого жана анын кемчиликтерин мүмкүн болушунча айтпоого аракеттенет.

Чынчылдыгынын жана ишенчээктигинин айынан адамдар жаңылып же алданып калышы мүмкүн. Бирок кандай болгон күндө да акыйкаттык орнойт деген ишеним болуусу зарыл.

**Ак ниеттик жана берилгендик.** Исламдагы маанилүү талаптардын бири – Аллага, өзүнө жана башка адамдарга ак ниеттүүлүк менен мамиле кылуу. Ак ниеттүүлүк адамды Алланын жолунан тайбоого, коомго, мекенге кызмат кылууга, жакшы иштерди жасоого милдеттендирет.

Мусулман үчүн ислам, ишеним жана ак ниеттүүлүк түшүнүктөрү бири-биринен ажырагыс.

Ак ниет мусулман – ишенимдүү дос жана чынчыл жолдош.

Ал досторуна көрө албастык кылбайт жана атаандаштарына жамандык каалабайт.

Оройлуктан жана жаман жосундардан алыс болуп, башкаларды аңдыбайт.

Башкалардын аркасынан сөз таратпайт, шылдыңдабайт жана текебердик кылбайт.

Анын ак ниеттүүлүгү адамдарга дайыма пайда тийгизүүгө умтулуп туруусу менен коштолуп турат. Исламда адам өзүнө каалаганды башкаларга каалаган учурда гана чыныгы ишенимге ээ болот деп эсептелет.

Чыныгы такыба адам өзүн башка мусулмандар менен тең санайт жана өз кызыкчылыктарын жогору койбойт. Ислам адамдарды жакындарына жана муктаждарга жардам көргөзүп турууга үндөйт. Чыныгы мусулман башкалар ката же туура эмес иш кылса да, жардам бербей таштап кетпейт.

**Сабырдуулук жана чыдамкайлык.** Сабырдуулук Аллага баш ийүү жана ишеним менен бирге каралуучу сапаттардын бири болуп саналат. Ал мусулман адамга өз милдеттерин так аткарууга, кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен көтөрүүгө жардам берет. Исламда көп эле учурларда сабырдуулукка үндөйт. Бирок бардык эле адамдар кубанычта жана кайгыда өзүнүн сабырдуулугун көргөзө алышпайт. Көпчүлүк адамдар башына кыйынчылык түшкөндө тагдырына наразы болушат. Ал эми иши жүрүшүп жаткан учурларда Аллага ыраазычылыгын билдирүүгө шашылышпайт. Кырсыкка кабылганда биринчи өз башын куткарууга умтулуп, башкаларга жардам көргөзүүнү унутат. Ошондуктан Куранда минтип айтылат: «Инсан шашма болуп жаратылган» (Куран 21:37).

Мусулман адам Алланын сыноолорунан сабак алууга тийиш. Башына жамандык келген учурда да жакшы нерселерди көрө билүүгө, үйрөнүүгө умтулуусу керек.

Ал кыйынчылык келгенде даттанбайт жана көйгөйлөрүн чечүүгө жардам бере албаган адамдарга өзүнүн көйгөйлөрүн айта бербейт. Ал көйгөйлөрүн айтуу менен башкалардын тынчын алгандан башка пайда таба албастыгын түшүнөт. Ачуусун тыят жана эмоцияларын көзөмөлдөйт, ал эми орой адамдарга жолуккан учурда чыдамдуулугун жана жумшактыгын көргөзөт. Ислам адамдарды ачууга алдырбоого чакырат. Себеби адам андай учурда өмүр бою өкүнүүчү же оңдолбой турган каталарды кетирип коюшу мүмкүн.

**Диндин таасири элдик макал, лакаптарда, жомоктордо, ырларда ж.б. тарбиянын булактарында байкалат. Мисалы: «Ачуу – шайтан, акыл – дос, акылыңа акыл кош» деген лакаптын маанисин чечмелегиле. Эмне үчүн ачуулануу шайтанга салыштырылат?**

**Жөнөкөйлүк жана уялчаактык.** Чыныгы такыба адам дайыма жөнөкөйлүгү менен айырмаланып турат. Алланын жеткиликтүүлүгүн жана өзүнүн дайыма ага муктаждыгын түшүнгөн адам эч качан

мактанбайт жана бой көтөрбөйт. Мусулман адам өзүн башкалардан жогору койбойт жана өз кемчиликтерин аңдап түшүнөт. Ал өзүнүн жетишкендиктерин жашырууга умтулат. Сиңирген эмгектерин же кандайдыр бир артыкчылыктарын айтып, башкаларды ыңгайсыз абалга калтырбайт жана басынтпайт. Өзүнүн бардык ийгиликтерин жөндөмүнө жана аракеттерине гана эмес, Алланын эрки менен кайрымдуулугуна байланыштырат.

Жөнөкөй адам өзүн жакшыртууга, тазаланууга, күнөөлөрдөн арылууга умтулат. Жөнөкөйлүк жана уялчаактык – чыныгы жан дүйнөнүн байлыгы. Күчтүү сезимдер адатта уялчаактык жана үндөбөстүк менен коштолот.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Исламдагы адеп-ахлактык сапаттар – бул ...
- Исламда адептүүлүк, тартиптүүлүк – бул ...
- Исламда боорукердик, айкөлдүк, – бул ...
- Акыйкаттык, чынчылдык – бул ...
- Сабырдуулук, чыдамкайлык – бул…

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Адеп-ахлак деген эмне?
2. Адамдардын жүрүм-туруму дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Мусулман адам кандай сапаттарга ээ болушу керек?
4. Исламдагы адеп-ахлактык сапаттар боюнча турмуштан алынган мисалдарды келтиргиле. Ар бир жакшы сапатты чечмелегиле.

# § 22. Ислам жана каада-салттар

**Негизги түшүнүктөр:**

Каада-салт, үрп-адат, адал, арам

**Эстегиле!**

Коомдо адамдар өзүн кандай алып жүрүүсү керек?

### Салт түшүнүгү жана анын мааниси

Салт түшүнүгү кеңири маанини камтып, көптөгөн аныктамаларга ээ. Салт – укумдан тукумга өтүүчү белгилүү бир коомдук тартип, жашоо эрежеси. Көпчүлүк учурда бул түшүнүктөр чогуу айтылып, бир маанини берет да, социалдык топто коомдук жана маданий мурас катары эсептелет.

Салт – дин, укук, мораль сыяктуу эле, коомдук байланыштардын мазмунун жана маанисин аныктап турат. Ал кандайдыр бир убакыт ченемдеринде пайда болуп, кайсыл бир социалдык топтордун ичинде калыптанат. Ал улуттук, этникалык, диний ж.б. топторго таандык болуу менен алардын күнүмдүк турмушунда туруктуу колдонулат.

Салт көбүнчө улуттун өзгөчөлүгүн аныктап туруучу көрүнүштөрдүн бири катары да каралат. Анткени ал адатта улуттук баалуулуктарды жана өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Ал эми ислам улуттук өзгөчөлүктөргө эмес, бирдиктүү ишенимге басым жасайт. Ошондуктан коомчулукта аларды кабыл алууда айрым учурларда карама-каршылыктар болуп келет. Бирок ошол эле учурда алардын биригүүсү бирин-бири толуктап, таасирин күчөтүп турат. Мисалы, улууларды сыйлоо, аларга кичипейил мамиле кылуу – салттык көрүнүштөрдүн бири. Ал эми исламда ал – мусулман адамдын Кудай алдындагы жана коом алдындагы  милдети. Анын Кудайга жага турган иш катары бааланышы салттын да, диндин да таасирин күчөтүп турат.

Элдердин исламды кабыл алуусу каада-салттары менен ишенимдин тыгыз аралашуусу менен коштолгон. Натыйжада ислам дининин эрежелерин жана нормаларын чагылдырган каада-салттар жана үрп-адаттар түзүлгөн. Исламды кабыл алган элдер ислам дининин эрежелерин аткарууга умтулушкан. Акырындык менен мусулман элдери сактоого тийиш болгон салттар, үрп-адаттар жана жүрүм-турумдун нормалары калыптанган. Исламдын таркашы менен элдерге динди карманыудагы аткара турган милдеттер, жосундар, жөрөлгөлөр да таркаган.

Ислам дүйнөсүндө азыркы мезгилде көптөгөн элдер бар. Алар салттары, үрп-адаттары менен бири-биринен айырмаланып турушат. Ошентсе да алардын дээрлик бардыгында исламга байланыштуу бир катар каада-салттар жана үрп-адаттар калыптанган.

Дээрлик бардык мусулман элдеринде тамак ичерде же суусундук ичерде, же бир иштерди баштоодо Алланын атын айтып оозануу; тамакты оң кол менен ичүү; учурашууда «Ассалому аллейкум», алик алууда «Алейкума салам» деген сөздөрдү айтуу; бала төрөлгөндө кулагына азан айтуу; эркек балдарды сүннөткө отургузуу; оозун, тиштерин, мурдун чайкап жүрүү ж.б. адаттар бар.

**Мусулман салттарынын чөйрөсү.** Мусулмандардын салттары жана үрп-адаттары көпчүлүк учурда үй-бүлө жана күнүмдүк турмуш менен байланышкан. Ошондуктан исламда үйлөнүү, сөөк коюу сыяктуу окуяларга өзгөчө маани берилип, диний жөрөлгөлөр аткарылат.

| Ат коюу | Сүннөт | Үйлөнүү | Сөөк коюу |
|---|---|---|---|
| Наристе төрөлгөндө биринчи ага ысым тандалат. Андан соң баланын атасы аны колуна алып, кыбыланы карап азан чакырат. Ага удаа коомат айтуу менен баланын кулагына үч жолу анын ысымы айтылат. Бул жөрөлгө баланын төрөлүүсүн жар салуу жана балага мусулман экендигин билдирүү болуп эсептелет. | Бой жетип келе жаткан эркек балдарга карата аткарылуучу жөрөлгө. Бул жөрөлгө дээрлик динди кабыл алуу же мусулман болууну түшүндүрөт. Кыргыздарда аны сүннөт той деп аташып, дасторкон жайып, конок чакыруу менен өткөрүү салтка айланган. | Үйлөнүү адатта той жана шаан-шөкөттөр менен өткөрүлөт. Мусулмандардагы өзгөчөлүк нике кыюу менен коштолот. Диний жөрөлгөлөр менен нике кыйылбаса, үйлөнүү той жокко чыгарылат. Кыргыз элинде да бул диний жөрөлгө милдеттүү түрдө аткарылып келген. | Мусулман элдеринде адам өлгөндө сөөк коюу, дагы бир катар жалпы окшош диний жөрөлгөлөр калыптанган. Сөөктү таза суу менен жууп чыгуу (майрам суўга алуу), кепинге ороо, жаназа намазын окуу жана сөөктү көмүү. Кыргыздарда кабар айтуу, өкүрүп келүү, кошок кошуу сыяктуу мурдатан келаткан улуттук салттар азыр да колдонулат. |

Азыркы учурда бул диний салттар мусулман элдеринин улуттук салттары менен айкалыштырылып жүргүзүлөт. Бирок алардын аткарылышында диний жөрөлгөлөр милдеттүү түрдө жасалат. Муну элдердин өзүн мусулман катары таанып билүүсү жана сырткы чөйрөгө чагылдыруусу катары кабыл алууга болот.

**Азыркы учурда диндин таасири менен улуттук салттарыбыз өзгөрүүгө учурап жатат деген пикирлер айтылып келет.**

**Силерге андай өзгөрүүлөр байкалабы? Байкалса, алардын бирин мисал кылып айтып бергиле.**

**Мусулман майрамдары.** Мусулман элдеринде исламга байланыштуу майрамдарды белгилөө салттык көрүнүшкө айланган.

Орозо айт – рамазан айындагы орозонун бүтүшүнө арналган ооз ачуу майрамы. Бул майрамда көзү өткөн жакындарын эскеришет, битир төлөшөт, кайыр-садака таратышат, бири-бирин куттукташат. Жараткан орозону кабыл кылуусун тилешет.

Курман айт – ажылыктын бүтүүсүнө дал келет да, үч күнгө созулат. Мусулмандар ага даярданышат, жаңы кийимдерин кийишет, мол сый тамак уюштурушат, белек-бечкек беришет жана кайыр-садага таратышат. Курмандык чалуу менен катар мусулмандар бул күнү атайын чогулушуп майрамдык намаз окушат.

Кыргыздарда бул майрамдарды өткөрүү айттоо деп аталып, туугандарына, досторуна барышат, меймандарды тосушат. Бири-бирин майрамы менен куттукташат, майрамга кубанычын жана шаттыгын билдиришет.



Орозо айт



Курман айт



Мавлюд



Мирадж

Мавлюд – Мухаммед пайгамбардын туулган күнүнө карата белгиленет. Аны салават дубаларды окуп жана башка жакшы иш-аракеттер менен даңазалашат.

Мирадж – Мухаммед пайгамбардын Меккеден Иерусалимге, ал жактан болсо асманга, жогору Жаратканга көтөрүлүүсүнө арналган майрам.

Кадыр түн – Мухаммед пайгамбарга Курандын алгачкы аяты түшүрүлгөн түн. Мусулмандар бул күндү атайын даярданышып, мечиттерде жамаат менен же үйүндө жакындары менен тосушат. Аны тосууда Куран аяттары окулуп, диний баяндар айтылат.

Ислам окууларында Мирадж түнүндө асманга көтөрүлүү учурунда пайгамбар бейишти, тозокту ж.б. белгилерди көргөн. Ар бир асмандан ал өзүнө учурашкан Ибрагим, Муса жана Иса пайгамбарларды кездештирген. Алар менен чогуу жамааттык сыйынуу кылган. Жараткан Алла менен сүйлөшкөн. Ушунун баарын көрүп, Мухаммед пайгамбар Меккеге кайтып келген. Ушул ыйык түндө Жараткан мусулмандарга ар күнкү беш ирет намазды милдеттендирген деп эсептелет.

Исламда жума – аптанын эң мыкты, өзгөчө күнү. Бул жөнүндө хадисте минтип айтылган: «Жума мусулмандарга тартууланган. Бул күнү аларга кут жана бардык жакшылык түшүрүлөт». Көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө жума – расмий эс алуу күнү. Мусулмандар үчүн күнүгө мечитке баруу милдет эмес. Бирок жума күндөгү намазды мечиттен окуу салтка айланган. Мечитке кирген адам бут кийимин чечүүсү керек.



XV кылымда курулган Бириккен Араб Эмирлигиндеги эң байыркы мечит. Бүгүнкү күндө да ичин көрүү үчүн мечитке бут кийимин чечип киришет

**Исламдагы жаман, жакшы, адал, арам түшүнүктөрү.** Адамдын бардык жосундары шарттуу түрдө жаман жана жакшы деп бөлүнөт. Жаман жосундарга тирүү кезинде да, өлгөндөн кийин да жаза каралат. Мусулман адам үчүн биринчи акылдуу иш Кудайдан коркуу болушу керек. Алладан жана кыяматтан корккон адам жаман иштерди жасоодон жана күнөөгө батуудан сактанат.

Бул түшүнүктөр менен биргеликте адамдын кылган жосундарына карата адал жана арам түшүнүктөрү колдонулат. Бул түшүнүктөр адам колдонгон тиричилик каражаттарына, тамак-аштарга да тиешелүү. Аларды ажыратып кароо Шарияттагы категориялар менен жүргүзүлөт. Адамдын топтогон байлыгына же тапкан кирешесине карата да адал жана арам түшүнүктөрү колдонулат. Андагы адал түшүнүгүн аныктоочу дагы бир критерий – адамдын кирешесинин таза эмгеги (бирөөлөрдүн акысын жебей) менен топтолушу.

Мусулман адам үчүн өмүр, ден соолук жана башка бардык нерселер – Кудайдын аманаты. Ал өзүнө берилген нерселерди Кудайга жага тургандай колдонууга тийиш. Ислам мусулмандарды өмүрүнө жана ден соолугуна кам көрүүгө да милдеттендирет. Адамдын өз жанын кыюусу чоң күнөө катары саналат. Ал эми ден соолугуна кайдыгер мамиле Кудайдан берилген аманатка кыянат кылууга барабар.

Ушул нерселер менен бирге эле ислам сергек жана туура жашоого үндөйт.

• Ичимдик ичүүгө, баңгизаттарды колдонууга, арам нерселерди жегенге.

• Бузукулук кылууга, бойдон алдырууга, кумарга берилүүгө ж.б. Шарияттын ченемдерине туура келбеген жосундарга тыюу салынат.

Туура жашоо адамдын жосундарын гана эмес, ишенимин, ой жүгүртүүсүн, көз карашын, умтулуусун да камтыйт. Мусулмандар үчүн Мухаммед пайгамбар – адамзатка таандык бийик сапаттарга ээ өрнөктүү инсан жана устат. Ошондуктан мусулмандар бардык тараптан анын жолун жолдоого умтулушат.

**Исламдагы туура жашоо, адал, арам түшүнүктөрү менен буддизмдеги туура жашоо түшүнүктөрүн салыштырып карагыла. Кандай айырмачылыктар бар?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Каада-салт – бул ...
- Сунна – бул ...
- Исламда адал – бул ...
- Исламда арам – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Каада-салт дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Исламга байланыштуу кандай каада-салттар, үрп-адаттар калыптанган?
3. Исламда мусулмандар үчүн кандай жөрөлгөлөр бар?
4. Исламда кандай мусулман майрамдары бар?

# Исламдагы багыттар

## § 23. Ислам динindeги негизги багыттар


**Негизги түшүнүктөр:**
Сунниттер, шииттер, хариджиттер

**Эстегиле!**
Каада-салттар жана жөрөлгөлөр коомдо кандай роль ойнойт?

Бардык эле дүйнөлүк диндер сыяктуу, ислам да өз кезегинде бир канчалаган агымдарга, топторго бөлүнөт. Алгачкы ажырым мусулман жамаатындагы бийлик жүргүзүү боюнча принципиалдуу талаштардан жаралган. Натыйжада исламдын калыптануусунун алгачкы этаптарында эле VII кылымдын ортосунда исламда негизги үч багыт келип чыккан.

Бул бөлүнүү башында саясий мүнөздө болгон. Кийинчерээк диний окуулардагы жана айрым түшүнүктөрдү кабыл алуудагы ич ара айырмачылыктардын пайда болуусун шарттаган.

**Айрым маалыматтар боюнча ислам динин 1,118 млрд адам тутунат (жалпы адамзаттын санындагы үлүшү 19,6%)**




### Сунниттик багыт

**Сунниттер** (сунна – жол, мисал, үлгү) – ортоңку позицияны кармангандар. Мухаммед пайгамбардан кийин халифтик бийликтин Абу Бакрга өтүүсүн, андан кийинки халифтердин бийлигин (жамааттын кызыкчылыгынын негизинде) мыйзамдуу деп тааныгандар.

632-жылы Мухаммед пайгамбардын көзү өткөн учурда анын ордун басуучу так аныкталган мураскору болгон эмес. Алгачкы халифтер кырдаалга жана көпчүлүктүн тандоосуна жараша

Пайгамбардын жакын адамдарынан болушкан алгачкы халифтер: Абу-Бакр 632–634-жж., Умар ибн-Хаттаб 634–644-жж., Усман 644–656-жж., Али-ибн Абу-Талиб 656–661-жж. башкаруу жүргүзүшкөн.

бийликке келишкен. Алардын башкаруу мезгилинде исламдын негизги окуулары, жоболору, принциптери калыптанган. Сунниттер ошол кезде түзүлгөн принциптер менен ченемдерди (нормаларды) кабыл алышкан.

– Мухаммед пайгамбардан кийинки адамдар менен Алланын ортосунда элчилик байланыштардын бардык түрүн жокко чыгарышкан.

– мусулман жамаатындагы Алинин жана анын тукумдарынын «имаматка» (мусулман жамаатына жетекчилик кылуу укугу) болгон өзгөчө укуктарын четке кагышкан.

– халифатты курейш уруусунан (Мухаммед пайгамбар чыккан уруу) чыккан, жалпы мусулмандар жамааты тарабынан тандалган адам башкаруусу зарыл деп эсептешкен.

– алгачкы төрт халифтин башкаруусунун мыйзамдуулугун кабыл алышкан.

Мусулман жамаатын башкаруу маселелеринде сунниттер:

Суннизм – исламдагы эң чоң багыт. Диний окуунун негизи катары сунниттер Куранды жана ишенимдүү деп саналган суннанын бардык хадистерин таанышат. Сунниттер үчүн хадистер бардык диний жана коомдук жашоонун негизи болуп саналат.

Омеяддар жана Аббасиддер халифаттары, Осмон империясы суннитик багытты жана анын баалуулуктарын жайылтып келишкен. Андан башка да көптөгөн азыркы мусулман мамлекеттеринин тарыхы суннизм менен тыгыз байланыштуу.

**Шииттер** (шиа ат-Али, Алинин жактоочулары деген сөздөн келип чыккан) – Мухаммед пайгамбардын күйөө баласы жана жакын тууганы Алини жактагандар.

**Шииттик багыт**

**Мусулман жамаатын башкаруу маселелеринде шииттер:**

1 • алгачкы үч халифтин башкаруусун (Алиге чейинки) мыйзамсыз деп таанышкан;

2 • халифтик бийликтин ыйыктыгына ишенишкен жана анын пайгамбардын жакын адамдарына гана өтүүсүн таанышкан;

3 • Алинин жана анын тукумдарынын өзгөчө ролун жакташкан.

Исламдын суннитгерге жана шииттерге бөлүнүшү – халифатты башкаруу боюнча жүргүзүлгөн саясий күрөштүн натыйжасы. Исламдын алгачкы жолку тарыхый бөлүнүүсү халиф Усмандын башкаруусунун соңку мезгилдериндеги 656-жылдагы окуялар менен тыгыз байланыштуу. Халифаттын аймактарындагы жергиликтүү башкарууга каршы башталган чакан козголоң жакындан күч алып, күтүүсүздөн Усман өлтүрүлгөн. Бул окуядан кийин Али халиф болуп калган. Ага удаа эле Сириянын башкаруучусу Муавия Алинин бийлигине каршы көтөрүлүшкө чыгып, жарандык согуш башталган. Ал Алинин жактоочуларынын ич ара бөлүнүп кетүүсү жана Алинин өлүмү менен аяктаган.

Мусулмандардын көпчүлүк бөлүгү кийинчерээк жаңы халиф Муавиянын бийлигин тааныган. Бирок мусулмандардын бир бөлүгү Алини гана мыйзамдуу халиф деп таанып, башка халифтердин башкаруусуна каршы болгон. Алинин жактоочулары ага жана анын тукумдарына ишенимдүү бойдон калып, өздөрүн шииттер деп атап калышкан.

Азыркы учурда шииттер негизинен Иран, Ирак, Азербайжан жана Ливанда көпчүлүктү түзүшөт. Андан сырткары Йемен, Афганстан, Түркия, Сирия, Кувейт, Пакистан, Тажикстан өлкөлөрүндө кеңири таркашкан.

**Хариджиттер.** Жарандык согуштун учурунда Алинин чечкинсиздигине наараазы болгондор (12 миң жоокер) анын армиясынан бөлүнүп чыгып кетишкен. Алар Ирактын аймагында өз алдынча жаңы халифат түзүшкөндүгүн жарыялашкан. Алар өздөрүн хариджиттер (арабча хараджа – чыгуу, бөлүнүү) деп атап калышкан.

**Хариджиттер** (бөлүнгөндөр, наразы болгондор) – алгачкы диний-саясий агым. Халиф Алиден бөлүнүп чыккандыгы үчүн хариджиттер деп аталат. Бийликтин жамааттык мүнөзүн жана жамааттын башчысынын (имам – халиф) сөзсүз түрдө жамаат тарабынан шайлануусун жактагандар.

Жарандык согуштагы жеңилүүлөрдөн соң алардын негизги уюмдашкан тобу жок кылынган. Бирок алардын чаканыраак топтору халифаттын чегинде бир нече кылымга чейин ийгиликсиз көтөрүлүштөрдү уюштуруп турушкан. Азыркы учурдагы Омандагы ибадиттер хариджиттердин окуусун улантуучулар болуп саналышат.

Диний көз караштары боюнча хариджиттер сунниттерге жакын, бирок алгачкы эки халифтин гана мыйзамдуулугун таанышат. Хариджиттер халифтин ата-тегине, социалдык абалына карабастан, жалпы жамаат тарабынан ачык дайындалышын гана жакташкан. Алар халифтин башкаруусун аткаруу бийлиги менен гана чектешет. Ал эми соттук жана мыйзам чыгаруу бийлиги шурага (кеңеш) таандык.

**Исламдагы багыттардын өз ара мамилелери.** Бул багыттардын ортосундагы карама-каршылыктар башында жогорку бийлик боюнча гана болуп келген. Жамааттын ортосундагы бөлүнүү акырындык менен диний окуулардагы жана жөрөлгөлөрдөгү ажырымдарды пайда кылган. Соңку мезгилдердеги эл аралык саясаттагы кырдаалдар жана кызыкчылыктар алардын ортосундагы ажырымды ого бетер күчөтүүдө. Андагы чыңалуулар жана идеологиялык келишпөөчүлүктөр айрым учурда курч конфликттик абалдарды жаратып келет.

**Сунниттердин** пикири боюнча жогорку бийлик шайланган же дайындалган адамдарга таандык. Имам – сунниттер үчүн мечитте жана диний жөрөлгөлөрдө башчылык кылган адам. Сунниттер Суннанын бардык тексттерин кабыл алышат. **Шииттердин** көз карашы боюнча жогорку бийликтин өкүлү Алинин гана тукумунан болушу керек. Ал эми шииттер үчүн имам – мусулмандардын руханий жол башчысы жана Мухаммед пайгамбардын тукуму (Мухаммед пайгамбардын тукуму кызы Фатима менен күйөө баласы Али тарабынан гана уланат). Шииттер хадистердин Мухаммед жана анын үй-бүлөсү (Алиге, Фатимага, алардын балдары Хасан, Хусейнге байланышкан) аралашкан бөлүгүн таанышат. Шииттер качандыр бир кезде Алинин тукумунан чыккан куткаруучу имам **Махдинин** (мессия) келишин күтүшөт.

**Исламдагы «махди» түшүнүгү менен христиан динindeги «мессия» түшүнүгүнүн кандай окшоштуктары жана айырмачылыктары бар?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Сунниттер – бул ...
- Шииттер – бул ...
- Хариджиттер – бул ...
- Ибадиттер – бул ...

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ислам дининдеги багыттардын пайда болуу себептери эмнеде?
2. Сунниттер кандай принциптер менен нормаларды кабыл алышкан?
3. Мусулман жамаатын башкаруу маселелеринде шииттер эмнелерди жакташат?
4. Хариджиттер деген аталыш эмне себептен келип чыккан?

## § 24. Суфизм жана ваххабизм

**Негизги түшүнүктөр:**
Суфизм, суфийлик тарикаттар, суфий, шейх, ваххабизм, ваххабиттер, таухид

**Эстегиле!**
Исламдагы багыттардын өз ара айырмачылыктары кандай?

### Суфизм сөзүнүн аныктамасы

**Суфизм** (арабча – Ат-тасаввуф – мистицизм) – ислам дининдеги мистикалык-аскеттик агым. Ал VIII–IX кылымдарда ислам дүйнөсүнүн батыш бөлүгүндө христиан кечилдигинин таасиринде пайда болгон.

Суфизм X кылымда исламдын чегиндеги өз алдынча диний-философиялык нравалык агым катары бүткүл мусулман дүйнөсүнө таркаган.

Мистикалык-аскеттик агымдар мурдатан эле башка диний системаларда да болуп келген. Мисалы: христиан кечилдигин, иудаизмдеги каббаланы, буддизмдеги жана индуизмдеги кечилдиктин түрлөрүн анын көрүнүштөрү катары саноого болот.

Суфизм сөзүнүн келип чыгуусу ар кандай чечмеленет: арабча суф – жүн, грекче софна – акылман, персче софф – чынчылдык, жөнөкөйлүк, түркчө суффа – отуруучу орун. Кеңири тараган көз караштар боюнча суфизм термини суф сөзүнөн (жүн) келип чыккан. Бул агымдын баштапкы этаптарындагы суфийлер койдун жүнүнөн токулган кийим кийип жүрүшкөн.



Кожо Акмат Жазылыктын Түркстан шаарындагы мавзолейи. Тарыхый маалыматтар боюнча мавзолей Амир Темирдин буйругу менен курулган

**Суфизмдин келип чыгуусу жана таркашы.** Исламдын таркалуусунун алгачкы этаптарында көпчүлүк мусулмандар анын материалдык баалуулуктарына гана көңүл бурушкан. Алар негизинен Шарияттын нормаларын сактоого жана үйрөнүүгө басым жасашкан. Ал эми руханий жашоодогу баалуулуктарга көп көңүл бурулган эмес. Бул кээ бир дин аалымдарынын жөнөкөй баалуулуктарга кайрылуусуна алып келген. Ал өзүнүн ички душмандарына – көралбастык, текеберлик, бой көтөрүүчүлүк, ач көздүк жана жалкоолукка каршы күрөштөн турган. Анын натыйжалуу болуусу үчүн биринчи кезекте адам өзүнүн руханий-интеллектуалдык дараметин өстүрүүсү зарыл.

Суфизмдин ар бир региондо таркашы жергиликтүү салттар, баалуулуктар, маданияттар менен тыгыз аралашууда жүргөн. Борбордук

Азиядагы суфизмдин калыптанышына жергиликтүү исламга чейинки ишенимдердин – зороастризмдин, несторианчылыктын, манихейчиликтин таасири тийген. Анын калыптануусунда жергиликтүү түрк тилдүү элдердин дүйнө таанымы менен маданий мурастарынын таасири чоң роль ойногон.



Накшбандия тарикатынын көрүнүктүү ишмери Мадали Дукчи эшендин мюриддери 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнүн жеңилишинен кийин жазага тартылуу учурунда

Кыргыз элиндеги суфизмдин таркашынын өзгөчөлүктөрүнүн бири – ал дээрлик диндин таркашы менен бирге жүргөн. Көпчүлүк суфийлер биринчи кезекте суфизмди гана эмес, исламды таркатуучулардан болушкан. Алар эл аралап үгүт жүргүзүүдө диндин сырткы формаларына эмес, ички маңызына маани беришкен. Динди жайылтууда руханий-нравалык жана элдик маданий баалуулуктарга басым жасашкан. Элдик чыгармачылыктын үлгүлөрү, дастандар, эпостор, ырлар, жомоктор кеңири колдонулган. Жер кезип жүргөн аксакал-дербиштин образы элдик оозеки чыгармачылыктарда акылмандыктын үлгүсү катары чагылдырылат. Белгилүү бир суфийлик устаттарды кандайдыр бир мистикалык окуялар менен байланыштыруу адаттагы эле көрүнүш болуп келген. Алардын Кудай тарабынан берилген касиеттерге ээ экендигине ишенишкен. Жер, суу аталыштарында,  мазарлар тууралуу уламыштарда да суфизмдин элементтерин көп кездештирүүгө болот.

**Борбордук Азиядагы суфийлик тарикаттар**

**Тарикат** (арабча – жол) – кайсы бир устат тарабынан иштелип чыккан руханий тазалыкка жетүүгө багытталган жол.

Суфизм, тасаввуф, тарикат дегенде адатта татаал жол, кечилдик, жыргалчылыктардан баш тартуу эске келет. Иш жүзүндө чыныгы суфизмдин маңызы – ойдун тазалыгы, бийик нравалуулук, руханий жеткиликтүүлүк. Бул максаттарга жетүү үчүн суфийлер тарабынан атайын мектептер – тарикаттар түзүлгөн.

Борбордук Азияда исламдын жайылышы менен бул аймактарда көптөгөн тарикаттар да жайылган. Орто Азияда XII кылымда суфизмдин үч негизги ордени түзүлгөн. Хорезмде – Кубравия, Ферганада – Кадирия, Кыргызстан жана Түштүк Казакстан аймагында – Яссавия.

**Ходжа Ахмед Яссави** же Кожо Акмат Жазылык Өзгөндөгү Жазы дарыясынын боюнда төрөлгөн. Ушул аймактарда жашап жүрүп кийинчерээк Түркстан шаарына кеткен. Анын руханий тазалануу, нравалуулук, чыдамдуулук, чынчылдык идеялары ыр түрүндө «Дивани Хикмет» китебинде берилген. Яссави тарикатына сыйынуу формасында кайталап үн чыгарып Алланы даңазалоо, Жердеги жыргалчылыктардын айрымдарынан баш тартуу мүнөздүү. Бул өзгөчөлүктөр кийин башка тарикаттар тарабынан да кабыл алынган.

XIV кылымдан баштап Накшбандия тарикаты кеңири жайылган. Бул тарикаттын кийинки мезгилдерге чейин эле таасири күчтүү болуп келген.

Бахауддин Накшбанд – ислам дүйнөсүндөгү ыйыктардын бири, азыркы Бухара аймагында төрөлгөн. Бала чагында ал барчага сайма саюу менен алектенген. «Накшбанд» саймачы, «Бахауддин» диндин жарыгы дегенди түшүндүрөт. Накшбанд окуусунун негизин «Жүрөк – Аллага, кол – жумушка» деген чакырык түзөт. Ал мурда кабыл алынган тасаввуфтун татаал талаптарын күнүмдүк жашоого ыңгайлаштырган.

Накшбандияда адамдар сырткы көрүнүшкө жана ички дүйнөгө бөлүнүшөт. Тышкы көрүнүш адамдар менен аралашууга керек болсо, ички дүйнө Кудай менен биригүүгө керек.

Ал суфийлерге таандык экендигин жашырууну талап кылган. Коомдон өзгөчөлөнбөй, эмгектенүүдөн качпай, үй-бүлөсү үчүн жоопкерчилик тартууну, башкалардын эмгегин колдонбоону буюрган.

| Бардык суфийлердин жолу төрт баскычка бөлүнөт: | | | |
|---|---|---|---|
| Шарият – исламдын мыйзамдарын аткаруу | тарикат – шакирттик | маърифат – Кудайды таануу | хакикат – акыйкатты толук таануу |

Суфийлик жолду тандаган адамдарды мюриддер (умтулгандар) деп аташкан. Шакирттикке кабыл алуу терең маанини камтып, атайын жөрөлгөлөр менен коштолгон. Алар өз жолун руханий насаатчылардын жетегинде башташкан. Руханий насаатчылар шейх муршид, пир, эшен, кожо, мавлона жана махмуд деп аталган.

Суфизмде жолдоочулуктун өзгөчө системасы бар. Анын маанилүү элементтери болуп суфийлик устаттар (шейхтер, кожолор, эшендер) саналат. Алардын ата-теги адатта исламдын башаттарына же кайсы бир белгилүү адамга чейин жетип айтылат. Ата-тегинин белгилүүлүгү элдин колдоосуна ээ болуусуна да таасир берген. Суфийлик устаттар айрым учурларда коомдук-саясий иштерге активдүү катышышкан (Мисалы, 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү). Таасир талашууда жамааттардын ортосунда өз ара атаандашуулар да жүрүп турган (Мисалы, Чыгыш Түркстандагы кожолор кыймылы).

**Силер кандай ойлойсуңар, азыркы учурда биздин коомдо суфизмдин таасири барбы?**

**Ваххабизм.** Ваххабизм – негиздөөчүсү Мухаммад ибн Абд аль-Ваххабдын атын алып жүргөн исламдык-фундаменталисттик саясий кыймыл. Ал өз ишмердүүлүгүн исламдын баштапкы таза абалына кайтууга багытталган реформалар катары мүнөздөгөн. Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб чыныгы таза ислам Мухаммед пайгамбардын жолун жолдогон баштапкы үч муундун аралыгында эле сакталган деп эсептеген. Ислам дининдеги кийинки кабыл алынган жаңычылдыктардын, толуктоолордун бардыгын четке каккан.

**Ваххабизм** – XVIII кылымда калыптанган исламдык диний-саясий кыймыл.



Мухаммад
ибн Абд аль-Ваххаб

XVIII кылымда Аравия жарым аралындагы көп жылдарга созулган кургакчылык социалдык-экономикалык кризисти жараткан. Ал саясий кырдаалга таасирин тийгизип, улуттук-боштондук идеяларынын жогорулоосуна алып келген. Бул кыймыл башында көчмөн бедуиндердин арасында кеңири колдоого алынган. Ошондуктан аны көчмөн бедуиндердин шаардын жашоочуларынын байлыгына каршы чыккан протести катары да баалашат. Ушул эле мезгилдерде Эд-Диръия шаарынын эмири ваххабизмди мамлекеттик идеология катары кабыл алган. Ал жайылып отуруп натыйжада Сауд Аравиясы мамлекетинин түзүлүүсүнө негиз болуп калган.

Бул кыймылдын мүчөлөрү өздөрүн ваххабиттер, салафтардын (ата-бабалар, ата-тектер) жолун жолдоочулар деп да аташат. Ошол эле учурда алар өздөрүнүн кыймылы саясий мүнөздө эмес, диний мүнөздө гана экендигин көргөзүүгө умтулушат.

Ваххабиттер ыйыктардын мүрзөлөрүнө зыярат кылууну четке кагып, аны өлгөндөргө сыйынуу катары баалашат. Пайгамбардын туулган күнүн өткөрүүнү жактырылбаган иш катары санашат.

Умманы бөлүп-жарган саясий аракеттер жана жарандык согуштар ваххабиттер тарабынан фитна (ислам биримдигин бузуу, бөлүп-жаруучулук) катары каралат. Ибн Абд аль-Ваххабдын айтуусу боюнча биринчи фитна Алинин башкаруу мезгилинде харижиттер тарабынан жасалган. Ошентсе да ваххабизмди жолдоочулар башка өлкөлөрдөгү бир катар куралдуу конфликттерге катышышкан.

1 • Таухид (бир Кудайга ишенүү) принцибин бекем сактоо;

2 • диндеги бидаларды (кийин киргизилген өзгөрүүлөр) четке кагуу;

3 • кайсы бир мазхабды бекем жолдоону сынга алуу;

4 • Аллахтын ысымдарын жана атрибуттарын талкуулоодо салафтардын жолун жолдоо;

5 • куфрларды динге кошуунун зыяндуулугу.

**Негизги принциптери:**

Ваххабизмдин башкы догматы жалгыз Кудайга ишенүү (таухид). Алардын негизги милдети – исламды маданий-этностук ж.б. өзгөчөлүктөргө негизделген туура эмес кошулмалардан (бида) тазартуу.

Ислам дүйнөсүндө кээ бирлери аны диндин тазалануусун камсыздоочу реформатордук кыймыл катары баалашат.

Ал эми айрымдары ваххабизмди исламга эч кандай пайда алып келген жок деп эсептешет.

Батыштагы исламдык уюмдардын бир бөлүгү аны экстремисттик кыймыл катары мүнөздөшөт.

Азыркы учурда ваххабиттик идеология ар кандай бааланып келет.

Дүйнөлүк коомчулукта ваххабизмге көпчүлүк учурда өнүгүүгө жана прогресске каршы эскичил идеология катары баа берилип келет. Ошентсе да ал азыркы учурда активдүү түрдө ар кандай формада жана ар кандай жолдор менен жайылтылууда. Айрыкча постсоветтик өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да, ал ачык байкалат.

**Силер кандай ойлойсуңар, ваххабизмдин Кыргызстанда таасири кандай?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Суфизм – бул...
- Тарикат – бул...
- Накшбандия – бул...
- Ваххабизм – бул...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Суфизм сөзү эмне маанини билдирет?
2. Суфизмдин келип чыгуу себептери кайсылар?
3. Суфизмдин тарикаттары деген эмне?
4. Ваххабиттер эмнени четке кагат?
5. Ваххабизмдин негизги принциптери кандай?

## § 25. Исламдагы диний-укуктук мектептер

**Негизги түшүнүктөр:**
Мазхабдар, Ханафий мазхабы, Малики мазхабы, Шафий мазхабы, Ханбали мазхабы

**Эстегиле!**
Суфизмдин негизги баскычтары кайсылар? Вахаббизмдин таухид принциби эмнени түшүндүрөт?

**Ислам дининдеги мазхабдар.** Исламдагы мазхабдар – диний-укуктук мектептер. Исламдагы ченемдерди жана эрежелерди юридикалык жактан негиздөө зарылчылыгы диний укуктук мектептердин – мазхабдардын (мазхаб – жол) түзүлүүсүнө алып келген. Мазхабдардын бардыгы тең азыркы мезгилге чейин диний-укуктук маселелерди чечмелөөдө кеңири колдонулат. Аларды исламдын принциптери менен чечүү зарылчылыгы бүтүндөй бир диний мыйзамдардын системасынын түзүлүшүнө себеп болгон.

Мазхабдар бири-биринен чечим кабыл алуудагы принциптери боюнча айырмаланып турушат, бирок алардын бардыгы тең Куранга, Шариятка, хадистердин канондук жыйнактарына негизделген.


**Ханафий мазхабы.** Ханафий мазхабы имам Абу Ханифа (767-жылы каза болгон) жана анын шакирттери тарабынан түзүлгөн.

Ханафий мазхабында башында логикалык жана рационалдык ой жүгүртүүлөргө, пикирлерге көңүл бөлүнгөн. Ханафий мазхабынын укуктук ченемдери (нормалары) төмөндөгү булактарга таянат:

- Куран;
- Сунна (ишенимдүү хадистерди тандоо жолу менен);
- Иджмаи умма – Мухаммед пайгамбардын өлүмүнөн кийинки фикх аалымдарынын бирдиктүү пикири;
- Кыяс фукаха – каралып жаткан укуктук көйгөйдү мурда Шариятта камтылган жагдайга салыштырып кароо;
- Истихсан – түзүлгөн абалга карата иштин ыңгайына карап чечим кабыл алуу;
- Үрп жана адат – исламдын принциптерине жана ченемдерине каршы келбеген учурда салттуу көз караштарды жана салттарды пайдалануу.

Жергиликтүү мурдатан калыптанган эрежелер жана тартиптер – адаттар ханафий мазхабында кошумча булак катары каралат. Жалпы жамааттык бир пикирде болуу принциби бул системага ийкемдүүлүктү берип, анын кеңири аймактарга жайылып, өнүгүүсүн шарттаган.

## Бул кызыктуу!



Ханафий мазхабы Шафий мазхабы Малики мазхабы Ханбали мазхабы

Исламдагы диний-укуктук мектептер мазхабдарда, укуктук маселелерди чечмелөөдөн тышкары диний жөрөлгөлөрдү аткарууда да бир аз айырмачылыктар бар. Мисалы, намаз окуудагы кыймылдардын аткарылышында. Бирок мындай айырмачылыктар олуттуу карама-каршылыктар катары каралбайт.

Азыркы мезгилде ханафий мазхабын кармагандар жалпы мусулмандардын дээрлик жарымын түзүшөт. Ал Түркия, Афганистан, Пакистан, Индия, Кытай, Сирия, Балкан, Индонезиянын бир бөлүгүндө, Орто Азияда, Казакстанда жана Россиянын аймагында кеңири тараган.



Эритреядагы Шейх Ханафи мечити. Мечит XIV кылымда курулган

**Малики мазхабы.** Малики мазхабы имам Малик ибн-Анас (795-жылы көз жумган) тарабынан негизделген. Малики мектеби рационалдуу мектеп катары түзүлгөн. Анда «коомдук пайда үчүн эркин талкуу» принциби кеңири колдонулат. Имам Малик укуктук чечимдерди кабыл алууда төмөндөгү булактарга таянган:

➢ Куран, биринчи кезекте түз маанидеги аяттар (насса);

➢ Сунна;

➢ «Мединалыктардын жосундары» – пайгамбардын көзү өткөндөн кийин мединалыктардын арасында калыптанган салттар жана эрежелер.

➢ Пайгамбардын ишин улантуучулардын фетвалары.

➢ Кыяс, Истислах, Ибн-Анас Истихсанды башкача чечмелеген. Эгер кайсыл бир маселе боюнча Куранда (нассада) ачык чечим табылбаса, Кыясты (Шарияттагы чечимдер менен салыштыруу) колдонууну же колдонбоону сунуштайт. Мына ушул нерсени ал Истислах деп атаган.

➢ Садду аз-Зарайи – кесепети күнөөгө же кандайдыр бир зыянга алып келүү мүмкүнчүлүгү жогору болгон нерселерди тыюу.

Бул мазхабда кайсыл бир маселе боюнча ар түрдүү чечимдер болуп калса, алардын ичинен көпчүлүктүн тандоосундагы же Малики мазхабынын аалымдарынын жактыруусундагы чечимге басым жасалат.

Малики мазхабы негизинен Марокко, Алжир, Тунис, Бахрейн, Кувейт, Ливия өлкөлөрүндө кеңири тараган.

**Шафий мазхабы.** Шафий мазхабын имам Мухаммед аш-Шафий (820-жылы каза болгон) негиздеген. Анын окуусу Курандын түшүнүктүү жана ачык аяттарына (насса), Суннага таянат. Бирок ошол эле учурда рационалдык ыкмаларды колдонууга чектөөлөр киргизилген.

Имам аш-Шафийдин укуктук мектебинин негизги булактары төмөндөгүлөр:

➢ Куран жана Сунна – укуктук чечимдерди кабыл алуудагы башкы негиздер жана таянычтар.

➢ Ижма (Мухаммед пайгамбардын жолун жолдоочулардын бирдиктүү пикири).

➢ Кыяс – атайын билимдүү укук таануучу – муштахид тарабынан өзгөчө изилдөөгө (ижтихад) алынган **Шарияттагы** чечимдер менен салыштыруулар. Ошол эле учурда истихсан менен истислах четке кагылат.

➢ Бул мазхабды кармануучулар «коомдун пайдасы үчүн талкуулоо» принцибин таанышат. Ченемдер (нормалар) жана каада-салттар кайсы бир чечимди кабыл алууда гана каралышы мүмкүн. Татаал логикалык талкуулар четке кагылат.

Азыркы мезгилде Жакынкы Чыгыштагы курддардын 80%ы, арабдардын бир бөлүгү, Түштүк-Чыгыш Азиянын мусулмандарынын бир бөлүгү, Россиядагы, Түндүк Кавказдагы бир катар мусулман элдер (чечендер, ингуштар) Шафий мазхабын карманышат.

**Ханбали мазхабы.** Ханбали мазхабы Имам Ахмад ибн-Ханбал (855-жылы көз жумган) тарабынан негизделген. Ханбали мазхабынын укуктук усулдары төмөндөгү булактарга таянат:

➢ Куран жана Сунна – укуктук бүтүмдөрдү чыгаруудагы эң жогорку булак;

➢ Пайгамбардын жолун улантуучулардын фетвалары;

➢ Пайгамбардын жолун улантуучуларынын пикирлери. Эгер мындай пикирлердин ортосунда айырмачылыктар жаралса, Куран менен Суннага көбүрөөк таянган жана негизделген пикирге артыкчылык берүү;

➢ Ижма (ар түрдүү муундагы аалымдардын кайсыл бир маселелер боюнча бирдиктүү пикири);

➢ Истисхаб (жаңы далилдер көрсөтүлгөнгө чейинки бардык эле фетвалардын убактылуулугу);

Ханбали мазхабында фетваларды жана бүтүмдөрдү ар тараптуу талдаган бир нече багыттар бар. Бул мазхаб бардык диний-укуктук маселелерди кайрадан изилдеп карап чыгууга жана ага карата фетва жана бүтүмдөрдү чыгарууга болот деген позицияны карманат.

**Жафари мазхабы.** Жафари мазхабын Джафар ас-Садик (702–765-жж.) негиздеген. Көп кылымдык тарыхы болгону менен, бул мазхаб XVIII кылымда гана башкы шииттик мазхаб катары таанылган. Жафариддердин окуусу боюнча диний билимдин башкы булактары катары Куран, Сунна, Ижма, Акыл (акыл-эс) саналат.

Бүгүнкү мезгилде Ханбали мазхабы Сауд Аравиясындагы үстөмдүк кылуучу мазхаб болуп эсептелинет. Бул мазхабда, башкалардан айырмаланып, «ижтихаддын дарбазасынын жабылышын» таанышпайт. Башкача айтканда, бардык эле жагдайлар боюнча мурда кабыл алынган чечимдерди кайра кароого болот. Ал тургай зарылчылык болуп калса, чечимдер менен фетваларды бузууга жол берилет.

Жафари мазхабында да «ижтихаддын дарбазасынын жабылышы» таанылбайт. Алардын көз карашы боюнча **ижтихад –** кабыл алынган туруктуу чечим эмес, ишенимди далил катары ишке ашыруунун башкы каражаты. Андан сырткары Жафариддер Суннадагы Мухаммеддин эң жакын адамдарына гана байланышкан ахбарларды (шиизмдеги хадистер) гана таанышат (өзгөчө Алиге байланыштуу ахбарларга басым жасашат). Жафариддер **ат-такийя** (зарылчылык учурунда карманган динин жашыруу) принцибин жана **мута** (убактылуу нике) институту ислам ишенимине эч качан каршы келбейт деп эсептешет.

Жафари мазхабы Иран, Азербайжан, Ирак, Афганстандагы шииттердин арасында кеңири тараган.

**Мазхабдардагы жалпылыктар.** Ислам дининдеги диний-укуктук система мусулман адамдын жашоосунун бардык тараптарын камтып турат. Каралып жаткан маселелерде чечимдерди таап чыгууда төмөндөгүлөр колдонулат:

- пайгамбардын жолун жолдоочулардын, көрүнүктүү аалымдардын бирдиктүү пикири (ижма);
- Куран жана Сунна боюнча салыштырып талкуулоо (кыяс);
- пайдалуу же зыян алып келбеген чечимдерди чыгарууда зарыл болгон учурда кыяска карап чечим чыгаруудан баш тартуу же ага өзгөртүү киргизүү (истихсан, Абу Ханифа тарабынан киргизилген);
- коомго пайдалуу экендигин негиз кылып чечим чыгаруу (имам Малик тарабынан иштелип чыккан жана киргизилген).

Салттуу исламда сунниттер менен шииттердин жана мазхабдардын ортосундагы карама-каршылыктарга, пикир келишпестиктерге эч кандай негиз жок. Исламда мусулмандардын өз ара мамилелери жалгыз Аллага карата чексиз ишенимдин негизинде түзүлөт. Башкача айтканда, мусулмандар мусулман үчүн бир тууган болушу керек.

**Кыргызстандын аймагында ханафий мазхабы кеңири таркаган. Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн бул мазхабга артыкчылык беришкен?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Ханафий мазхабы – бул ...
- Малики мазхабы – бул ...
- Шафий мазхабы – бул ...
- Ханбали мазхабы – бул....

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Мазхаб деген эмнени билдирет?
2. Ислам désinde кандай мазхабдар бар?
3. Мазхабдар бири-биринен эмнелери менен айырмаланып турат?
4. Мазхабдар кайсы ченемдерге негизделген?

## § 26. Мусулман ренессансы.
## Исламдагы илим жана билим берүү

**Негизги түшүнүктөр:**
Мусулман ренессансы, билим берүү, илим, илимпоздор

**Эстегиле!**
Ислам динindeги мазхабдарда кандай жалпылыктар бар?

**Ислам цивилизациясы.** Биздин замандын VIII кылымына карай ислам дүйнөсү Испаниядан Орто Азия жана Индияга чейинки аймакты камтыган. Көптөгөн элдер жашаган ири аймакта бир катар маданий жалпылыктарга ээ ислам цивилизациясы түзүлгөн. Ислам дүйнөсүндөгү VIII–XIII кылымдардагы маданияттын гүлдөп өнүгүүсү мусулман ренессансы деп аталат. Мусулман ренессансы мезгилиндеги ири ачылыштар менен жетишкендиктер дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө түздөн-түз салым кошкон.

Маданият, илим-билим, искусствонун өнүгүүсүнө интеграциялык байланыштардын тыгыз жүрүшү таасир берген. Бирдиктүү башкаруунун, диндин, жазуунун жана тилдин киргизилиши ал процесстин ылдамдашына түрткү берген. Маданий баалуулуктардын аралашуусу анын сапатын арттырып, көп кырдуулугун камсыздаган.

Цивилизация термини Байыркы Римде шаар жана шаарга таандык нерселерди түшүндүрсө, азыркы учурда ал көптөгөн маанилерге ээ. Жалпылап айтканда, кайсыл бир цивилизация (Антика цивилизациясы, Европа цивилизациясы ж.б.) жөнүндө сөз болгондо ошол коомго таандык жалпылыктарды түшүнөбүз. Бул жалпылыктар башкаруу, билим берүү, мыйзам чыгаруу, чарба жүргүзүү ж.б. белгилерди камтыйт.

Маданий жана соода-экономикалык байланыштар адамдардын дүйнө таанымын кеңейтип, жаңы нерселерди, жетишкендиктерди өздөштүрүүгө шыктандырган.

**Исламдын билим алууга мамилеси.** Ислам окуусунда жаңы билимдерди издөөгө жана табиятты үйрөнүүгө чакырат. Аны жетекчиликке алуу менен мусулмандар дүйнөнүн илимий борбору болгон коомду түзүшкөн. Мусулман дүйнөсүндө Куфа, Басра, Багдад, Дамаск, Самарканд жана Бухара шаарлары илим-билимдин борборлоруна айланган. Философия, математика, астрономия, историография, лингвистика, риторика, химия, фармакология, медицина илимдери өнүккөн.


Окумуштууларды баалашкан, анткени алар империянын интеллектуалдык дараметинин өсүүсүнө кызмат кылышкан. Алар шаар курууну пландоодон баштап медициналык тейлөөгө чейинки ар кыл тармактарда практикалык пайдаларды алып келишкен.

Кеңири соода – математиканын, алыскы саякаттар – астрономиялык жана географиялык билимдердин өнүгүүсүнө түрткү берген. Ал эми кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсү эксперименталдык көркөм өнөрдү өнүктүргөн.

**Илимдин өнүгүүсү.** 820-жылы Халиф Абу аль-Мамундун башкаруу учурунда Багдадда Даанышмандык үйү (араб. Байт аль-хикма) түзүлгөн. Анда түрдүү илимдер боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, окумуштуулар менен билим алуучулардын камсыздоого каражаттар бөлүнүп турган. Башка аймактардан сейрек кездешкен илимий баалуу эмгектер алып келинип, араб тилине которулуп көбөйтүлгөн. Даанышмандык үйүнө ошол мезгилдеги көрүнүктүү окумуштуулар чогулган.

VIII–X кылымдарда Араб халифатынын элдеринде табигый жана так илимдерге кызыгуу жогорулаган. Астрономиялык обсерваториялар, илимий жана котормочулук иштер үчүн имараттар, китепканалар курулган. X кылымга карата көп шаарларда орто жана жогорку мусулман мектептери – медреселер пайда болгон.

**Математика.** Мусулман окумуштуулары геометрия менен тригонометрияда маанилүү ачылыштарды жасашкан. X кылымда жашаган Абул-Вафа синустар теоремасын чыгарган. VIII кылымда индиялыктардан өздөштүрүлгөн сан тутуму Батыш Европада XII кылымда арабдыкы деген ат менен таанылган. Орто азиялык илимпоздордон аль-Хорезми, кийин европалык математика кабыл алган нөлү бар сан символикасын жайылткан. Ал алгебра («ал-джебр») терминин киргизген. Хорезмдик илимпоз Абу Рейхан аль-Бируни математика, астрономия, ботаника жана башка илимдер боюнча эмгектерди жараткан. Ошондой эле математика тармагында бурчту үч бөлүккө бөлүү, кубду эселентүү ж.б.у.с. маселелерди чечкен.




Аль-Хорезми

**Астрономия.** Мусулман окумуштуулары тарабынан Клавдий Птолемейдин «Улуу астрономиялык курулуш» деген башкы эмгеги которулган. Кийин ал Абу аль-Вафа, Омар Хайям, Абу Рейхан аль-Бируни, Аль-Хорезми сыяктуу илимпоздор үчүн космологиянын негизи болуп калган. IX–X кылымдарда араб окумуштуулары аль-Баттани менен Абу аль-Вафа ошол мезгил үчүн эң так астрономиялык өлчөөлөрдү жасашкан. Андан соң астрономиялык жадыбалдарды, котангенстер жадыбалын түзүп чыгышкан. Орто азиялык окумуштуу жана агартуучу Улукбек (1394–1449) татаал астрономиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал Самарканд шаарында обсерватория курган.



Самарканд шаарындагы Улукбектин обсерваториясы



Абу Райхан аль-Бируни

Өзүнүн «Жаңы астрономиялык жадыбалдар» деген эмгегинде 1018 жылдыздын орду жөнүндө маалыматтарды, планеталардын кыймылынын жадыбалдарын түзгөн.

Аль-Бируни так астрономиялык өлчөөлөрдү жүргүзгөн, Айдын жана Күндүн тутулууларындагы өзгөрүүлөрдү сыпаттаган. Ал Жердин Күндү айлануусу жөнүндөгү ойду биринчи болуп айткан.

Илимдин пайдасы – анын жардамы менен алтын жана күмүштү топтоодо эмес, адамгерчиликке жана акылмандыкка жетүүдө.

*Абу Райхан аль-Бируни*


Орто кылымдардагы мусулман окумуштууларынын изилдөөлөрү кийин Европада белгилүү болгон жана европалык астрономиянын өнүгүүсүнө түрткү берген.

**География.** Чыгыш саякатчылары менен географтары Иран, Индия, Цейлон жана Орто Азия жөнүндө түшүнүктөрдү кеңейтишкен. Алардын жардамы аркылуу Европа, Кытай, Индонезия жана Индокытайдын башка өлкөлөрү менен алгач ирет таанышкан.

Географ-саякатчылардын белгилүү эмгектери болуп төмөнкүлөр эсептелет: Ибн Хордадбектин «Жолдор менен мамлекеттер географиялык энциклопедиясы»; Ибн Русттун «Кымбат дөөлөттөр» китеби; Истахрининин «Жолдор менен падышачылыктар» китеби; Абу-Абдаллах аль-Идристин дүйнө картасы; аль-Кинди Якуттун көп томдуу «Өлкөлөр сөздүгү»; Ибн Баттутанын «Саякаты».

Орто кылымдардын белгилүү окумуштуусу аль-Бируни эклиптиканын экваторго карай жантаюу бурчун аныктаган. Кылымдык өзгөрүүлөрүн айкындоо менен Жердин радиусун аныктоо усулун иштеп чыккан.

**Физика.** Египеттин көрүнүктүү илимпозу математик жана физик, оптика боюнча атактуу эмгектердин автору Ибн-аль-Хайсам (965–1039) болгон. Европада ал Алхазен деген ысым менен белгилүү. Ибн-аль-Хайсам өз эксперименттерин жүргүзүп, аспаптарды конструкциялап, байыркылардын мурасын өнүктүргөн.


Ибн-аль-Хайсам

Ал көрүү теориясын иштеп чыккан, көздүн анатомиялык түзүлүшүн сыпаттаган. Анын «Оптика китеби» XII кылымда латын тилине которулган.

**Медицина.** Мусулман медицинасы дагы чоң ийгиликтерге жетишкен. Теориялык жана клиникалык медицина энциклопедиясынын автору Ибн Сина – Авиценна (981–1037) дүйнөлүк медицинанын өнүгүүсүнө зор салым кошкон.

Ал грециялык, римдик, индиялык жана орто азиялык дарыгерлердин көз караштары менен тажрыйбаларын «Дарыгерлик илиминин канонунда» жалпылаштырган.


Ибн Сина – Авиценна

Бул китеп Батышта XVII кылымга чейин окуу куралы катары колдонулган. Белгилүү багдаддык хирург Абу Бакр Мухаммад ар-Рази чечекке (оспа) каршы эмдөөнү колдонгон.

975-жылы перс илимпозу Абу Мансур аль-Харави «Фармакологиянын негиздери жөнүндө трактат» аттуу китебин жарыялаган. Анда ар кыл табияттык жана химиялык заттардын дарылык касиеттери баяндалган. Бируни «Дары заттар жөнүндө» деген китепти да жазган.

**Философия.** Араб философиясы көп жагынан антикалык мурастын негизинде өнүккөн. Илимпоздор антикалык авторлордун чыгармаларын жигердүү которушкан. IX кылымда жашаган аль-Кинди («экинчи устат», башкача айтканда, Аристотелден кийинки деп аталган) жана аль-Фараби (870–950) белгилүү философтор катары таанылган. Фараби Аристотелдин эмгектерин түшүндүргөн. Басра шаарындагы окумуштуулар өз мезгилинин философиялык илимий жетишкендиктеринин энциклопедиясын түзүшкөн.



Аль-Фараби

**Билим берүү.** Ислам дүйнөсүндө билим берүү эки деңгээлге: баштапкы жана жогорку болуп ажыратылган. Шаарлар менен ири кыштактарда мечиттерге караштуу башталгыч менчик диний мектептер иштеген. Окуучулар аптасына жумадан башка алты күнү окушкан. Бай адамдар үй мугалимдерин жалдоону артык көрүшкөн. Билим берүү окуу, жазуу жана эсепти гана эмес, грамматика, адабият, тарых, этиканы дагы камтыган.

Билим берүүнүн экинчи жогорку деңгээлинде окутуу көбүнчө медреседе өткөн. Алар селжук увазири Низам аль-Мүлктүн ишмердүүлүгүнүн аркасында кеңири таралган. Медреселер диний гана эмес, динден тышкаркы дагы билимдерди беришкен. А дегенде алар грамматиканы, укукту, философияны окуп үйрөнүшкөн. Акырындап программа кеңейтилген: элладалык, ирандык жана индиялык авторлордун эмгектери да окутулган. Медреселер эреже катары бай демөөрчүлөр (меценаттар) тарабынан каржыланып турган. Билим алуучулар жатакана, тамак-аш, жөлөк пул менен камсыздалып, мугалимдер айлык алышкан.

❋ **Ислам дүйнөсүндөгү илим-билимдин дүркүрөп өнүгүүсү эмне себептерден улам начарлаган?**

**Мусулман цивилизациясынын жетишкендиктеринин таасири.** Чыгыштын билим берүү мекемелери кезегинде европалыктар үчүн үлгү болушкан. Мусулман мектептеринен билим алышкан европалыктар кийин өз мекендеринде окумуштуу, саясий жана диний ишмерлерге айланышкан. Айрыкча мусулмандык Испаниядагы Кордова жана Толедо европалыктар үчүн да ири агартуу борборлоруна айланган.

XII–XIII кылымдарда, Европада араб математиктеринин, оптиктеринин, медиктеринин, музыка таануучуларынын негизги эмгектери латын тилине которулган. Алар европалык илим менен техниканын негизи болуп калган. Европалык цивилизациянын өнүгүүсүндө зор роль ойногон.

❋ **Эмне үчүн азыркы учурда ислам мамлекеттеринде илим-билимдин өнүгүүсү Батыш мамлекеттерине салыштырмалуу төмөн?**

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Мусулман ренессансы – бул ...
- Даанышмандык үйү – бул ...
- Исламдагы илимдин өнүгүшү – бул ...
- Исламдагы билим берүү – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:


1. Исламдын билим алууга мамилеси кандай болгон?
2. Ислам динindеги илимдин жана билим берүүнүн гүлдөгөн мезгили кайсы доорго таандык?
3. Мусулман окумуштуулардын илимге кошкон салымдары кайсылар?
4. Мусулман илимпоздордун илим жана техника жаатындагы улуу жетишкендиктери тууралуу аңгеме жазгыла.

## § 27. Мусулман маданияты жана искусствосу

**Негизги түшүнүктөр:**
Архитектура, сүрөт өнөрү, каллиграфия, адабият

**Эстегиле!**
Орто кылымдардагы ислам дүйнөсүндөгү илимдин өнүгүшүнө эмне таасир берген?

Буддизм, христиан ж.б. диний ишенимдердей эле, исламдын да дүйнөлүк маданияттын алкагында өзүнүн татыктуу орду бар. Ислам цивилизациясы дүйнөгө өзгөчө кайталангыс көркөм маданияттын үлгүлөрүн жана чыгармаларын бере алды. Ислам дүйнөсүндө айрыкча архитектура, поэзия, каллиграфия, миниатюра жанрлары гүлдөп өнүккөн. Көркөм маданияттын жана искусствонун өнүгүүсү биринчи кезекте исламдын окуусунун жана догмаларынын таасиринде жүргөн. Ошол эле учурда византиялык, египеттик, персиялык формалар алардын негизин түзгөн.



Стамбулдагы Айя София мечити

**Архитектура.** Архитектуралык курулуштар имараттардын эле пландуулугу жана көркөмдүгү эмес, алар мамлекеттин күч-кубатын чагылдырып келген. Бийик мунаралар, жарашыктуу куполдор, аркалар, оймо-чиймелер менен коздолгон дубалдар – ислам архитектурасынын мүнөздүү белгиси.

Салттуу ислам архитектурасында персиялык, сириялык-египеттик, индиялык, магрибдик, осмондук деп аталган беш мектепти бөлүп көргөзүшөт. Исламдын баштапкы мезгилинде арабдар басып алынган шаарлардагы имараттарды ыңгайлаштырып өзгөртүп колдонушкан.



**Испания. Кордовадагы мечит (ички көрүнүшү), VIII–IX кылымдар.**
Мрамордон, граниттен ж.б. жасалган кооз колонналар эбегейсиз зор залдын күңүртүндө жоголуп кеткенсип көрүнөт, мында 856 колонна бар. Алар бири-бири менен аттын такасы сымал ийилген аркалар аркылуу байланышып турат. Дубалдары мозаика жана оймо-чиймелер менен кооздолгон. Бүгүнкү күндө Рим-католик собору.

Мамлекеттин күч-кубатынын өсүшү менен мечиттер ж.б. имараттар курула баштаган.

Мусулман архитектурасынын мүнөздүү белгилеринин бири – имараттардын ички жана тышкы жасалгаларынын кооздугу. Геометриялык фигуралар, өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү түшүрүлгөн мотивдердеги стиль арабеска деп аталып калган. Арабесканын дагы бир өзгөчөлүгү андагы орнаменттердин Куран аяттарынын каллиграфиялык жазмалары менен айкалыштырылып берилишинде.

Мусулман чеберлери көптөгөн коомдук курулуштарды, хан сарайларды, сепилдерди, күмбөздөрдү ж.б. курулуштарды да курушкан.

Дүйнөгө кеңири белгилүү имараттардын арасында: Омардын мечити (Иерусалим), Ибн Тулундун мечити (Каир), Альгамбра (Испания), Сулеймания мечити (Стамбул), Тадж-Махал (Агра) күмбөзү, Шах-и-Зинда архитектуралык ансамбли (Самарканд) ж.б. курулуштар бар.

**Сүрөт өнөрү.** Ислам дүйнөсүндө сүрөт искусствосунун өнүгүүсү башка аймактардан кыйла айырмаланып турат. Сүрөт искусствосу көркөм өнөрдүн башка түрлөрүндөй өз алдынчалыкка ээ болгон эмес.

Анын себептеринин бири ислам грининде тирүү нерселерди тартуу жана айкелин жасоо жактырылган эмес. Ал негизинен архитектуралык жасалгалоо, карапа идиштерди, темир буюмдарды кооздоо, кездемелерге сүрөт түшүрүү түрүндө өнүккөн. Ислам сүрөт өнөрүндөгү атактуу миниатюра жанры китептерди иллюстрациялоодо колдонулган. Ал каллиграфия искусствосу менен биргеликте өнүккөн жана дүйнөгө кеңири таанылган. Акылмандыктын булагы саналган – китептер, мазмуну гана эмес, жасалгаланышы менен да бааланган.

**Каллиграфия.** Каллиграфиянын пайда болуусу башында Куранды көчүрүп жазуудан башталган. Алланын сөзүн көчүрүп жазууда анын бардык жагынан кемчиликсиз аткарылышына маани берилген. Кийинчерээк ал башка диний тексттерди, илимий эмгектерди, адабий чыгармаларды көчүрүп жазууда да кеңири колдонулган.



Дубайдагы Келечек музейи.
Имараттын бүт бети араб каллиграфиясы менен кооздолгон

Каллиграфия мечиттерди, имараттарды, буюмдарды, килемдерди, кездемелерди кооздоодо да пайдаланылган. Көптөгөн каллиграфиялык стилдер бар, алардын ичинен кеңири тараганы – Насх стили. Каллиграфиянын архитектурада колдонулган өзгөчөлүктөрүнүн бири – Куран аяттарынын арабескалар менен айкалыштырылып берилишинде (Кыргызстандын аймагындагы Манастын күмбөзү).

**Мусулман адабияты жана көркөм адабият.**

Ислам адабияты термини араб тилинде аль-адабу-аль-исламий деп аталып, жалпы ислам дүйнөсүнүн адабиятын түшүндүрөт. Башкача айтканда, ал – бириктирилген диний жана интеллектуалдык белгилерге ээ сөз каражаттарынан курулган чыгармачылыктын түрү.

Мусулман адабиятынын башаты болуп Куран саналат. Куран Кудайдын сөзү катары адамдар тарабынан жаратылган адабият менен салыштырылып каралбайт. Бирок ошол эле учурда ал жеткиликтүүлүктүн туу чокусу, идеалы катары эсептелинет. Ал адамдарды дайыма кызыктырып, шыктандырып келген.

Курандан тышкары хадистерди да мусулман диний адабиятынын чыгармалары катары кароого болот.

Мусулман көркөм адабияты төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ:

Кудайга болгон бекем ишенимди чагылдыруу; → адамдын жазмыштын сыноолоруна чыдоосун жана чыгармачыл дараметин ачып берүү; → адамдын жакшылык жасоого умтулган мыкты сапаттарын даңазалоо.

Ислам дүйнөсүнүн поэзиясы жанрдык жактан көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Анын маанилүү бөлүгү сүрөттөөлөрдөгү көркөм каражаттардын чеберчилик менен колдонулушунда. «Касида» жанры бүтүндөй ислам дүйнөсүндө кеңири тараган поэтикалык форма болуп калган. Андан сырткары кыта, масневи, рубаи, газели жанрлары да кеңири таркаган.

Мусулман-Чыгыш поэзиясынын бир катар көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгында суфизмдин таасири ачык байкалат. Руми, Ясави, Суфи Аллаяр, Юнус Эмре, Навои, Жами, Саади сыяктуу көрүнүктүү акындар өздөрү да суфийлер болушкан.

Мусулман дүйнөсүндө перс, түрк тилдери да адабияттын тили болгон. Ислам дүйнөсүнүн акындары дүйнөлүк адабияттын казынасына баа жеткис салымын кошушкан. Рудаки, Фирдоуси, Низами ж.б. акындар перс адабиятынын негиздөөчүлөрү болуп да саналышат.

Борбордук Азияга исламдын таркашы менен жергиликтүү түрк элдери да ислам дүйнөсүнө тартылган. Караханиддер мамлекетинин исламга өтүүсү түрк элдеринин тарыхына гана эмес, бүтүндөй ислам тарыхына таасир берген. Бул процесс орто кылымдарда Борбордук Азиянын ислам дүйнөсүнүн маанилүү борборлорунун бирине айлануусуна алып келген.

**Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн ислам дүйнөсүндө театр искусствосу түзүлгөн эмес?**

Караханийлер мамлекетинде жашаган Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгари өз доорунун алдыңкы адамдарынан болушкан.

Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» чыгармасы бүткүл дүйнөлүк адабияттын баа жеткис мурасы болуп эсептелет. Анда каармандардын суроо-жооп аркылуу баарлашуусунун жүрүшүндө адамдык бийик сапаттар ыр түрүндө чагылдырылган. Чыгармада адилеттүүлүктү камсыздоочу насааттар да берилген. Көрүнүктүү окумуштуу Махмуд Кашгари «Диван лугат ат-Түрки» аттуу эмгегинде түрк тилдерин изилдеген. Бул инсандар эмгектерин түрк тилинде жазуу менен мусулман-түрк адабиятынын баштоочуларынан болуп калышкан.

Жалпылап айтканда, мусулман маданияты – дүйнөлүк маданияттын маанилүү ажырагыс бир бөлүгү. Ал дүйнөлүк маданиятты көркөмдүк жана мазмундук жактан кыйла байыткан. Мусулман дүйнөсүнө кошулган аймактардагы көптөгөн элдердин аралашуусунун жана жакындашуусунун натыйжасында бирдиктүү маданият калыптанган.

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ

- Арабеска – бул ...
- Миниатюра – бул ...
- Каллиграфия – бул ...
- Касида жанры – бул ...

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ислам архитектурасынын мүнөздүү белгилери кандай?
2. Сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү эмнеде?
3. Эмне себептен мусулман искусствосунда каллиграфия өнүккөн?
4. Ислам адабиятка кандай таасир берген?
5. Ислам поэзиясында кандай жанрлар өнүккөн?

# М А З М У Н У

Киришүү ........................................................................................................ 3

*I БӨЛҮМ.* **БУДДИЗМ**

§ 1. Буддизм жөнүндө түшүнүк ........................................................................ 5
§ 2. Буддизмдин негиздери ................................................................................ 11
§ 3. Буддизмдин негизги багыттары жана мектептери ...................................... 20
§ 4. Буддизм дининин Борбордук Азиянын жана
Кыргызстандын аймагына таралышы ........................................................... 26

*II БӨЛҮМ.* **ХРИСТИАНЧЫЛЫК**

**Христиан дини тууралуу жалпы түшүнүк**
§ 5. Христиан дининин пайда болушу жана жайылышы .................................. 32
§ 6. Христиан дининин окуусу жана китептери ................................................ 40
§ 7. Православие ................................................................................................ 46
§ 8. Католицизм ................................................................................................. 54
**Протестантизм**
§ 9. Протестантизмдин калыптанышы .............................................................. 62
§ 10. Протестантизмдин окуусу, негиздөөчүлөрү жана маданияты ............... 67
§ 11. Экуменизм кыймылы ................................................................................. 71

*III БӨЛҮМ.* **ИСЛАМ**

§ 12. Ислам дининин пайда болушу жана өнүгүшү .......................................... 76
§ 13. Ыйык Куран – мусулмандардын китеби ................................................... 81
§ 14. Сунна – Мухаммед пайгамбардын өрнөгү ............................................... 85

**Умма**
§ 15. Умма – мусулмандардын бирдиктүү коому .............................................. 90
§ 16. Ислам укуктук ченемдери .......................................................................... 94
§ 17. Исламдагы негизги окуулар ....................................................................... 98
§ 18. Исламдын негиздери .................................................................................. 102

§ 19. Ислам жана коом ........................................ 106
§ 20. Исламдагы үй-бүлө ........................................ 113

**Ислам дининдеги баалуулуктар**

§ 21. Ислам жана адеп-ахлак ........................................ 118
§ 22. Ислам жана каада-салттар ........................................ 123

**Исламдагы багыттар**

§ 23. Ислам дининдеги негизги багыттар ........................................ 129
§ 24. Суфизм жана ваххабизм ........................................ 133
§ 25. Исламдагы диний-укуктук мектептер ........................................ 140
§ 26. Мусулман ренессансы. Исламдагы илим жана билим берүү ................ 145
§ 27. Мусулман маданияты жана искусствосу ........................................ 152

Бектемирова А.К., Карасартова Ч.Ж., Жумабаев М.Э.,
Бекбоева А.К., Иманкулов М.К. (*автордук топтун жетекчиси*)

# ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

8-КЛАСС

*Жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китеби*

Редактор *Ш. Керимова*
Техникалык редактор *Н. Женалиева*
Корректорлор: *Д. Эстебесова, Ж. Арыкова*
Мукабасын жасалгалаган *К. Эшенкулов*
Компьютердик калыпка салган *А. Абдыкалыкова*

Басууга 2024-жылдын 15-майында кол коюлду.
Форматы 60x90$^{1}/_{16}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 10,0 физ. басма табак.
Нускасы 7765. Буйрутма № 138.

«Учкун» ААКнын басмага даярдоо бөлүмү тарабынан басууга даярдалды.

«Учкун» ААКнын басмаканасында басылды.
720031. Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24